Чыгармаларды окутуп-үйрөтүүдө алардын мазмунун жеткирүү, талдоо, баалоо окуучуну канааттандыргандай болуп, кийинки жаңы окуу ишмердүүлүктөрдүн калыптанышына таяныч билим катары кызмат кылгандай болуусу керек.

**Кыргыз адабиятын окуп үйрөнүүдө ички шыктандырууну калыптандыруунун жолдору:**

- чыгармалардын түп нускалары менен тааныштыруу;
- чыгармалар боюнча тартылган фильмдерди көрсөтүү, аудио жазууларды угузуу, иллюстрациялар менен иштөө;
- проблемалык кырдаалдарды түзүү;
- стандарттык эмес ыкмаларды колдонуу аркылуу чыгармачылыкты жана логикалык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү;
- чыгармачылыкка кызыктыруунун элементтери менен иштөө: эсселер, дил баяндар, аңгемелер, ырлар ж.б.

- кооптонууну, эригүүнү жаратпастан, таанып-билүүгө шарт түзүлүшү керек; кайтарым байланыш өз убагында болушу керек;
- окуучулардын жакшы жактарын белгилөө керек. негативдүү кайтарым байланыш өтө конкреттүү болуп, окуучуга эмес, иштин мүчүлүш жактарына багытталууга тийиш;
- кемчиликтер элдин көзүнчө айтылбоого, кемсинткен сөздөр колдонулбоого тийиш.

Кыргыз адабияты сабактарында белгиленген компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда натыйжалуу окуу технологиясы жетектөөчү технология болуп эсептелет. Технология текст менен иштөөнүн үч этабын киргизет, бул этаптар окурмандык ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөчөлүгүнө негизделген.

**I этап. Текстти окууга чейинки иш.**

**Актуалдаштыруу. Антиципация** (алдын ала кубануу, окула турган текстти божомолдоо). Тексттин маанилик, тематикалык, эмоционалдык багытын аныктоо, чыгарманын аталышына, автордун атына, орчундуу сөздөргө карап, тексттен мурунку келген иллюстрация менен таанышып, окурмандык тажрыйбага таянып, окула элек чыгарманын каармандарын бөлүп көрсөтүү.

Сабактын максаттарын коюуда окуучунун ишке жалпы даярдыгын (окутуучу, кызыктыруучу, эмоционалдык, психологиялык) эске алуу.

**II этап. Текстти окуу учурундагы иш. Окуу процесси.**

- Текстти алгачкы окуу. Мазмуну боюнча жалпысынан маектешүү. Алгачкы кабыл алууну аныктоо, алгачкы таасирленүүнү белгилөө. *Текстти кайрадан окуп чыгуу.* Шашпай “ойлонуп” кайталап окуу.
- Текстти анализдөө.Текстти кабыл алуу менен анын анализдөөнүн арасындагы ажырымды жеңүү.

**III этап. Текстти окугандан кийинки иш. Кийинки окуу.**

- **Интерпретациялоо. Текст боюнча концептуалдуу (маанилик) маек.**Тексттин негизги идеясын жана анын башкы маанилеринин кошулушун аныктоо.Ойлонуу, өздөштүргөндөрүн текшерүү, окуганы боюнча сүйлөшүү.
- Чыгарманы баалоо. Окуганын практикалык ишмердүүлүктө колдонуу. Окуучулардын адабий чыгармачылыгы.

## МУГАЛИМДЕРГЕ СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР:


1. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] Түзгөндөр: Шериев Ж., Муратов А. – Ф.: 1987

2. Акматалиев, А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил [Текст] А.Акматалиев. – Б.: 2010. – 940 б.

3. Алимбеков А. Мектеп окуучусунун этномаданий компетенциялары // Шоокум. – 2012. - №2. – 26-б.

4. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 219 б.

5. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. II китеп [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1991. – 310 б.

6. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 286 б.

7. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / К.Артыкбаев. – Б.:ТАС, 2004.

8. Байгазиев С. «Манасты» мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуу: абалы, проблемалары, милдеттери // Кутбилим, 2011, 21-июнь

9. Байгазиев С., Рысбаев С. Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар. – Б.: Мектеп, 1992.

10. Батаканова, С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. Монография [Текст] С.Батаканова. – Б.: 2010. – 286 б.

11. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын териялык жана практикалык маселелери [Текст] И.Б.Бекбоев.– Б.: Педагогика века, 2004. – 384 б.

12. Бекбоев, И.Б. Педагогикалык процесс: эски көрүнүштөр жана жаңыча көз караштар [Текст] / И.Б.Бекбоев. – Бишкек, 2005.

13. Измайлов, А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана [Текст] / А.Э.Измайлов. – М.:1991. – 400 с.

14. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176 б.

15. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 250 б.

16. Иманалиев, К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору: 9-10-класстар үчүн [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1966

17. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н. Ишекеев –Б.: 1994. – 387 б.

18. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги [Текст] Н.Ишекеев. – Б.: 2011 – 216 б.

19. Култаева Ү.Б Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методикасы [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: 2006. – 92 б.

20. Култаева Ү.Б. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: Айат, 2007. – 240 б.

21. Кыргыз адабияты: энциклопедия [Текст] // Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору. Башкы редактор: Ү.Асанов, жооптуу редактор: А.Акматалиев – Б.: 2004. – 408 б.

22. Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 томдук. 1-т. [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. — Б.: Шам, 2004. — 215-216-б.

23. Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: Башкы редактор Ү.Асанов, жооптуу редактор И.Бекбоев. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. – 340 б.

24.Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. [Текст]: I бас. – Ф.: «Кыргызстан», 1973. – 720 б.

25.Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы. 2-бас.[Текст] Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.

26.Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика – Б.: 2014. – 592 б.

27.Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп.[Текст]/ А.Муратов. – Б.: «Турар», 2011. – 604 б.

28.Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.

29.Муратов А. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / А.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков. – Б.: Айат, 2014. – 384 б.

30.Озмитель Е. К. Наследие классики и киргизская литература. – Ф.: Кыргызстан, 1980. – 256 б.

31.Оторбаев, Б. Көркөм чыгарманы мектепте талдоо [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: «Айат», 2015. – 168 б.

32.Рысбаев С.К. Кыргыз тили жана адабияты мугалимине жүз кеңеш: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 4-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 236 б.

33.Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 5-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2015. – 232 б.

34.Түлөгабылов, М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст]/ М.Түлөгабылов. – Б.: «Мектеп», 1991. – 272 б.

35.Турдугулов А. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу [Текст] / А.Турдугулов.. – Б.: Кыргызстан 1996. – 184 б.

36.Шейман Л.А. Основы методики преподавания русской литературы в киргизской школе. Пособие для учителей. – Ф.: Мектеп 1981. – 238с.

**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана**
**жана илим министрлиги**
**Кыргыз билим берүү академиясы**

**Башталгыч класстардын**

# ПРОГРАММАСЫ

## КЫРГЫЗ ТИЛИ, АДАБИЙ ОКУУ ЖАНА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУ

## МАТЕМАТИКА

## МЕКЕН ТААНУУ

**(1-4 кл.)**

*Кыргыз билим берүү академиясынын*
*Окумуштуулар кеңешинин чечими,*
*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим*
*Министрлигинин буйругу менен бекитилген*

**Бишкек-2018**

**Эне тили программасынын сабатка үйрөтүү жана кыргыз тилинин фонетика, грамматика, жазуу эрежелери бөлүмү п.и.д., профессор С. К. Рысбаев жана Бишкек шаарынын № 50 орто мектебинин мугалими С.Шаелдаева (4-класс), Адабий окуу, кеп өстүрүү бөлүмү п.и.к. А.Токтомаметов, ал эми класстан тышкаркы окуу бөлүмүн п.и.д., профессор С.К.Рысбаев, п.и.к. Б.А.Абдухамидова жана Бишкек шаарындагы №72 мектептин мугалими К.Ибрагимова, Математика бөлүмү п.и.д. И.Бекбоев, п.и.к. Н.Ибраева, Мекен таануу бөлүмү п.и.к. З. Мамбетова тарабынан түзүлдү.**

**Башталгыч класстардын программалары (1 - 4-кл).**

**© КББАнын «Билим» басма борбору, 2018**

# Эне тили
## 1-КЛАСС

### САБАТ АЧУУ ЖАНА КЕП ИШКЕРДҮҮЛҮГҮН ӨСТҮРҮҮ

**Жумасына —6, анын ичинде, сабат ачууга — 3, жазууга —3, окууга –1 саат бөлүнөт. Жыл бою–245 саат**

1-класста эне тилин окутуу сабат ачуу жана кеп ишкердүүлүгүн өстүрүү деп аталып, үч этапта жүргүзүлөт, алар: алиппеге чейинки, алиппе мезгили жана алиппеден кийинки мезгил деп мүнөздөлөт.

1. Алиппеге чейинки мезгилде негизги көңүл балдардын оозеки кебин өстүрүүтө арналат жана бүтүндөй иш-аракеттер оозеки түрдө жүргүзүлөт. Буюмдун атын айтып, же айтылганды туура угуп, аны туура кайталап айтуу менен, көрө билүүгө, уга билүүгө, туура айта билүүгө көнүктүрүлөт. Андыктан, максатка ылайык, бул этап: **КӨРӨБҮЗ, УГАБЫЗ, АЙТАБЫЗ** деген аталыш менен ачылат.

Мында китептен буюмдардын, нерселердин сүрөтүн көрүп, атын атоо, же мугалимдин айтканын угуп, кайталап туура айта билүү ишкердүүлүктөрү ишке ашырылат. Демек, бул учурдагы бардык иш-аракеттер баланын чөйрөнү таанып-билүү ишкердүүлүктөрүн өстүрүү максатын алдыга коёт. Ошону менен бирге жазууга колун көндүрүү көнүгүүлөрү менен коштолот.

Кеп ишкердүүлүктөрүнүн багыттары катары төмөндөгүдөй иш-аракеттер аткарылат.

**Угуу.** Алгачкы күндөрдөгү мугалимдердин сөзү бала үчүн багыт берүүчү, үйрөтүүчү жана калыптандыруучу негизги милдеттерди өзүнө алат. Ошондуктан баланын туура угуп кабыл алуусунун мааниси чоң. Балдар предметтердин атын, алардын кыймыл-аракеттеринин аталышын айтып жаткандагы добуштан жаралган тыбыштардын угулушун, ал тыбыштардын түрүн, окшоштуктарын салыштырышып кабыл алышат, тыбыштарды балдар канчалык туура угуп, туура кабыл алышса, алардын фонематикалык жактан өздөштүрүүсү, так, туура болору практикада белгилүү. Мындан сырткары, мугалимдин сүйлөө дикциясы, сөздөрдү муунга бөлүп айтуусу, үн кубултуп көрктүү сүйлөөсү зор мааниге ээ.

**Сүйлөө.** Сүйлөө ишкердүүлүгү угуу ишкердүүлүгүнөн кийинки практикалык этап. Ал эки багытта өнүгөт:

**а)** ***Маек кеби:*** Кептин бул түрү, адегенде, мугалим менен окуучунун ортосунда жүрөт. Анда предметтердин атын атап, алардын кайсы жерде турганын, *кандай,* канча экендигин жана эмне кылып жатканын суроо-жооп түрүндө талдап, таанып-билүү ишкер аракеттери жүргүзүлөт.

**б)** ***Монологдук кеп:*** Маек кеби балдардын өз алдынча сүйлөөсүнө даярдоо этабы болуп кызмат кылса, бул этапта окуучу айлана-чөйрөдөн көргөн-билгендерин, предметтик, сюжеттик сүрөттөрдү, тыбыштарды өз алдынча талдоо түрүндө жана шарттуу-графикалык ыкманы колдонуу менен оозеки айтып берүүгө көнүгүшөт.

Мында, мугалим окуучунун лексикалык корунун өсүшүнө оюн байланыштуу кылып жеткире айтып берүүсүнө өзгөчө көңүл бөлөт. Окуучулар эки, үч же андан көп сөздөрдөн сөз тизмектерин жана сүйлөмдөрдү түзүп сүйлөп беришет. Оозеки тексттердин көлөмү, сөз каражаттары, стилдик түзүлүшү, мазмуну окуу материалдарына жана балдардын жетишүүсүнө жараша күн санап байып отурат.

**2. Алиппе мезгили:** окуу, таануу, жазуу ишкердүүлүктөрдү өстүрүүчү жана

калыптандыруучу жумуштары жүргүзүлүүчү этап. Ал мезгилде буга чейинки жүргүзүлүп келген бүткүл иш-аракеттер өркүндөтүлөт жана ага окуу, жазуу иш-аракеттери кошулат.

Ошого ылайык бул этап максаттуу түрдө: **КӨРӨБҮЗ, УГАБЫЗ, АЙТАБЫЗ, ОКУЙБУЗ** жана **ЖАЗАБЫЗ** деген атоо менен ачылат жана ага ылайык комплекстүү таанып-билүү ишкердүүлүктөрүнө калыптандыруу башталат.

**АЛИППЕ МЕЗГИЛИНДЕ ОКУУЧУЛАР ЭЭ БОЛУУЧУ НЕГИЗГИ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР ЖАНА АЛАДЫН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ:**

– тыбыштын аталышын, анын артикуляциялык белгилерин, өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын таанып-билишет, үндүн узундугу боюнча талдап үйрөнүшөт;

– тыбышты таанып билүүгө берилген предметтик жана кырдаалдык сүрөттөр боюнча маек, монолог түрүндө оозеки сүйлөп беришет;

– тамгалардын графикалык белгилерин, алгачкы орфографиялык, орфоэпиялык эрежелерди, тамганы каллиграфиялык белгилерине ылайык туура жазууну, туура айтууну, тамга менен тамгалардын туура уланып жазылышын үйрөнүшөт. Сөздөрдүн муундарга бөлүнүшүн, алардын бирге же айрым-айрым жазылышын өздөштүрөт. Айтылган ой бүткөндө, ал сүйлөм болорун, атайын белги (чекит, суроо, илеп) коюларын билишет.

Жазуу ишин окуу иши менен айкалыштырышат. Окуучулар сабат ачуу ишин аң-сезимдүү түрдө сезип туюу менен ишке ашырышат, ой жүгүртүүлөрү да өсүп, ырааттуулукка салынат.

Эне тили аркылуу элдин духун кабыл алышат, муну менен катар, балдардын рухий тарбиясы калыптана баштайт.

Рухий тарбиянын башаты болгон – кеп маданияты, адеп тарбиясы, этномаданияты жана эстетикалык тарбиясы жолго коюлат.

Мындагы бүткүл окуу материалдары этномаданият таануучу жана этнопсихологиялык принциптин негизинде берилет. Тактап айтканда, эне тили аркылуу элдин рухун, салт-санаасын, адеп-ахлактык үлгү жүрүм-турум эреже нормаларын үйрөтүү көңүлдүн борборунда болот. Алар элдик накыл кептер, макал-лакап, жорго жана чечен сөздөр, ошондой эле балдардын курактык өзгөчөлүгүнө жараша түрдүү мазмундагы жана тематикадагы топтолгон тексттер менен коштолот.

Тыбыштардын берилиш тартиби тамгалардын жазылыш өзгөчөлүктөрүнө (оңой же татаал) эмес, алардын сөз түзүүчүлүгүнө (сөз түзүүчүлүк принциби) ылайык ырааттуулукта берилет. Тактап айтканда, үндүү, үнсүз тыбыштар айкаштырылып берилип, экинчи сабактан баштап эле балдар жаны сөз курап окуп жазууга үйрөнүүгө киришет. Бул учурдагы өздөштүрүү, билүү иш-аракеттери балдардын чөйрөсүнө, таанып-билүү иш-аракеттеринин жакындан – алыска, белгилүүдөн – белгисизге деген принциптүү багытка баш ийдирилет.

Окуу ишкердүүлүгү **– АЛИППЕ** мезгилиндеги аткарылуучу жана андан кийинки мезгилде өркүндөтүлүүчү негизги иш-аракеттердин бири. Ал үйрөнгөн тамгаларды жана тыбыштарды кураштырып кошуп, улап окуп, муундап, андан шар, ачык жана көрктүү, образдуу окуу менен ишке ашырылат.

Адегенде, тыбышты артикуляциясына жараша туура окуу, сөздү, сүйлөмдөрдү андан ары байланыштуу чакан текстти окуу менен улантылат.

Окуу иши окуу үчүн гана аткарылбайт, ал сүйлөө ишкердүүлүгү менен

бирдикте жүргүзүлөт. Себеби, бала сөздү, же текстти окуп коюу менен эле чектелбейт. Окуганын бала түшүнүүсү, андан кийин анын эмне жөнүндө экендигин үстүртен, кийин мазмунуна үнүлүп айтып беришет. Окууда тыбыштык талдоо-жыйноо методу колдонулат, анткени балдар бат эле шар, керктүү окуп кете алышпайт.

**ЖАЗУУ**: Жазуу ишкердигине ээ болуу–негизинен, эне тилин окутуудагы кеп ишкердигине ээ болуунун жыйынтыктоочу этабы. Жазуу иши өз алдынча методдор (даяр үлгү боюнча–жазуу, генетикалык методдор) жана принциптер (көрсөтмөлүүлүк, аң-сезимдүүлүк, кайталоочулук, аз-аздан татаалдануу, жеке өзгөчөлүктү эске алуу, мурдагы алган билимине таянуу, жана жазууну окуу менен бирдикте жүргүзүүчүлүк) боюнча жана да гигиеналык талаптарды эсепке алуу менен, оң жакка жантайтып жазуу деген эрежелерге таянып, илимий негизде жүргүзүлөт. Бардык учурда таза, сулуу жазуу көңүлдүн борборун ээлейт.

Сөздөрдү жазууда тамгаларды жаза билүүгө гана эмес, аларды таза жазуу, тамгалардын аралыктарын туура сактоо, бири-бирине туура улап кошуп жазуу, баш жана кичине тамгаларды өз эреже — өлчөмдөрүнө жараша туура тартып жазуу, алардын дептердеги сызыкка тикесинен жана туурасынан туура орун алуу, жайгашуу учурлары өзгөчө эске алынат. Мындан сырткары, заттардын аттары, алардын саны, сапаты туурасындагы маалыматтарды алып, буларды айырмалап жаза билүүгө да машыгышат. Сөздөрдү муундап окуу менен, муундарга бөлүп жазууну, окшош жана карама-каршы маанидеги синоним, антоним сөздөрдү салыштырып үйрөнүшөт.

Жазууда көчүрүп (китептен, кийинчерээк тактадан) жазуу, жыл аягына жакын угуп жазуу бири-бири менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Ал эми, балдар дептерге жазып колу жакшы көнүккөндөн кийин гана тактага жазууга жол берилет.

3. **Алиппеден кийинки мезгилде** буга чейин жүзөгө ашырылган иш-аракеттер андан ары улантылуу менен гана чектелбестен, аларга таянылып, төмөндөгүдөй эки багытта иш аткарылат:

а) окуу жана сөз өстүрүү, анын ичинде, баланын байланыштуу кебин жана кеп маданиятын калыптандыруу;

б) буга чейинки өздөштүрүлгөн фонетикалык-лексикалык жана грамматикалык материалдарды кайталап бекемдөө аркылуу, окууга, сүйлөөгө, жазууга машыгуу.

Окууга сунуш кылынуучу тексттердин мазмуну жака тематикасы, жанрлары алардын баланын айлана-чөйрөсүн чагылдырган жана мекен таануучулук мүнөздөгү тексттерден тышкары, төмөндөгүдөй багыттарда болушу мүмкүн:

1. Окуп, тилин жатыктыруу, кеп маданиятын калыптандыруу жана кебин өстүрүү максатын көздөгөн чакан ыр, ангеме, жаңылмач, калптар, уламыштар;

Окуучунун таанып билүүсүн, тапкычтыгын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү түркүн тексттер, табышмактар, ыр оюндар;

Адеп-ыйманга калыптандырууну көздөгөн накыл кептер (макал-лакаптар, учкул сөздөр);

Элдик оозеки чыгармалардан (эпостордон) үзүндүлөр; ж. б.

## ФОНЕТИКАЛЫК ЖАНА ГРАММАТИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАРДЫН БЕРИЛИШИ

**1. Фонетикалык материалдардын негизин кыргыз тилинин тыбыштык системасы түзөт. Алар, негизинен, мындайча:**

1. Үндүү тыбыштар, кыска үндүүлөр жана алардын графикалык белгилениши: Аа, Ээ(е), Ии, Оо, Өө, Уу, Үү, Ыы.

Созулма үндүүлөр жана алардын графикалык белгилениши: аа, оо, уу, ээ, өө, үү.

2. Үнсүз тыбыштар жана алардын графикалык белгилениши: жумшак үнсүздөр: Бб, Вв, Гг, Дд, Жж, Зз, Йй, Лл, Мм, Нн, ң, Рр.

Каткалаң үнсүздөр жана алардын графикалык белгилениши: Кк, (кы, ки), Пп, Сс, Тт, Фф, Цц, Хх, Чч, Шш, Щщ.

Тыбышсыз тамгалар *ь, ъ*

Йоттошкон тамгалар: е, ё, ю, я, (булар окууда эки тыбыштан турары, бирок бир тамга менен гана белгиленери түшүндүрүлөт жана өздөштүрүлөт).

Түгөйлүү тыбыштар жана алардын графикалык белгилери: б - п, в - ф, г-к, з-с, д-т, ж-ш сөз түзүүчүлүк жана сөз өзгөртүүчүлүк белгилерине жараша мисалдары менен бирдикте тааныштырылат жана машыктырылуучу көнүгүүлөр аркылуу бышыкталат.

Орус тилинен кирген (в, ф, х, ц, щ) тамгалары балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша топтолгон минимум сөздөрдө жолукканына жараша берилет.

Алиппеге чейинки мезгилде, балдар китеп менен иштөөгө көнүктүрүлө баштаганда тыбыштар шарттуу (үндүүлөр - кызыл түстөгү, үнсүздөр - көк түстөгү) белгилер менен белгиленип, айтылуусуна машыктырылат.

Алиппе мезгилинде тамгалар алфавиттеги катарына жараша эмес, сөз түзүү мүмкүнчүлүгүнө ылайык берилет.

**II жарым жыл**

Жумасына 3 сааттан, жарым жыл бою 52 саат.

Мунун ичинде: жаңы окуу материалдарын үйрөнүүгө жана практикада бекемдөөгө - 41 саат, чейректик кайталоолор үчүн - 4, жылдык жалпылоолор үчүн - 2 тамга, муун жана сөздүк, жылдык жатжазуулар үчүн - 5 саат бөлүнөт.

**III чейрек**

(январь, февраль, март, май айлары) - 31 саат.

Мунун ичинен - жаны окуу материалдарын өздөштүрүүгө жана практикада бекемдөөгө - 27 саат, чейректик кайталоого -2 саат, тамга, муун, сөздүк жатжазуулар үчүн - 2 саат бөлүнөт.

**Алфавит, тыбыш, тамга жана сөз**

Эне тилинин мааниси тууралуу аңгемелешүү (1 саат)

Кыргыз алфавити, андагы тамгалардын саны, катар-тартиби, үндүүлөр, үнсүздөр, йоттошкон тамгалар, алардын артикулияциялык белгилери, өзгөчөлүктөрү, айтылышындагы айырмачылыктар тууралуу жалпы түшүнүк берүү (2 саат).

Үндүү тыбыштар, алардын кыска жана созулма, жоон, ичке болуп айтылышы, бөлүнүшү. Алардын белгилери, сөз жасоодогу ролу (4 саат).

Үнсүз тыбыштар, алардын үндүүлөрдөн айырмасы, үнсүздөрдүн жумшак, уяң жана каткалаң болуу белгилери (4 саат).

Йоттошкон тамгалар, алардын айтылыш жана жазылыш өзгөчөлүктөрү (2 саат).

Тыбыштардын тамгалар менен белгилениши. Тамгалардын баш тамга жана кичине тамга болуу белгилери, алардын жазылыш өзгөчөлүктөрү. Буларды жазып машыгуу (1 саат).

Тыбыштардан сөздөрдүн жасалышы тууралуу түшүнүк берүү (1 саат).

Сөз деген эмне? Сөздөрдүн муунга бөлүнүп айтылышы. Сөздөрдү муунга

бөлүүдөгү үндүүлөрдүн ролу. Муундук таблица менен иштөө (3 саат).

Бир маанини түшүндүргөн сөздөр (1 саат).

Бир нече маанини түшүндүргөн сөздөр (2 саат).

Каршы маанини түшүндүргөн сөздөр (2 саат).

Окшош маанилүү сөздөр (2 саат)

***Эскертүү*** бул аталган сааттар астраномиялык сааттар болуп саналат. Мугалим календардык планды түзүүдө майрамдарга ылайык сааттардын санын тактап алуусу ыктымал.

**IV чейрек**

Жумасына 3 сааттан. Чейрек боюнча 21 саат

***Мунун ичинде:*** жаңы материалдарды өздөштүрүүгө жана практикада бышыктоого - 14 саат, чейректик кайталоого жана жылдык жалпылоого, кайталоого - 4 саат, муундук жана сөздүк жат жазууларды жүргүзүүгө — 4 саат бөлүнөт.

**Сүйлөм жана сүйлөө маданияты**

Бүткөн ойдун сүйлөм аркылуу берилиши (2 саат)

Сүйлөмдүн сөздөрдөн түзүлүшү (2 саат.)

Сүйлөм ичинде *ким?* деген суроого жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси (1 саат).

Сүйлөм ичинде **эмне?** деген суроого жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси (1 саат).

Сүйлөмдө **кандай?** деген суроого берген сөздөр, алардын кептеги мааниси (1 саат).

Сүйлөмдө **канча? нече?** деген суроолорго жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси (1 саат).

Сүйлөмдө **эмне кылды? эмне кылып жатат?** деген суроолорго жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси (3 саат).

Улуу-кичүүгө сылык түрдө кантип кайрылуу керектиги тууралуу ангемелешүү жана анын сөз каражаттары тууралуу түшүнүк берүү, жазып-сүйлөп машыгуу (1 саат).

Сылык учурашуу жана анын каражаттары тууралуу түшүнүк берүү, жазып-сүйлөп машыктыруу (1 саат).

Сылык таанышууга үйрөтүү, жазып-сүйлөп машыгуу (1 саат)

Сылык кечирим суроого үйрөтүү, жазып-сүйлөп машыгуу (1 саат).

Буюмду сылык сурап алууга үйрөтүү, жазып-сүйлөп машыгуу (1 саат).

Сылык маектешүүгө үйрөтүү, жазып-сүйлөп машыгуу (1 саат). Сылык мамиле кылууга үйрөтүү жазып-сүйлөп машыгуу

(1 саат).

Эне тилде таза, көркөм сүйлөөгө үйрөтүү, жазып-сүйлөп машыгуу (1 саат).

**Кеп маданияты:** Жыл аягында окуучулардын кебинин так, түшүнүктүү, логикалуу, орундуу, көркөм, эмоционалдуу жана болуусуна, тыбыштарды артикуляциялык белгилерине жараша туура айтып машыгуусуна жетишүү кажет. Өз оюн оозеки жана жазуу түрүндө так, таза, орундуу билдире алуусу тийиш.

**Туура жазуу**: Тамгаларды эрежелерине жараша туура жазууга, туура улап, ылдам жазууга, так, китептен же тактадан көчүрүп жазууга жана мугалимдин айтуусунда угуп жазуу машыгууларына ээ болуусу шарт.

**Жазуу өлчөмү:** Жыл аягында окуучуларга сунуш кылынган жазуу үчүн тексттердин көлөмү 40 сөздөн турат.

**2-КЛАСС**
**ФОНЕТИКА, ГРАММАТИКА, ЖАЗУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА КЕП ИШКЕРДҮҮЛҮГҮН ӨСТҮРҮҮ**

**(жумасына — 3 сааттан, жыл бою — 103 саат)**

1-класста өтүлгөндөр боюнча кайталоо, бышыктоо, билимдерин тереңдетүү (5 саат).

Биз сүйлөгөндө пайда болуучу тыбыштар жана аны жазууда белгилөөчү тамга жөнүндө билимин тереңдетүү. Кыргыз алфавити, баш жана кичине тамгаларын жазууда колдонулуш өзгөчөлүктөрү.

**Тыбыштардын бөлүнүшү:** үндүүлөр жана үнсүздөр. Үндүү тыбыштардын бөлүнүшү, жоон жана ичке үндүүлөр: үндүн узундугуна карай кыска жана созулма болушу, алардын графикалык белгилениши. Үнсүздөрдүн катышына карата жумшак жана каткалаң болуп айтылышы. Алардын мүнөздүү белгилери.

**Түгөйлүү үнсүздөр:** б–п, з–с, ж–ш, г–к, д–т, в–ф тыбыштарын туура айтуу жана жазуу. Орус тилинен кирген йоттошкон тамгалар, алардын жазылышы, в, ф, х, ц, щ тамгалары. Тыбыш бербөөчү ь, ъ тамгалары (15 саат).

**Муун жөнүндө түшүнүк:** Сөздөрдүн муунга бөлүнүп айтылуу ыргагы, эрежелери. Муундун түзүлүшү, түрлөрү (ачык, жабык, туюк муун), алардын мүнөздүү белгилери. Сөздердү ташымалдап жазуу, ташымалдоонун жолдору (14 саат).

Заттардын (адамдардын, нерселердин) аттары сөз менен айтылары, жандуу заттарды **ким?** жансыз заттарды **эмне?** деген суроо менен сурап биле тургандыгы. Алардын турган абалы, кыймыл-аракеттери. Эмне кылып жатат? Эмне кылды? **Эмне кылат?** деген суроого жооп берген сөздөр. Заттардын өңү, түсү, формасы, даамы, аларды билдирген сөздөр (25 саат).

Бирдиктүү бүткөн ойду айтып билдирүү. Анын сүйлөм аркылуу берилиши. Айтылган ойдун сүйлөм болуу касиети (андагы бүткөн бирдиктүү ой жана бүткөн интонация). Сүйлөмдүн айтылуу кыраааты (интонациясы), айтылуу максатына жараша жай, суроолуу, буйрук түрүндө айтылышы. Буйрук жана чакырык катары айтылган сүйлөмдөр. Булардын тыныш белгилери.

Сүйлөм мүчөлөрү. Сүйлөмдө ойдун негизин ээлеген сөз – **ээ**, анын ар кандай абалын, кыймыл-аракетин билдирген сөздүн баяндооч болушу (27 саат).

**Окуучулардын кебине жана практикалык машыгууларына коюлуучу талаптар же окуучулар ээ боло турган компетенттүүлүктөр**

**Байланыштуу кеп:** Мазмуну бири-бирин толуктап, логикалык бүтүндүктө болгон сүйлөм топтомдорунун текст болушу. Тексттин мазмунун, тематикасын (эмгек, тынчтык, жаратылыш, достук, окуу, үй-бүлө, маданият чөйрөсү, эс алуу... ж.б.) түшүнө билүү, ага ат коё алуу. Тексттин бөлүктөрү: башталышы, негизги бөлүгү, жыйынтыгы. Өз оюн баяндап айтуу, нерсени, жаратылыштын көрүнүштөрүн (кыш, жаз, жай, күз ж.б.) сүрөттөп сүйлөө, бир нерсе тууралуу ой жүгүртүп айта билүү.

**Кеп маданияты:** Тыбыштарды, алардын кептеги айкалыштарын даана, так, бузбай айтуу, сөздөрдү үн ыргагына жараша туура айтып, таза,

логикалуу сүйлөө, сүйлөмдү, тексттерди шар, көрктүү, сезимдүү окууга жетишүү.

**Туура жазуу:** Баш жана кичине тамгаларды өз эреже - элементине ылайык жазуу, тамгаларды бири-бирине туура жалгап, туура ташымалдап, ылдам жазууга жатыгуу.

**Окуу сааттарынын бөлүштүрүлүшү**

Окуу материалдарын өздөштүрүүгө — 81 саат, жазуу, талдоо иштерине – 12 саат, кайталоо, бышыктоо үчүн –12 саат.

## 3-КЛАСС

2-класста өтүлгөндөрдү эске түшүрүп кайталоо, бышыктоо, алган билимдерин терендетүү. Сездөрдүн айтылуу ыргагы, алардын муундарга бөлүнүп айтылышы, муунга ажыратуунун эрежелери, муундун түзүлүшү, түрлөрү, сөздөрдү ташымалдоо (9 саат).

**Сөздүн бөлүктөрү:** анын негизги бөлүгү–унгу, ага жалганып, маанисин же формасын өзгөрткөн мүчөлөр. Уңгулаш сөздөр (5 саат). Созулма үндүүлөрдүн, сөз ичинде катар келген үнсүздөрдүн (тт, нн, сс, ж. б.), йоттошкон тамгалардын жазылышы. Айтылышы жана жазылышы айырмаланган сөздөр (аччы – ашчы, ак уй – агуй, ак улак — агулак), алардын өзгөчөлүктөрү (7 саат).

**Зат атооч.** Заттардын (жандуу, жансыз) аттарын билдирген сөздөр. Заттын (жалгыз) жекелик жана (көп экендиги) көптүк саны. Энчиленип коюлган (адамга жана айбандарга) аттар жана заттардын жалпыланган аттары. Зат атооч сөздөрүнө мүчөлөрдүн уланышы, алардын жөндөлүшү. Атооч, илик, барыш, табыш, ' жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү, алардын кептеги маанилери, суроолору жана мүнөздүү мүчөлөрү (18 саат).

**Сын атооч.** Сын атоочтун заттын түрдүү абалын, сын-сыпатын, өңү-түсүн, формасын, даамын, көлөмүн билдириши. Сын атоочко кандай? деген суроонун коюлушу. Сын атоочтун кептеги ролу.

**Сын атооч** сөздөрүнүн зат атооч сөздөрү менен айкалышып айтылышы. Заттын сынын жайынча, салыштырып жана күчөтүп билдирүүчү сөздөр, алардын жазылышы (10 саат).

**Сан атооч.** Сан атооч сөздөрүнүн заттын санын санап жана катар иретин билдирүүсү. Анын кептеги мааниси. Коюлуучу **канча? нече? канчанчы? неченчи?** деген суроолору. Сан атооч, зат атооч жана сын атооч сөздөрүнүн айкашып айтылышы. (9 саат).

**Ат атооч** жөнүндө түшүнүк, анын өзгөчөлүгү. Ат атооч сөздөрүнүн кепте зат атоочту алмаштырып, ордуна колдонулушу. Ат атоочтун зат атооч менен бирге айкашып айтылышы, жөндөлүш өзгөчөлүгү (6 саат). Зат, сын, сан, ат атооч сөздөрүн байланыштырган каражаттар–байламталар, алар менен түзүлгөн сөз айкаштары (3 саат).

**Этиш:** Этиш сөздөрүнүн заттын кыймыл-аракетин билдириши, ага карата коюлган **эмне кылды? эмне кылат? эмне кылып жатат?** деген суроолору. Этиштин зат атооч жана башка атооч сөздөрү менен айкалышып келиши, ошого ылайык анын көптүк жана жекелик түрдө өзгөрүп айтылышы. Жөнөкөй жана татаал этиштер, алардын жазылышы (6 саат).

**Сөз тизмеги:** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышы: зат + этиш, сан + зат, сын + зат, сан + зат + сын, сан + зат + этиш түрүндө айкалышкан сөздөр. Аларга коюлуучу суроолор (3 саат).

**Сүйлөм:** Сүйлөм болуу белгилери, бирдиктүү ой жана бүтүн интонация. Сүйлөмдүн айтылыш маанисине жараша бөлүнүшү: жайынча, суроо, буйрук,

чакырык иретинде айтылган сүйлөмдөр. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр. Сүйлөмдөрдө ээ менен баяндоочтордон тышкары айкындооч мүчөлөрдүн болушу жөнүндө маалымат (12 саат).

Байланыштуу сүйлөөгө машыгуу, көнүгүү сабактары (5 саат).

**Окуучулардын кебине жана практикалык машыгууларына коюлуучу талаптар же окуучулар ээ боло турган компетенттүүлүктөр:**

**1. Байланыштуу кеп:** өтүлгөн темаларга ылайык өз алдыларынча сүйлөм түзө алуу: сөз менен сөз айкашынын, сөз айкашы менен сүйлөмдүн айырмасын ажырата билүү, өз оюн байланыштуу текст аркылуу баяндап, сүрөттөп, ой жүгүртүп билдире алуу. Окуган тексттин эмне жөнүндө экендигин түшүндүрүп, ага ат коё алуу. Тексттин башталышын, негизги бөлүгүн жана аякталышын түшүндүрө билүү. Сүрөт боюнча өз алдынча ангеме түзө алуу, ага ат коюу. Жакын адамына кыскача кат жаза билүү.

**Иш кагаздары:** Жакын адамын майрамы, туулган күнү менен куттуктоо, чакыруу түрүндө кат жаза алуу.

**Кеп маданияты:** Сөздү жана сөз айкаштарын так окуп, сүйлөмдөгү ойдун мазмунуна жараша кыраатына карай туура айта алуу. Ыр жана кара сөз түрүндөгү тексттердин ыргагына жараша окуу техникасына ээ болуу. Каармандардын кебин туура, образдуу окуй билүү.

**Окуу сааттарынын бөлүштүрүлүшү:**

Окуу материалдарын өздөштүрүү үчүн – 84 саат, жазуу, талдоо иштери үчүн–12 саат, кайталоо, бышыктоо жумуштары үчүн – 9 саат.

## 4-КЛАСС

**(жумасына — 3 сааттан, жыл бою — 103 саат)**

**Байланыштуу кеп, фонетика, грамматика жана жазуу эрежелери.**

**1—3-класста өтүлгөндөрдү кайталоо**

**Тил. Кеп. Текст.**

**1. Тил жана кеп жөнүндө маалымат.** Текст жөнүндө түшүнүк. Текстке ат коюу. Текстке план түзүү. Текстин түрлөрү. (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү.) (5 саат.)

**2. Сүйлөм жана сөз айкашы.** Сүйлөм мүчөлөрү. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөм. Жай сүйлөм. Суроолуу сүйлөм. Илептүү сүйлөм. Буйрук сүйлөм. Жалаң жана жайылма сүйлөм. Төл жана бөтөн сөз. Алардын турмушта колдонулушу. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүү. (12 саат.)

## СӨЗ. ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА

**Үндүү жана үнсүз тыбыштар.** Үндүү тыбыштар. Кыска жана созулма үндүүлөр. Жумшак жана каткалаң үнсүздөр. Түгөйлөш үнсүздөр (6 саат).

**Алфавит.** Баш тамга. Йоттошкон тамгалар. Айрым үнсүздөрдүн айтылышы жана жазылышы. Ичкертүү жана ажыратуу белгиси. Муун жана ташымал (10 саат).

**Сөздүн (түзүлүшү) курамы**. Унгу жана мүчө. Сөз жасоочу мүчөлөр. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр. Унгу сөздүн аяккы тыбышына карата мүчөнүн башкы тыбышынын өзгөрүлүшү (4 саат). Сөздүн түрлөрү. Уңгулаш сөздөр. Жөнөкөй жана татаал сөздөр. Кош сөздер. Кошмок сөздөр. Кыскартылган сөздөр. Синонимдер жана антонимдер. Аларды кепте туура колдонуу (7 саат).

## СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

**Зат атооч.** Зат атооч сөз түркүмүнүн мааниси. Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү. Зат атоочтун жөндөлүшү. Аягы б, в, г, д тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү. Орус тили аркылуу кирген кээ бир сөздөрдүн жөндөлүшү.

Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор жана алардын жазылышы, жөндөлүшү. Зат атоочтун кепте колдонулушу (10 саат).

**Этиш.** Этиштин чактары. Келер чак. Учур чак. Өткөн чак. Алардын кептеги ролу (5 саат).

3. **Сын атооч.** Сапаттык сын. Катыштык сан. Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор. Сын атоочтун жазылышы. Сын атоочтун кепеги ролу (7 саат).

4. **Сан атооч**. Эсептик сак. Иреттик сан. Сан атооч сөздөрдүн жазылышы (5 саат).

5. **Ат атооч.** Жактама ат атооч. Жактама ат атоочтун жөндөлүшү. Зат атооч сөздөрдүн жакталышы. Этиштин жакталышы. Аларды кепте туура колдонуу (8 саат).

6. **Тактооч.** Тактоочтун башка сөз түркүмүнөн айырмасы. Тактоочтун жазылышы (4 саат).

7. **Сырдык сөздөр.** Анын кептеги ролу (1 саат).

8. **Тууранды сөздөр.** Анын кептеги ролу (2 саат).

9. **Иш кагаздары:** кулактандыруу, чакыруу, куттуктоо, кат.

10. **Жыл боюнча кайталоолор** (8 саат). Жазуу, талдоо иштери–12 саат. Окуу материалдарын өздөштүрүү — 83 саат.

**Окуучулардын кебине жана практикалык машыгууларына коюлуучу талаптар же окуучулар ээ боло турган компетенттүүлүктөр:**

– китеп менен өз алдынча иштей билүүгө, анын суроо-тапшырмаларын толук аткара алууга жетиштүү;

– көнүгүүлөр, салыштыруулар, таяныч белгилер, схемалар аркылуу жыйынтык, эреже чыгара билүү ыктарына ээ болуу;

– эрежелерди түшүнүп үйрөнүү, ага карата машыгуу иштерин өз алдынча жүргүзө алууга жетиштүү;

– тил, кеп, тексттин өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү;

– текст менен сүйлөмдөрдүн айырмасын билип колдонуу;

– чакан текст түзө билүү, ага ат коюу, анын башталышын, негизги жана аяктоо бөлүктөрүн ажырата алуу;

– текстке план түзүүнү жана аны бир сүйлөм менен түшүндүрүүнү үйрөнүү;

– текст менен иштөөдө кыргыз тилинин жазуу эрежелерин туура колдоно алууга жетишүү;

– тексттин башталыш маанисине карай улантып, кенейтип жазууну, толук маанидеги текстти кыскартып, өзгөртүп жазууну өздөштүрүү;

– тыбыш менен тамгалардын байланыштарын, айырмачылыктарын, бөлүнүштөрүн жана алардын алфавиттеги ордун билүү менен, сөздөргө тыбыштык-тамга талдоосун жүргүзүүнү билүү;

– сөз менен сөз айкашы, сөз айкашы менен сүйлөмдү ажырата алуу;

– сүйлөмдөрдүн айтылышына карай жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөр болуп бөлүнүшүн айырмалып, талдоо жүргүзө алуу;

– сүйлөм мүчөлөрүн (ээ, баяндооч, айкындооч) жана сүйлөм дөрдүн түзүлүштөрүн (жөнөкөй, татаал) аныктай билүү, ага карата талдоолорду жүргүзүүнү өздөштүрүү;

– муун менен ташымалдын байланышын, айырмачылыктарын билип, жазуу штеринде туура колдонуу;

– сөз түркүмдөрү боюнча талдоону өдөштүрүп, алардын өз ара байланыштарын, бөтөнчөлүктөрүн билүү;

– түшүнүүгө жеңил макал-лакаптардын мазмунун түшүндүрүү менен кеңейтип чакан

текст жазууну үйрөнүү;
– өзүн-өзү текшерүү көндүмдөрүнө ээ болуу;
– кээ бир сөздөрдүн айтылышы менен жазылышындагы айырмачылыктарды, орус тилинен кирген айрым сөздөрдү жазуу иштеринде туура колдонуу;
– көчүрүп жазуу иштерин катасыз, таза жазуунун эрежелерин сактап аткарууга жана 70-80 сөздөн турган текстерди угуп жазууга үйрөнүү;
– иш кагаздарынын үлгүлөрүн (чакыруу, билдирүү, кат, куттуктоо) жаза билүү.

## АДАБИЙ ОКУУ ЖАНА КЕП ӨСТҮРҮҮ

Адабий окуу сабатка үйрөтүүнүн түздөн-түз уландысы гана эмес, аны менен тыгыз байланышта, биримдикте жүргүзүлөт. Анткени сабат ачуунун алгачкы күнүнөн баштап, окуучулар түрдүү тексттерди угушуп, алар боюнча ангемелешип, суроолорго жооп беришип, ага карата өздөрүнүн мамилелерин тиешелүү денгээлде билдиришип, андагы айрым сөздөр талдоого алынат. Алипгеден кийинки мезгил окуучулардын окуу билгичтиктерин бекемдөөгө багыт алуу менен, андан ары окуунун машыккандыктарын кадыптандыруу, б. а. адабий окуу башталат.

Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү денгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат. Окуу предметинин адабий окуу деп аталышы да мына ушуга негизделет б. а. окуу предмети мурдагыдан айырмаланып, анын адабийлүүлүгү күчөтүлмөкчү. Анткени, ар кандай чыгарманы кабыл алуу – бул биргелешкен чыгармачылык, автор менен окурмандын биргелешкен чыгармачылыгы (М. М. Бахтин), ал эми сабак процессинде талдоого алуу — мугалим менен окуучунун биргелешкен орток чыгармачылыгы (Г. Н. Кудина) болсо, образдарды, каармандарды үлгүсүз кабыл алуу (айрыкча, жомокторду оозеки угууда) чыгармачылык (Л. С. Выготский). Буга чейинки окуу программаларында окуучулардын адабий чыгармачылыгында анчалык маани берилбеген, окуу деген терминдин баштапкы мааниси менен гана чектелип калган.

Экинчиден, адабий окууда таанып-билүү мүнөзүндөгү тексттердин үлүшү кыскарып, дээрлик көркөм тексттер түзөт. Анткени, бул окуу предметинин негизин идеялык-тематикалык принцип эмес, *чыгарманын көркөмдүк-эстетикалык* ***баалуулук*** *принциби* түзүп, тематикалык, жанрдык, автордук, мезгилдик, хронологиялык бөлүштүрүүлөр сакталат.

Негизги принцип төмөнкүдөй **критерийлер** менен коштолот:
1. Окуучулардын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн эске алынышы;
2. Текстти кабыл алуудагы мыйзам ченемдүүлүктөрдүн сакталышы;
3. Материалдын тилинин окуучулар үчүн жеткиликтүүлүгү, түшүнүктүүлүгү:
4. Окуу материалынын улуттук духту тарбиялоого жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алууга багытталгандыгы;
5. Окуучулардын ишмердүүлүктөрүн калыптандырууга багытталгандык;

6. Окуучу менен мугалимдин, автор менен окурмандын кызматташтыгына таянуу;
7. Буга ылайык ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонууга, өзгөртүп түзүүгө ийкемдүүлүгү.

Тематикалык бөлүштүрүү башкаларга салыштырмалуу кенири колдонулат. Анткени чыгармалар, негизинен, тематикалык жактан топтоштурулат.

Жанрдык бөлүштүрүү мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө карай аны тереңирээк өздөштүрүү үчүн колдонулат. Ошондуктан, аталган бөлүштүрүүгө таянып, бир жанрдагы чыгармаларды бир жерге топтоп салуу туура болбойт. Бул айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнө тиешелүү. Маселен, жомок, макал-лакап, табышмак, жаңылмачтар. Алар окуу жылынын бардык мезгилинде окутулат. Ошондой эле бир учурда аларга атайын токтолуп, алардын өзгөчөлүктөрү үйрөнүлөт.

«Күлкү — ден соолуктун мүлкү» («Күлкү бар жерде өмүр бар»), «Сөз үйрөнүп алалы» («Тил – менин жан дүйнөм»), «Ойлонуп көрөлүк» («Ойлонолу, издейли»), «Менин чыгармам» деген бөлүмдөр боюнча да ушул ойду айтууга болот.

Автордук бөлүштүрүү улам классы жогорулаган сайын тереңдетилип, бир автордун чыгармалары бир гана жерден өтүлбөстөн, ылайыгына жараша башка жерлерде да кездеше берет.

Окуялардын мөөнөтүнө карай, чыгармадагы мезгилдик бөлүштүрүү сакталат. Бирок, практикада кеңири орун алып жаткандай, көркөмдүк-эстетикалык баалуулугу эмес, чыгармадагы окуянын мезгили биринчи планга чыгышы, көнүлдүн борбору ошого топтолуп калышы туура болбойт.

Хронологиялык бөлүштүрүү, негизинен, ырааттуулукту сакташ үчүн ылайыгына жараша колдонулат.

**Биринчи класста** (сабат ачуудан кийин) окуу техникасына өзгөчө маани берилет. Анткени, шар, көркөм окууга жетишпей туруп, текстти сезимдүү окуу, түшүнүү кыйын. Ошондой эле бул мезгилде диалог түрүндөгү жана ролдоштуруп окууга ыңгайлуу чыгармалар кеңири колдонулат. Мындай чыгармалар биринчиден, окуучунун түшүнүүсүнө женил болсо, экинчиден, бул курактагы окуучунун инсандык сапаттарынын калыптанышы диалогдо, б. а. башкаларга карата айтылган сөздө жана башкалардын сөзүн кабыл алууда активдешет, башкалардын кеби аныш ички кебине айланат.

**Экинчи класста** мазмуну, формасы боюнча жөнөкөй чыгармалар орун алыл, элдик оозеки чыгармачылыктын жомок, табышмак, жаңылмач сыяктуу үлгүлөрүнө кенири орун берилет. Ал эми макал-лакаптар бардык класстарда кеңири колдонулат. Суроолорго тексттен жооп табуу, өз алдынча жооп берүү, окуган чыгармасындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүү, суроолорго карай айрым сөз каражаттарын таба билүү, чыгармаларды өз алдынча улантуу, тиешелүү денгээлде чыгарма жаратуу экинчи класста окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн өзөгүн түзөт.

**Үчүнчү класста** бул ишмердүүлүктөр андан ары улантылып, чыгарманын аты, сөз каражаттары менен иштөө тереңдетилип, тексттин түрлөрүн айырмалап, аны бөлүктөргө ажыратып, план түзүү. Окуялардын байланышын ача билүү, кептин түрлөрү, пикирлешүү маданияты боюнча иштөө, чыгарманы өзгөртүп түзүү өз алдынча чыгарма жаратуу ишке ашат. Окула турган чыгармалардын жанры кеңейип, мазмуну, формасы, тили улам татаалдашып, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү менен катар Республикабыздын Гимни жөнүндө, экологияга байланыштуу чыгармалар, тектеш жана чет элдердин балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү орун алат.

Ал эми төртүнчү класста Республикабыздын Герби, Конституция жөнүндөгү баяндар улантылып, көркөмдүк деңгээли, мазмуну терең чыгармалар орун алып, алар жанрдык өзгөчөлүктөрү боюнча баштапкы теориялык негизде окутулуп, текст менен иштөөдө таяныч сөздөрдү пайдалана билип, окуу-таанып билүү ишмердүүлүгү, чыгармага талдоо жасоо менен чыгарма жаратуунун байланышын ачуу, б. а. чыгарманы талдоодо алган билимдерин, билгичтиктерин, машыккандыктарын чыгарма жаратууда, ал эми чыгарма жаратууда, алган тажрыйбасын чыгарманы талдоодо пайдалануу ишке ашат.

**Төртүнчү класста** тексттеги кептин түрлөрү, пикирлешүү маданияты багытындагы иштер андан ары терендетилип, сөз өнөрүнө (жорго сөзгө, чечендикке, айтышка, төкмөлүккө) өзгөчө маани берилип, мындай чыгармалар жалаң, гана уктурулбастан, окуучулар менен аларды жаратуу багытында иш алынып барылат.

## 2-КЛАСС (жумасына 3 сааттан, жыл бою 103 саат)

### Окуунун тематикасы

**Берекелүү алтын күз.** (9 с.) Күз мезгилиндеги жаратылыш, эмгек, күзүндө болгон окуяларды чагылдырган чыгармалар.

**Туулган жердин топурагы–алтын.** (9 с.) Республикабыздын жаратылышы, элибиздин, жерибиздин байлыктары, шаар жана айыл жериндеги элдердин турмушу, кыргыз элине тиешелүү өзгөчөлүктөр жөнүндөгү ырлар, ангемелер, жомоктор.

**Менин жан досторум.** (12 с.) Окуучулардын жаныбарлар, жаратылыш менен болгон өз ара достуктары жөнүндөгү чыгармалар.

**Мына жаады аппак кар**. (10 с.) Кыш мезгили, анын андагы жаратылыш, эмгек, окуялар чагылдырылган чыгармалар.

Алтын балалык. (14 с.) Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, ылайык, кызыкчылыктарын, бүгүнкү турмушун кеңири чагылдырлган чыгармалар.

**Күлкү — ден соолуктун мулкү.** (4 с.) Күлкүлүү ырлар, аңгемелер, анекдоттор. Окуучулардын юмордук сезимдерин өстүрүүгө багытталган чыгармалар.

**Байчечекей гүл ачты.** (10 с.) Жаз, анын коoздугу, жаздагы өзгөрүүлөр, жаратылыш, эмгек, элдин, жан жаныбарлардын тиричилигине байланышкан көркөм чыгармалар.

**Апалардын майрамы**. (2 с.) Аялдардын эл аралык күнү — 8-Мартка, апаларга, эжелерге, кыздарга арналган чыгармалар.

**Нооруз–жаңынын башталышы.** (2 с). Элдик жаны жыл майрамы–Ноорузга байланышкан чыгармалар.

Тематикалар боюнча сааттарды бөлүштүрүү шарттуу, кайсы тематикага көбүрөөк же азыраак саат бөлүнөрүн билүү үчүн көрсөтүлдү.

**Ойлонуп көрөлүк.** (4 с.) Окуучуларды ойлонтууга, тапкычтыкка, ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө багытталган чыгармалар.

**Сөз үйрөнүп алалы.** (4 с.) Сейрек колдонулуп бара жаткан сөздөрдү түшүндүрмөлөп жазган чыгармалар (маселен, Т. Самудинов «Чаң баспасын сөздөрдү» ж. б.) о.э. окуучулар үчүн түшүнүксүз деп эсептелген сөздөр катышкан чыгармалар.

**Бабалардан калган сөз.** (12 с.) Элдик оозеки чыгармачылыктын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык үлгүлөрү.

**Менин чыгармам.** (4 с.) Ушул жаштагы балдардын чыгармалары сунуш кылынып, алар окуучуларды чыгарма жаратууга, шыктандырууга

багытталат.

**Тынчтык жана эмгектин майрамы.** (2 с.) Тилектештиктин эл аралык күнү–1-Майга, жаз майрамына, элдердин достугуна, биримдигине байланыштуу чыгармалар.

**Окуу жылынын аягында окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр:**

- Тааныш эмес текстти туура, сезимдүү түрдө тездеп окуп, бир минутада 45—50 сөздөн кем эмес окуу;

– окууда сүйлөмдүн аягына, ортосуна коюлган тыныш белгилерге ылайык интонацияны, тынымды сактай билүү;

– тексттин мазмунуна ылайык суроолорго жооп берүү, андан тиешелүү сүйлөмдөрдү таба билүү;

– мугалимдин жардамы менен текстти тиешелүү бөлүктөргө бөлүп, андагы негизги ойду аныктоо;

– текстти сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн маанилерин туура салыштыра билип, жаратылышты, каармандарды сүрөттөгөн сөздөрдү туура кабыл алып, тексттин мазмунун бузбастан баяндоо;

– каармандардын жасаган иштери, кулк-мүнөздөрүнө жана окуяларга тиешелүү деңгээлде баа берүү;

– ангеме, жомок, ыр, макал-лакаптарды жанрдык жактан айырмалоо;

– иллюстрациялардын маанисин түшүнө алуу, аларды тексттин мазмуну менен салыштыруу;

– башынан өткөргөн окуяларды оозеки түрдө ырааттуу, баяндап берүү;

– чакан, мазмуну жөнөкөй тексттерди пайдаланып, баяндама, жөнөкөй темалардын негизинде дилбаян жазуу;

– китептин атына, мазмунуна (оглавление) карай керектүүсүн тандап алуу.

**3-КЛАСС (жумасына 3 саттан, жыл бою 103 саат)**

**Жеңиш күнү.** (2 с.) 9-Майга карата чыгармалар. Жадыраган жайда. (3 с.) Жай мезгилине байланыштуу чыгармалар.3-класс (3 саат)

**Мекеним — алтын турагым.** (10 с.) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик белгилерине байланыштуу чыгармалар, анын Гимни. Мекенибиздин жаратылышын, калкын, элдин эмгегин даңктаган чыгармалар.

**Эр эмгегин жер жебейт.** (10 с.) Эмгек, анын жашоодогу маанисин, манызын, күз мезгилиндеги эмгекти чагылдырган чыгармалар.

**Жаратылышты коргоо.** Мекенди коргоо. (10 с.) Мекенибиздин жаратылышы, анын коoздугу, экологияга байланышкан чыгармалар.

**Өткөн турмуш элеси.** (6 с.) Элибиздин өткөндөгү турмушун, жашоо шартын, айрым улуу инсандардын тагдырын чагылдырган чыгармалар.

**Сыйкырдуу кыш.** (12 с.) Кыш мезгилиндеги өзгөчөлүктөр, жаратылыш, эмгек жөнүндөгү элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү, акын-жазуучулардын чыгармалары.

**Бабалардан калган сөз.** (14 с.) Элдик оозеки чыгармачылыктын окуучулардын курагына ылайык келген үлгүлөрү.

Кыргыз балдар акын-жазуучулары. (12 с.) Автордук бөлүштүрүүгө ылайык кыргыз балдар акын-жазуучулардын чыгармалары.

Мазмуну окшош тематикаларда окуучулардын билимине, билгичтиктерине, машыккандыктарына коюлуучу талаптарга ылайык 2-класска караганда 3-класста мазмуну тереңирээк, формасы, тили татаалыраак

чыгармалар тандалып алынат.

**Менин чыгармам.** (5 с.) Окуучулардын чыгарма жаратуусуна түрткү боло турган шарт түзүү көңүлдүн борборунда болот.

**Ата-энем—алтын бешигим.** (12 с.) Ата-энени урматтоого, аларга жардам берүүгө багытталган, алардын ыйыктыгы чагылдырылган чыгармалар.

**Гүл жыттанган бул учур.** (11 с.) Жаздын көркү, жаратылышы, андагы эмгек–элдик оозеки чыгармачылыкта, акын, жазуучулардын, драматургдардын чыгармалары.

**Жаздын көркү – майрамдар.** (6 с.) Аялдардын эл аралык күнү 8-Март, Нооруз, Эмгекчилердин тилектештигинин эл аралык күнү, Жаз майрамы–1-май, Жениш күнү – 9-майга байланыштуу чыгармалар.

**Тилим – менин жан дүйнөм.** (5 с.) Тилдин жашоодогу маанисин ачып берүүгө, тил үйрөнүүгө багытталган чыгармалар.!

**Алтын балалык.** (12 с.) Балалыктын ыракатын, окуучулардын турмушу, мүнөздөрү чагылдырылган чыгармалар.

**Боордош элдердин балдарга арналган чыгармалары.** (8 с.) Боордош элдердин балдар чыгармаларынын мыкты үлгүлөрү.

**Окуу жылынын аягында окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр:**

- Тааныш эмес текстти, көркөм, жетиштүү деңгээлде шар, бир минутада болжол менен 65—70 сөздөн ашык окуу;

– чыгарманын аты менен иштөө;

– кептин түрлөрүн айырмалап, алардын негизги өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

–тексттин мазмунуна ылайык интонацияны, логикалык басымды, тынымды, үндүн тонун туура сактай билүү;

– текстти, анын түрлөрүн аныктоо;

– текстти бөлүктөргө ажыратып, бөлүктөргө ат коюп, план түзүп, сүрөттөлгөн окуялардын байланышын андай билип, тексттеги негизги ойду аныктоо;

–иллюстрацияны пайдаланып, текст тууралуу ырааттуу сүйлөп берүү;

– каармандардын иш-аракетине, кылык-жоруктарына, иллюстрацияларга баа берип, аларды салыштыра билип, ага өзүнүн мамилесин билдире алуу;

– сөздөрдү адабий тилдин нормасына ылайык туура, сүйлөө, тексттен тиешелүү сөз тизмектерин, сүйлөмдөрдү, каармандардын мүнөздүү белгилерин, жаратылыштын кооздугун сүрөттөгөн сөз каражаттарын таба билүү;

– каармандарга мүнөздөмө берип, синонимдерди, образдуу сүрөттөөлөрдү тиешелүү деңгээлде өз алдынча колдоно билүү;

– текстти жанрдык жактан айырмалап, жөнөкөй негизги жанрдык өзгөчөлүктөрдү билүү;

– окуяларды тексттин мазмунуна ылайык оозеки түрдө ырааттуу баяндоо, 80—90 сөздөн турган текст боюнча баяндама, жөнөкөй темада дилбаян жазуу;

– түрдүү кырдаалдарда пикирлешүүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү;

– тексттеги атайылап түшүрүлүп коюлган сөздердүн, ырдагы саптардын ордун толуктоо;

– тексттеги сөздөрдү анын синоними менен алмаштыруу;

– тексттеги баяндаган жактарды алмаштырып өзгөртүү;

– жөнөкөй тексттерди өз алдынча улантуу;

– айрым макал-лакаптардын маанисин чечмелөө, алардын мазмунун

пайдаланып, мугалимдин жардамы менен чакан тексттерди түзүү;

– таасирленген адамы, окуя жөнүндө оозеки сүйлөп, жөнөкөй түрдө жаза билүү;

– китептин аты, автору боюнча өз алдынча тандай билүү.

## 4-КЛАСС (жумасына 3 ааттан, жыл бою 103 саат)

**Даңктана бер, Мекеним!** (12 с.). Республикабыздын мамлекеттүүлүгүнүн белгилери, негизги мыйзамы – Конституция жөнүндөгү, элибиздин өзгөчөлүгү, үрп-адаты, каада-салты, жашоо-шарты, чагылдырылган көркөм чыгармалар.

**Жерибиздин, элибиздин, тилибиздин байлыгы.** (18 с.) Жерибиздин жаратылышы, элибиздин руханий, тилдик байлыгына байланыштуу чыгармалар.

**Күлкү бар жерде—өмүр бар.** (10 с.) Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келген күлкүлүү чыгармалар.

**Менин дүйнөм.** (14 с.) Окуучулардын жан дүйнөсүн, материалдык руханий байлыгын ачып берген чыгармалар.

**Ойлонолу, издейли.** (10 с.) Ой жүгүртүүнү өстүрүүгө байланыштуу чыгармалар.

**Элибиздин улуу инсандары.** (6 с.) Кыргыз элинин улуу инсандары жөнүндөгү чыгармалар окулуп үйрөнүлөт.

**Бабалардан калган сөз.** (18 с.) Элдик оозеки чыгармалардын балдарга ылайык үлгүлөрү. Сөз өнөрү (жорго сөз, чечендик, төкмөлүк, айтыш ж. б.).

**Менин чыгармам.** (6 с.) Окуучулардын чыгарма жаратуусуна көңүл бурулат.

**Кыргыз балдар акын-жазуучулары.** (18 с). Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармалары автордук бөлүштүрүү боюнча берилет.

**Ой, фантастика!** (10 с.) Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык фантастикалык чыгармалар.

**Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары.** (11 с.) Дүйнө элдеринин балдарга арналган чыгармаларынын үлгүлөрү.

### Окуу жылынын аягында окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр:

Тааныш эмес текстти адабий тилдин нормасына ылайык окуп, минутасына 85—95 сөздөн жогору окуу;

– текстти бөлүктөргө ажыратып, план түзүп, андагы негизги ойду, окуялардын, тексттин бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыштарды аныктоо;

– иллюстрацияга, түзүлгөн планга ылайык текстти толук, кыскача, талдап айтып берүү, ошону менен бирге, тексттин мазмунун бузбай, ыраатын сактоо;

– каармандардын кылык-жоруктарына, кулк-мүнөздөрүнө, иш-аракеттерине баа берип, бири-бирине салыштырып, ага өз пикирин билдирүү;

– каармандарды, жаратылышты сүрөттөгөн сөз каражаттарын тиешелүү деңгээлде талдап, аларды ачып берген сөз каражаттарын аныктай билүү;

– системалуу түрдө сез байлыгын арттыруу; сөздүк менен иштөө;

– өз алдынча план түзүп, баяндама, дилбаян жазуулардын түрлөрү менен тааныштыруу;

– римфа түзгөн сөздөр аркылуу ыр саптарын, ыр куплеттерин жаратуу, андан ары улантуу;

– текстти өзгөртүп түзүү, башкача аяктоо менен тексттеги жыйынтыкка башка сюжеттер менен келүү, текстти баяндоочунун жагын өзгөртүү;

– макал-лакап, учкул сөздөрдү пайдалануу менен анын

мазмунуна ылайык чакан чыгармаларды жазуу;

– көркөм, таанып-билүү мүнөзүндөгү жана илимий-популярдык тексттерди ажырата алуу, чыгармаларга жанрдык мүнөздөмө берүү;

– балдар китептерин өз алдынча тандап, андагы суроо тапшырмаларды, белгилерди, сноскаларды (бaрактын аягындагы түшүндүрмөлөрдү) пайдалануу, абзац, тема ичиндеги темачалар жөнүндө түшүнүк алуу;

– окуган китептериндеги мезгилдик, мазмундук байланыштарды, айырмачылыктарды аныктоо;

– түрдүү кырдаалдарда пикирлешип, талашып тартышуу, өз оюн маданияттуу түрдө далилдөө;

– жорго сөз, чечендик, төкмөлүк, айтыш сыяктуу сөз өнөрүнүн түрлөрүн айырмалоо, аларды тиешелүү деңгээлде талдай билип, жаратуу багытында аракеттенүү.

# КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУ

Класстан тышкаркы окуу класстагы эне тили, мамлекеттик тил боюнча билим берүү иш-аракетин мазмундук-тематикалык жактан кеңейтип, окуучуларды балдар адабияты менен тааныштыруу, ал жөнүндөгү адабий түшүнүктөрдү кеңейтүү жана окуп-түшүнүү менен сынчыл ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү үчүн жүргүзүлөрү белгилүү. Ошондуктан башталгыч класстардагы балдар китептери менен иштөөнүн негизги формасы дал ушул класстан тышкаркы окуу болуп саналат. Ал башталгыч мектептин 2-классынан 4-классына чейин милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

1-класста окуучулардын сабатын ачуу иштери толук аткарылгандан кийин т.а. окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында, мугалим окуу жана сөз өстүрүү жумуштары менен биргеликте жумасына бир жолу 15-20 мүнөт китеп окуп берет, түшүнгөндөрү боюнча аңгемелешип, жаңы китептер менен тааныштыруу, китепке болгон окурмандык кызыкчылыгын түптөө иштерин жүргүзөт.

Класстан тышкаркы окуу 2-класстан баштап, Адабий окуу предмети менен тыгыз байланышта ишке ашырылып, бара-бара ага кененирээк эркиндик берилет. Анткени, балдардын өз алдынча китеп окуй алуусу, көркөм адабиятка болгон кызыгуусунун калыптана башташы, жаңы чыгып жаткан балдар китепчелери менен тааныштыруу – класстан тышкаркы окуунун негизги милдеттеринин бири болуп калат. Ошондой себептерден улам, класстан тышкаркы окуу боюнча түзүлгөн хрестоматиялар балдардын кызыгуусуна, жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келген чыгармалардын топтомунан туруусу кажет.

Окуучунун класстан тышкаркы окууда жетишилген ийгиликтери адабий окуу боюнча чейректик баа чыгарууда кошумча эске алынат.

Бул сабактын негизги максаты болуп баланын окумалдуулугун өнүктүрүү, окуу жана түшүнүү ишмердигин өркүндөтүү адабий-эстетикалык табитин арттырып, окуганынын үстүндө ой жүгүртө билүүсүнө үйрөтүү жана көркөм-чыгармачыл иш-аракетин өз алдынчалуу өркүндөтүүгө көмөктөшүү болгондуктан, түрдүү жанрдагы жана тематикадагы чыгармалардын үлгүлөрүнөн сөзсүз болуусу талапка ылайык келет.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун мазмунун артырууда мына ушул класстан тышкаркы окуу убактысын чыгармачылык менен пайдалануу, анын атайын планын түзүп, алардын негизинде жаткан тарбиянын түрлөрүнө жараша

кенже балдарга таалим-тарбия берүү жолдорун изилдөө иштерин бирге жүргүзүү да мугалимдин айрыкча милдети болуп калат.

Пландуу, кызыктуу жана тарбия берүүчүлүк, өстүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгү бар класстан тышкары окууну уюштуруу иши, жогоруда айтылгандай, башталгыч класстарда эне тилин окутууну өркүндөтүүгө коюлган бүгүнкү талапка сөзсүз туура келмек. Себеби, «балалыкта ар бир күн жаңы ачылыш». "Өз убагында окулган жакшы китеп тагдырды чечип коюусу мүмкүн, өмүр бою алтын казык жылдызы да болуусу ыктымал". Ошол үчүн тилди, адабиятты окутууда «класстык жана класстан тышкары окууну тыкыс жана жандуу байланышта жүргүзүү, окуу-тарбия ишин бир багыттуу уюштурууга көмөк бербей койбойт.

Класстан тышкары окууну уюштурууда сөзсүз төмөндөгүдөй ыраатуу иш-аракеттер жүргүзүлүүсү зарыл.

1. Окуган чыгармаларга адабий-мазмундук, адабий-эстетикалык талдоо жүргүзүп бере алуу;
2. Чыгармадагы жалпы жана негизги ойду бөлүп ала билүү;
3. Андагы ойду, окуяларды, каармандарды башка чыгармадагы айтылган идеялар, каармандар, окуялар менен салыштырып талдай билүү;
4. Ага өзгөчө таасир эткен учурларды тексттеги фактылар менен бирге талдай билүү;
5. Каармандардын кылык-жоруктарына, чыгарманын негизги идеясына нравалык-этикалык баа берүү;
6. Чыгармага, эпизоддоруна өз алдынча суроолорду коюп, ырааттуу жоопторду таап, аларды ой жүгүртүү менен баалоо;
7. Окуганынын үстүндө психологиялык-эмоционалдык толгонууларынын негизинде ой жүгүртүп, алардын педагогикалык- тарбиялык идеяларын таба билүү;
8. Окуган чыгармаларынын негизинде сценкаларды түзүү, сабактын практикалык жагын көтөрүү;
9. Балдардын өз алдынча адабий чыгарма жазууга болгон аракеттерин колдоо жана өнүктүрүүгө жардам берүү;
10. Окуучулардын өз алдынча үй китепканаларын түзүүсүн, керектүү көркөм адабияттарды тандап окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу.

Башталгыч класста окуучулардын ушундай багыттардагы класстан тышкаркы окуусунун уюштуруунун дидактикалык максатын жана окуу убактысын аныктоо, окуучулардын өз алдынча көркөм-адабий китептерди окуудагы окурмандык иш-аракеттерин уюштуруу, ошондой эле бул сабактарды өткөрүү жолдорун иштеп чыгуу, аларды атайын окуу-усулдук каражаттары менен камсыздоо, албетте, учурдагы маанилүү милдет. Ошонун негизинде, окуучулардын окурмандык ишкердүүлүктөрүн калыптандыруудагы балдар китептеринин ролу өзгөчө экендиктерин белгилөө менен, класстан тышкаркы окуунун максат-милдетине жараша анын методикалык көрсөтмөсүн да түзүү зарыл.

Мына ошол максат-милдеттерине жараша класстан тышкаркы бул окуунун программасында сунуш кылынган көркөм чыгармалардын тематикалары да, жанрлары да ар түрдүү болду. Тактап айтканда, мында элдик жомоктор, табышмактар, жаңылмачтар, макал-лакаптар, калптар, уламыштар, ошондой эле, улуттук профессионал балдар акын-жазуучуларыбыздын жана да дүйнөлүк мыкты балдар жазуучу-акындарынын ар түрдүү жанрлардагы чыгармалары киргизилди. Түрдүү элдердин балдарга ылайык келген эң мыкты жомокторунан да камтылды.

Ошону менен бирге, программанын мазмунун түзгөн – Ата Мекенди сүйүү, ата-энени сыйлоо, кыргыз тилди билүү, адеп-ыйманга чакыруу, табиятты кастарлоо, ж.б. тематкалардагы ыр, аңгеме, жомок, табышмак, фантастика, ж.б. чыгармалар окуучулардын окурмандык ишмердигин калыптоо менен бирге, аларга эстетикалык да табитин өстүрүүгө көмөк берет деген ойдобуз.

Ошондуктан, мугалим окуучулар менен иштөөдө текст менен иштөөнүн жолдорун өздөштүрүүсү кажет. Анткени тест менен иштей билүү аркылуу гана мугалим класстан тышкыркы окуунун маани-маңызын ача алмакчы.

Эскерте кетүүчү бир нерсе, колуңуздардагы программа алгач ирет түзүлүп отурат. Ал мындан кийин да өркүндөтүлүүсү, толукталып кайра басылышы толук ыктымал.

Программа Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана лингводидактика бөлүмүндө түзүлдү.

**1-класс**

**Жумасына 1 сааттан, жыл бою 34 саат**

**Кыргыз эл ырларынан (2 саат)**
Улагым
Чүкө
Тайлак
Мышыгым
**Төрт мезгил (2 саат)**
Күз, *Н.Миңкара*
Кыш, *Ж.Абдылдаев*
Жаз, *Т.Үмөталиев*
Жай, *Т.Үмөталиев*
**Күлкүлүү экен, окуйлу (2 саат)**
Балыктар неге сүйлөбөйт?
Айтпаймын
Каякта?
Оорубайт
Жирафтын моюну
Чымчык
Аквариумдагы суу
Сараңдын тарагы
**Ыр дүйнө (2 саат)**
Өрүккө илинген ай, *И.Токтогулов*
Санын чабат, *Б.Асаналиев*
Жаш багбан, *Б.Асаналиев*
Таранчы, *К.Жунушев*
**Кыргыздын элдик калптарынан (2 саат)**
От жакпай бышырдым
Мергенчи
**Келгиле, жомок окуйлу (2 саат)**
Иттин жомогу, *Р.Шүкүрбеков*
Өзүмчүл чымчык, *"Байчечекейден"*
**Окуп, жаттап алалы (4 саат)**
Мектебим, *А.Маделиев*

Кандай баага ким жолдош? *Э.Тазабеков*
Тыйын чычкандын ыры, *А.Кыдыров*
Жоголгон улактар, *А.Рыскулов*
Кирпи, *И.Токтогулов*
**Бир шиңгил аңгемелер (8 саат)**
Чоң атанын зоопаркы, *С.Рысбаев*
Суу акылдуу, *Т.Сыдыкбеков*
Баланын канаты, *С.Рысбаев*
Ууру, *Р.Акдемир*
Белек, *С.Рысбаев*
Ак көпөлөктөр кайда учту? *А.Мамбетисаев*
"Мейлибай", *Б.Абдухамидова*
Шорпо, *Р.Акдемир*
**Сөз үйрөнүп алалы (3 саат)**
Табышмактуу төрт жандык, *Т.Самудинов*
Ойлонгула, тапкыла, *Т.Самудинов*
Бир сөздөгү үч сөз, *Т.Самудинов*
**Тап, тап, табышмак (2 саат)**
**Жаңылмач айтып, тил жатыктыралы (2 саат)**
Жаңылмачтар, *А.Муратов*
**Улуттук оюндар (3 саат)**
Бат айтуу
Бүркүттүн тумшугу
Жоолук таштамай.

**2-класс**
**Жумасына 1 сааттан, жыл бою 34 саат**

**Мекеним, элим – ыйыгым (1 саат)**
Мекеним, *Т.Үмөталиев*
**Ак эмгектин наны таттуу (2 саат)**
Торгой менен дыйкан, *«Байчечекей»*
Эмгекчил кумурска аз жейт, *С.Рысбаев*
**Ата-энем – менин бактым (3 саат)**
Актап бүтө элекмин, *И.Токтогулов*
Асан жана энеси, *Р.Акдемир*
Ар ким сүйөт баласын, *Элдик ыр*
**Билим кени – мектебим (2 саат)**
Мугалим, *С.Рысбаев*
Китепти сүй, *А.Осмонов*
Компьютер, *Ы.Кадыров*
Интернет, *Ы.Кадыров*
**Келгиле, күлөлү (2 саат)**
Пилдин сүтү, *Ү.Асаналиев*
Бал жейли, *Ү.Асаналиев*
Баары бир түшөт элем да., *«Байчечекейден»*
Беш мүнөт, *З.Пасаңова*
Алар мени таанybайт да, *З.Пасаңова*
Акылдуу пил, *З.Пасаңова*

«Экөө болчу», *С.Рысбаев*

**Табият жана мен (5 саат)**

Чүй жергеси жайында, *Ж.Абдыкалыков*

Баарыңарга тапшырма*, Т.Сыдыкбеков*

Жаныбарбы, чөппү? *Т.Самудинов*

Чымчык, *Л.Н.Толстой*

Ким күчтүү? *Элдик ыр*

Акбардын дарагы, *С.Рысбаев*

**Эне тилим – эне сүтүм (2 саат)**

Эне тилим – сыймыгым, *Ш.Бейшеналиев*

Эне тил, *Б.Асаналиев*

**Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга (5 саат)**

Алиппе – табышмак, *Т.Самудинов*

Уюкка тийбе! *Т.Сыдыкбеков*

Эки метр Эсенкул, *А.Осмонов*

Апама айтам, *Ш.Садыбакасов*

Жылуу сөз, *Б. Абдухамидова*

**Элдик калптардан (2 саат)**

Кашка кулун

Ат жонуна бышкан коон

**Жомоктор дүйнөсүндө (5 саат)**

Өнөрлүү өлбөйт, *Кыргыз эл жомогу*

Акылдуу бала, *Кыргыз эл жомогу*

Таштанды ит, *К.Тыныстанов*

Укмуштуу жумуртка, *А.Кыдыров*

Үпүп менен Күкүк, *Кыргыз эл жомогу*

**Дүйнөлүк адабияттан – балдарга (4 саат)**

Кызыл шапкечен, *Ш.Перро*

Эки жолдош, *Л.Н.Толстой*

Калпычы, *Л.Н.Толстой*

Айлакер тыйын чычкан, *Г.Снегирев*

**Өз алдынча окуу үчүн тексттер**

Ар кимге жан таттуу, *Т.Сыдыкбеков*

Алтын күз, *«Кырчын»*

Мектепте балдар тартиби, *К.Тыныстанов*

«Адептен» эмне үйрөндүм, *Ы.Кадыров*

Арстан менен коен, *Кыргыз эл жомогу*

Жөжөлөр, *А.Токтомушев*

**3-класс**

**Жумасына 1 сааттан, жыл бою 34 саат**

**Мекеним – Кыргызстан (2 саат)**

Мекен деген эмне? *Ы.Кадыров*

Ала-Тоонун балдарыбыз, *Б.Асаналиев*

Менин кичи мекеним, С.*Рысбаев*

**Эмгек эрезеге жеткирет (2 саат)**

Насыят, *Т.Сатылганов*

Таранчы менен түлкү, *Кыргыз эл жомогу*

Буудай талаасы, *С.Жусуев*

**Жаратылышты коргойлу (2 саат)**
Адам жана гүл, *С.Рысбаев*
Аккан суу, *Б.Алыкулов*
Жаныбарлар дүйнөсү, *Т.Самудинов*
**Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга (7 саат)**
Күн, суу, шамал жан башкалар жөнүндө, *А.Мисиров*
Ат сыйлаган жөө баспайт, *А.Рыскулов*
Айбанаттар паркында, *Б.Асаналиев*
Сүттөн эмне жасалат, *Э.Ибраев*
Менин боз торгоюм, *С.Байгазиев*
Жан телефон, *Ы.Кадыров*
Табышмакчы Чынара, *Ш.Бейшеналиев*
**Ата-энем – ардагым (2 саат)**
Апам жана бөбөктөр, *С.Казыбаев*
Ата-энеге миң алкыш аз, *«Кырчын»*
Апа, *Б.Асаналиев*
Эне, *М.Каримов*
**Жашыл кымкап жаз келди (2 саат)**
Үрөн сепкендеги айтым, *Нурмолдо*
Жоогазын, *Б.Абдухамидова*
Жамгыр, *С.Эралиев*
**Эне тилим – эне сүтүм (2 саат)**
Эне тилим –өз тилим, *Т.Арыков*
Бешик ыры, *С.Рысбаев*
Үйрөнөм, А.*Рыскулов*
Сөз кадыры, *Ж.Садыков*
**Ойлонгула, тапкыла (1 саат)**
Метограммалар, *Н.Бостонбаева*
Сөз оюн, «Алты кан», *А.Акматбеков*
**Бабалардан калган сөз (3 саат)**
Манас
Семетей
Сейтек
**Жомоктор дүйнөсүндө (4 саат)**
Алтын оймок, С.Жусуев
Улак менен кумурска, *Д.Сулайманов*
Достук жана кастык, *Б.Асаналиев*
Карышкыр менен карга, *Б.Абдухамидова*
**Дүйнөлүк балдар адабиятынан (8 саат)**
Кар ханышасы (үзүндү), *Г.Х.Андерсен*
Барон Мюнгхаузендин кечтери, *Рудольф Эрих Распе*
Жандуу калпак, *Н.Носов*
Карышкыр менен жети улак, *Орус эл жомогу*
**Өз алдынча окуу үчүн**
Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы, *Тоголок Молдо*
Бир шиңгил жүзүм, *М.Гапаров*
Терегим, М.Каримов
Эки дос, *Д.Сулайманов*

Балапандар, *Б.Абдухамидова*
Акылдуу кыз, *Украин эл жомогу*
Март менен саран, *Ногой эл жомогу*
Карышкыр менен бугу, *Эстон эл жомогу*
Айбандардын падышасы жана адам, *Тажик эл жомогу*
Бакыт, Акыл жана Байлык, *Карачай эл жомогу*

**4-класс**

**Жумасына 1 сааттан, жыл бою 34 саат**

**Ала-Тоо – ата конушум (2 саат)**
Эли сонун кыргыздын, *К.Акиев*
Кыргыз жери, *Т.Байзаков*
**Эне тилим – байлыгым (3 саат)**
Касиеттүү эне тил, *Т.Самудинов*
Сөздүк ыр, *Ы.Кадыров*
Шарадалар, *Т.Самудинов*
**Кыргыз акын-жазуучулары балдарга (6 саат)**
Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөөк, *Ш.Бейшеналиев*
Акылсыз музоо, *К.Акматов*
Жаңылуу, *А.Карасартов*
Күч жөнүндө жомок, *Д.Сулайманов*
Акыркы марал, *С.Рысбаев*
Акылдуу бала күнөөлүү *Б.Абдухамидова*
**Ыр дүйнөсү (2 саат)**
Көкбөрү, *С.Жусуев*
Байкагыла, байкелер, *Б.Сарногоев*
Балбан, *Т.Үмөталиев*
**Фантастика (2 саат)**
Телефон «КИУ–2», *К.Керимбаев*
**Бабалардан накыл кеп (3 саат)**
Манастын бала чагы (үзүндү), *А.Жакыпбеков*
Ж.Баласагындын накыл кептеринен
**Жомоктор дүйнөсүндө (4 саат)**
Абышка-кемпирдин көмөчү, *Тоголок Молдо*
Көк карчыга, *Кыргыз эл жомогу*
Аккөңүл менен Каракөңүл, *Кыргыз эл жомогу*
Бала менен сыйкырчы, *Кыргыз эл жомогу*
**Уламыштар (2 саат)**
Умай эне
Токтогул ырчынын баласы
Чатыр-Көл
Бурана
**Дүйнөлүк адабияттан (10 саат)**
Арстан менен кандек, *Л.Н.Толстой*
Винни пух, *Алан Александр Милн*
Пилдин баласы, *Джозеф Редьярд Киплинг*
Бадыраң, *Н.Носов*
Кичинекей ак үй, Б.С.*Житков*
**Өз алдынча окуу үчүн**

Колянын жайлоодогу күндөрү, *А.Муратов*
Жатып ичер жай, Б.*Абдухамидова*
Убадага бек жигит, *Кыргыз эл жомогу*

**Текст менен иштөө боюнча окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр:**

– даяр текстти окуу, көркөм, шар жана сезимдүү окууга тил жатыктыруу;
– тексттин мазмунун түшүнүү;
– тексттен алып сөздөрдү, сүйлөмдөрдү талдоо;
– тексттерди ролдошуп окуу;
–тексттен түшүнбөгөн сөздөрдүн маанисин талдоо;
– тексттин мазмунун мугалимдин берген суроолоруна жараша үстүртөн, кыскача же ар кайсы жеринен айтып берүү;
– айрым грамматикалык формалар катышкан сөздөрдү мугалимдин талабына жараша талдоо;
– тексттин тарбиялык маанисин ачуу; баа берүү;
– тексттеги каармандардын кылык-жоруктарын мүнөздөө;
– үзүндүлөрдү образдуу, көрктүү окуу;
– өтүлгөн грамматикалык материалдын мүнөзүнө жараша текст боюнча кошумча жумуштарды аткаруу үчүн үйгө тапшырма берүү – ыр жаттоо, ж.б.

# МАТЕМАТИКА

## Киришүү

Математика илими турмушка кеңири тараган илимдердин бири: кайсы тармакты албайлы (соода-сатык, курулуш, өнөр-жай ж.б.) аны математикасыз аны элестетүү кыйын. Жаңы экономикалык жагдайда анын мааниси мындан да көтөрүлөт. Ошондой эле, математика жана математикалык методдор ар кандай илимдерге сиңирилип, илимдин математикалашкан жаңы тармактары пайда болууда (мисалы, математикалык лингвистика ж.б.).

Андыктан, азыркы учурда балдардын жана жаштардын математикалык даярдыгына коюлган талаптар күндөн-күнгө өсүүдө. Буга байланыштуу математиканы окутуу эмес математикалык билим берүү (математическое образование) жөнүндө кеп кылуу ылайыктуу.

Билим берүүнүн негизги функциясы инсанды калыптандыруу; анын ар кайсы тарабын жана сапаттарын өнүктүрүү. Ошондуктан, башталгыч математикалык билим берүү татаал, 3 жактуу процесс-математиканы окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү деп кароо туура болот. Бул 3 процесстин негизгиси – окутуу. Ал түздөн түз инсандын тажрыйбасын (билимин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн ) камсыз кылат.

Ал эми, тарбиялоо жана өнүктүрүү кыйыр түрдө, окутуу аркылуу ишке ашат. Мындан окутуу процессинин функциялары көп кырдуу болуп**, башталгыч математика предметинин** мүнөзүн аныктайт. Анын мазмуну математика илиминин мазмунун терең педагогикалык (дидактикалык) жактан иштеп чыгуу аркылуу тандалып, жасалма конструкцияны, **илимдин дидактикалык моделин** түзөт.

Андыктан, башталгыч математикалык билим берүү процесси татаал система катарында каралып, төмөнкү компоненттерди камтыйт:

- математикалык билим берүүнүн максаттары;
- математикалык билим берүүнүн мазмуну;
- математикалык билим берүүдө колдонулуучу методдор;
- математикалык билим берүүнүн каражаттары;

- математикалык билим берүүнүн уюштуруу формалары.

Аталган компоненттерди аныктоодо кенже окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн жана башталгыч мектептин билим берүүдөгү ордун эске алуу менен бирге эл аралык стандартты сактоо зарыл.

Адамдын жалпы орто билим алуусуна, асыресе билимдүү, толук кандуу инсан болуусуна керектүү алгачкы фундамент башталгыч мектепте түптөлө тургандыктан, баштапкы математика орто мектептин математика курсунун курамдык бөлүгүн түзөт. Демек, окуучунун мектептен кийин да өзүнүн математикалык билимин улантуусун камсыз кылуу керек. Ал эми тарбия жана өнүгүү жагынан алсак, башталгыч мектеп өзгөчө зор мааниге ээ. Анткени, психологдордун маалыматтары боюнча баланын таанып билүүчүлүк, окуп билим алуучулук ишмердүүлүгү (эмгектенүүсү), кулк-мүнөзү башталгыч класстарда калыптандырылат. Демек, башталгыч мектеп бир жагынан алып караганда орто мектептин эң маанилүү бөлүгү, экинчи жагынан – ал инсандык сапаттарынын калыптанышына эң күчтүү таасир этүүчү өзүнчө структура болуп эсептелет. Айтылгандарды эске алып, математиканын баштапкы курсун долбоорлоодо төмөнкү принциптерди жетекчиликке алууга туура келет:

- илимийлүүлүк;
- балдарды улуттук баалуулуктарды, ошону менен бирге жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алууга багыттоо;
- окуучуларды өз алдынча таанып - билүү иш-аракетин калыптандырууга багыттоо;
- окуучулардын улуттук жана жаш өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле аларды курчаган чөйрөсүн эске алуу менен математикалык материалдардын аларга жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу;
- азыркы жаңы методикалык жетишкендиктерге таянуу.

Бул принциптер математикалык билим берүүнүн компоненттерин аныктоодо тигил же бул деңгээлде эске алынат.

## МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ

Математикалык билим берүүнүн максаттары негизинен төмөнкү 4 пунктта жалпыланып берилет:

- орто мектептин кийинки звенолорунда билим алууну улантууга даярдык боло тургандай кылып кенже окуучулардын математикалык билим, билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- окуучулардын инсандык сапаттарын (тактык, тыкандык, тырышчаактык сыяктуу) тарбиялоо;
- окуучулардын психикасынын функционалдык касиеттерин (көңүл буруу, кабыл алуу, эске тутуу, ой жүгүртүү, ооз эки жана жазуу кеби, психомоторика сыяктуу) өнүктүрүү;
- окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердүүлүктөрүн (пландаштыруу, ал боюнча тиешелүү ыкма аракеттерди аткаруу, өзүн өзү текшерүү, тыянак чыгаруу сыяктуу) калыптандыруу.

## МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМДИН МАЗМУНУ

Башталгыч мектепте математика илиминин материалдары интенсивдүү түрдө интеграциялоо жолу менен кыскартылып берилет. Бирок, ошондо да илимийлүүлүктү сактоо зарылчылыгы келип чыгат. Ал үчүн негизги математикалык түшүнүктөрдү киргизүү жалпы теориялардын негизинде ишке ашырылып, окуу материалдарынын удаалаштыгы, логикалык байланыштары камсыз кылынат.

Башталгыч математикалык билим берүүнүн каралып жаткан системасында сан

жөнүндө түшүнүктөр, арифметикалык амалдар көптүктөр теориясынын негизинде, бирок спецификалык терминологиясыз берилет. Мында, традициялык системалардан айырмаланып, аталган түшүнүктөр башкача, методикалык жактан терең иштелген түрдө сунуш этилет. Алсак,
1-класста сан жана сан катары жөнүндө түшүнүктөр толук калыптангандан кийин гана амал түшүнүгү киргизилет (М. И. Моронун системасында сан, амал, маселе түшүнүктөрү бир маалда каралып, көптөгөн методикалык кыйынчылыкты туудурары белгилүү).

Жалпысынан алганда, башалгыч математика төмөнкү багыттарды өз ичине камтыйт:

**1. Сандар жана эсептөөлөр.**

Натуралдык сан. Арифметикалык амалдар жана алардын касиеттери.

Сан жана тамга туюнтмалары. Үлүштөр.

2. **Геометриялык фигуралар жана чоңдуктар.**

Чекит, сызык, кесинди, көп бурчтук, айлана, тегерек, чоңдуктар. Геометриялык чоңдуктар. Узундук, аянт.

Аталган багыттар төмөнкү математикалык материалдарды камтышат:

- миллион ичиндеги натуралдык сандарды окуу жана жазуу;
- сандарды салыштыруу: =, >, < белгилери жана сан катарынын касиеттери;
- натуралдык сандар менен жүргүзүлүүчү арифметикалык амалдар, алардын белгилери (+, -, ., :), амалдардын касиеттери;
- текстүү жөнөкөй жана курама арифметикалык маселелер;
- сан туюнтмалары; кашаа, сан туюнтмаларындагы амалдарды аткаруу тартиби;
- тамгалуу жөнөкөй туюнтмалар, алардын маанилери; жөнөкөй теңдемелер;
- жөнөкөй чоңдуктар: узундук, аянт, масса, убакыт, ылдамдык, нарк; чоңдуктарды өлчөөнүн бирдиктери жана алардын байланыштары;
- геометриялык пропедевдика: геометриялык фигуралар (чекит, сызык, түз сызык, кесинди, сынык сызык, үч бурчтук, тик бурчтук квадрат, төрт бурчтук, айлана, тегерек) айлана-чөйрөдөгү геометриялык фигураларды элестеткен нерселер, алардын өз ара жайланышуусу геометриялык фигураларды чийүү, ченөө.

Математикалык материал класстар боюнча окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша бөлүштүрүлөт.

**1-класста 1ден 20га чейинки сандарды** катары менен атоо, аларды окуу жана жазуу менен чектелет, бирок кийинки 2-класста каралуучу 20дан 100гө чейинки сандарды номерлөөнү өздөштүрүү боюнча кээ бир даярдык жүргүзүлөт. 3-класста миңдиктерди окуу жана жазуу, 4-класста болсо миллион ичиндеги сандарды окууну жана жазууну үйрөнүшөт.

**Кошуу жана кемитүү амалдары менен тааныштыруу-1-класста, көбөйтүү жана бөлүү амалдары менен тааныштыруу-2-класста жүргүзүлөт. Адегенде окуучулар эки санды кошуу жана кемитүү жөнүндө жалпы түшүнүк алышат да, андан кийин кошуунун жана кемитүүнүн таблицалык учурларын (жадыбалдарды) систематикалык түрдө үйрөнө башташат.**

1- класста ар кандай бир орундуу санга 0, 1, 2, 3, 4 сандарын кошуу учурлары гана каралат. Ал эми 5, 6, 7, 8, 9, сандарын кошуу 2-класста окуп үйрөнүлөт. Башкача айтканда, кошуунун жадыбалын үйрөнүү 2 жылга бөлүштүрүлгөн. Көбөйтүүнүн жадыбалын үйрөнүү дал ушундай 2 жылга созулган-2-класста (1ге, 2ге,

3кө 4кө, көбөйтүү) башталып, 3-класста (5ке, 6га, 7ге, 8ге, 9га көбөйүү) аякталат. Эсептөө ыкмаларын ( мисалы, бөлүк-бөлүк же сызгыч менен кошуу жана кемитүү, тик бурчтуу таблицалар боюнча көбөйтүү жана бөлүү сыяктуу) өздөштүрүү жана аны пайдалануу окуучулардын амалдарды оозеки жана жазуу жүзүндө аткаруунун көндүмдөрүн бекем калыптандырууга жардам берет. Ушул максатта көрсөтмөлүү жана практикалык жактан маанилүү болгон мисалдарда арифметикалык амалдардын касиеттери менен (орун алмаштыруу, топоштуруу жана бөлүштүрүү ) окуучуларды тааныштыруу максатка ылайык.

Окутуунун алгачкы этабында, 1-класста кошуунун касиеттери, 2-класста көбөйтүүнүн касиеттери балдарга жеткиликтүү болгон формулировкада колдонулат: сандарды **ар кандай тартипте кошууга (көбөйтүүгө)** болот. 1-3-класстарда бул касиеттердин аттары жана формулировкасы айтылбастан пайдаланылат. 4-класста амалдардын касиеттери жөнүндө окуучулардын билимдери тереңдетилет жана системалаштырылат: касиеттердин **аталыштары** – орун алмаштыруу, топтоштуруу, бөлүштүрүү, алардын **формулировкалары** берилет жана тамгалардын жардамы менен жазылып жалпыланат.

**Кошуу жана кемитүүнү жазуу жүзүндө аткаруу ыкмалары менен таанышыруу 2-класстан башталат**. Алар эки орундуу сандарды кошуу жана кемитүүдө көрсөтүлөт. 3-класста ушул ыкмалар 3 жана 4 орундуу, ал эми 4-класста – миллион ичиндеги сандар үчүн каралат.

**Көбөйтүү жана бөлүүнү жазуу жүзүндө аткаруу ыкмалары 3-класста киргизилет.**

Сандарды үйрөтүү кезинде окуучуларды **кээ бир чоңдуктар** жана **алардын чен бирдиктери** менен тааныштыруу жүргүзүлөт. Эң кеңири колдонулуучу **чоңдук-узундук**. Ал 1-класстан баштап каралат. Окуучулар кесиндилердин узундуктарын атайы даярдалган көрсөтмө каражаттардын (түстүү таякчалар, сызгычтар) жардамы менен ченөөгө үйрөнүшөт.

**Фигуранын аянты** жөнүндө алгачкы элестер 2-класста калыптана баштайт. Бул иш **көбөйтүү** жадыбалын үйрөнүү менен катар башталып,
3-класста аякталат. 2-класста окуучулар ар кандай практикалык көнүгүүлөрдү аткаруунун негизинде керектүү болгон элестерди алуу менен бирге фигуралардын аянттарын табуу боюнча алгачкы тажрыйбага ээ болушат (торчолорду эсептөө). Акырында тик бурчтуктун аянтын табуу эрежеси берилет.

4-класста окуучулар **бир калыптагы түз сызыктуу кыймылдын ылдамдыгы** жана **анын бирдиктери** менен таанышышат. Ошону менен бирге кыймылга карата берилген маселелердин негизги түрлөрүн чыгарууга үйрөнүшөт (мисалы, белгилүү ылдамдык жана убакыт боюнча басып өткөн жолду табуу).

**Салмак жана анын бирдиги -** килограмм жөнүндөгү алгачкы түшүнүктү окуучулар 2-класста алышат. (Башталгыч класста масса дебестен, салмак деген терминди колдонууну туура таптык, анткени ал окуучулар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү болору байкалды. Ал эми масса менен салмактын айырмасын физиканы окуй баштаганда тактаса болот) Грамм жана анын килограмм менен болгон байланышы (1кг-1000 г) 3-класста каралат.

1-класстан баштап тексттүү арифметикалык маселелерге айрыкча көңүл бурулат, анткени алар көпчүлүк математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу-нун маанилүү каражаттарынын бири болуп эсептелет. Тигил же бул арифмети-калык амалды тандап алуу маселенин шартын анализдөөнүн негизинде жүргүзү-лөт.

1-класста кошуу жана кемитүүгө карата тексттүү маселелер амалдарды

киргизүүдөн мурда эле реалдуу буюмдар же алардын сүрөттөлүшү менен практикалык иш-аракеттерди аткарууга таянып каралат (көптүктөрдү бириктирүү же толуктоо). Жообу буюмдарды (же алардын сүрөттөлүшүн) саноо аркылуу табылат.

+, -, = белгилери киргизилгенден баштап гана маселенин чыгарылышын жазуу барабардык түрүндө берилет.

Мында жөнөкөй арифметикалык маселелер каралып, татаал эмес курама маселелерди чыгарууга даярдык жүргүзүлөт.

**Курама маселелер 2-класста киргизилет**. Ал эми 3-жана 4-класстарда каралуучу маселелердин татаалдыгы акырындык менен жогорулай баштайт.

Окуучулар маселени чыгарууда төмөнкүлөрдү өз алдынча аткарууга тийиш: маселенин текстин окуп, анын шартын жана суроосун түшүнүү жана белгисиз чоңдуктарды бөлүп алуу; маселенин шартын кыскача жазуу; сүрөт же чийменин жардамы менен иллюстрациялоо; чыгаруу планын белгилеп, керектүү амалдарды туура тандап алуу; эсептөөлөрдү аткарып, чыга-рылышын текшерүү жана жообун жазуу.

Программа кээ бир маанилүү жалпылоолорду калыптандырууну көздөйт.

Буга тамга символикасын өз учурунда пайдалануу жардам берет. Окуучулар жөнөкөй теңдемелерди чыгарууга акырындык менен даярданышат. Иш  +4=7 түрүндөгү мисалды тандоо жолу менен чыгаруудан башталат. 3-класста окуучулар х+3, 8-а, к·2. с:4 түрүндөгү жөнөкөй туюнтмалардын маанилерин табууну үйрөнүшөт. Барабардык, барабарсыздык түшүнүктөрү каралгандан кийин теңдеме, анын тамыры сыяктуу түшүнүктөр киргизилет.

**Геометриялык материал 1-класстан башталат** да, окуучулардын форма түшүнүгүн калыптандырууга багытталат. Ошону менен бирге аларда практикалык ыкмалар жана жөнөкөй графикалык көндүмдөр калыптана баштайт (геометриялык фигураларды тааный билүү, ченей билүү ж.б.у.с.)

## Математикалык билим берүүдө колдонулуучу методдор

Окутунун методдору-бул окуучулардын билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болууларына алардын тарбияланып, өсүп-өнүгүүлөрүн камсыз кылууга багытталган мугалим менен окуучулардын өз ара байланышкан ишмердүүлүктөрүнүн иретке салынган ыкмалары. Адатта, мугалим гана активдүү болуп, анын айтып көрсөткөндөрү, ошого байланыштуу түшүндүрүү методу негизги орунду ээлеп келген. Окуучуларга угуу жана кайра айтып берүү аракети гана ыйгарылган. Мындай жагдай азыркы талаптарга жооп бербейт, биздин жогоруда белгиленген принциптерибизге да туура келбеси көрүнүп турат.

Чындыгында, эң негизги талап-окуучулар менен мугалимдин ортосунда биргелешкен кызматташтык орун алышы. Сабак биринчи иретте окуучунун аракеттенүү процесси болууга тийиш. Ага өз алдынча иштөөгө, ой жүгүртүүгө убакыт да, мүмкүнчүлүк да берүү ылайык. Мында мугалимге жетектөөчү жана уюштуруучу иштери гана ыйгарылган жакшы. Сабактын негизги бөлүгүн окуучунун китеп менен иштөөсүнө багыттап, ал китептеги сүрөттөрдү, белгилерди, алардын ичинде камтылган математикалык материалдарды, тапшырмаларды түшүнүп, үйрөнө алгандай жагдайды түзүү максатка ылайык. Ошону менен бирге **бардык окуучулар кур дегенде үлгү боюнча өз алдынча иштерди аткарууга үйрөнүүлөрү тийиш.** ( Үлгү боюнча өз алдынча иштерди аткарууда – окуучу үлгүгө карап, ошого окшош болгон тапшырманы гана аткарат, бирок үлгү боюнча иштей албаган балдар да аз эмес). Үлгү боюнча иштөөдө окуучулар ишти түшүндүрүп (комментариялап) аткаруулары зарыл. Түшүндүрүп аткаруу өзгөчө оозеки жана жазуу жүзүндөгү

эсептөө ыкмаларын калыптандырууда, маселени чыгарууну үйрөнүүдө пайдаланылганы жакшы. **Деңгээли бийигирээк иштерге өзгөртүп түзүү (вариативдик) өз алдынча иштер кирет**. Мында окуучуга алган билимдерин бир аз өзгөртүлгөн шарттарда же башкачараак жагдайларда пайдалануу талабы коюлат. Бул сыяктуу иштер кээ бир окуучулар үчүн оор, кээ бирөөлөрү үчүн дегеле жеткиликтүү эмес болушу мүмкүн. Мугалим аларга жекече мамиле жасап, талкуулоо аркылуу аларды аткаруунун үлгүсүн көрсөтүп иш жүргүзөт. Акырында, **эвристикалык жана чыгармачылык өз алдынча иштер да орун алышы керек**. Алар кандайдыр бир эсептөөнүн жаңы ыкмасын же жаңы теманы киргизүүдө сунуш кылынат. Ушу сыяктуу иштерди аткарып кеткендердин саны адатта көп болбойт (бир класстан 2-3 окуучу чыгышы мүмкүн). Ошентсе да аларды сунуш кылыш керек, анткени алар калган балдардын оюн козгоп, проблемалык жагдай түзүп, жаңы билимди алууга даярдайт. Тигил же бул математикалык материалды сунуш кылууда же кандайдыр бир көндүмдү калыптандырууда оюн жагдайын түзүп, же оюн түрүндөгү көнүгүүлөрдү берүү жакшы. Бирок мында да балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу туура болот. Мисалы, 1-класста берилген оюндар 4-класска ылайыксыз (тажрыйбада ушундай жагдай кезикпей койбойт, мисалы, мугалим өзү өздөштүрүп алган бир эле оюнду класстан класска өтүп пайдалана берет).

Жыйынтыктап айтканда, математиканы окутууда колдонулуучу методдор баланын өз алдынча ишмердүүлүгүн калыптандырууга багытталуусу тийиш.

## МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КАРАЖАТТАРЫ

Математика боюнча окуу китептер – математикалык билим берүүнүн эң негизги каражаты. Ал билим берүүнүн үч функциясын тең чагылдырып, жогоруда белгиленген принциптерге таянуусу зарыл. Атап айтканда, математикалык материалдарды сунуш кылууда, аларды конкреттештирип тиешелүү тапшырмаларды берүүдө, илимийлүүлүк принцибин сактоо менен бирге окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүн калыптандырууга багыттоо жана балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып, жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу керек. Андыктан, «китеп окуучу үчүн» деген талапты коюу ылайыктуу. Ал үчүн жаңы теманы киргизүүдө аны окуучулардын мурдагы билгендери менен байланышырып сунуш кылууга болот. Алсак, 5ти кошуунун жадыбалын киргизүү ага чейинки сандарды кошуу жадыбалдарын киргизүү сыяктуу жүргүзүлөт. Демек, китепте ушул жагдай чагылдырылат да, балдар жаңы жадыбалды өз алдынча, мурдагыларга таянып кабыл ала алышат. Мында алар салыштыруу, аналогия түзүү, корутундулоо сыяктуу ой жүгүртүүнүн ыкмаларын пайдаланышат. Дагы бир мисал: үч орундуу сандарды кошуу-кемитүү мурда өтүлгөн эки орундуу сандар менен болгон тиешелүү амалдарга негизделет. Мында да окуучулар мурдагы билимдерге таянып эреже чыгарууга мүмкүнчүлүк алышат. Мындай жагдайды башталгыч математиканын бардык материалдары боюнча аныктаса болот. 1-класстын китебинин мүнөзү өзгөчө болушу ыктымал. Ал китеп менен жумушчу дептердин бири-бирине сиңирилген синтези түрүндө болуп, математикалык материалдар, окуучуларга берилүүчү тапшырмалар жана аларды аткаруу бир эле китепте берилиши мүмкүн. Башкача айтканда, окуучу китептен математикалык фактылар менен таанышып, ошол эле китептин бетине ар кандай тапшырмаларды аткарып, тиешелүү билим, көнүгүү жана ыктарга ээ болот (ушул сыяктуу куралды китеп-дептер деп атоо туура, анткени, ал китеп эле эмес, дептердин да ролун аткарат). Китеп - дептер мектепке жаңы келген окуучулар үчүн эң ылайык, анткени алардын өз алдынча аракеттенүүсүн уюштурууга жакшы шарт түзүп, кызыгуусун арттырып, китеп менен иштөөгө үйрөтөт.

Китептен тышкаркы башталгыч билим берүүдө ар кандай дидактикалык материалдар (тапшырма жазылган карточкалар), доскага чийилген чиймелер (геометриялык фигуралар, диаграммалар, схемалар), демонстрациялык материалдар (оюнчуктар, моделдер, геометриялык фигуралар), демонстрациялык доска, экрандык каражаттар (диафильмдер, кинофильмдер, слайддар), окуучуларга таратылып берилүүчү каражаттар (геометриялык фигуралар, тегерекчелер, таякчалар, оюнчуктар) кеңири колдонулат.

## МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ

Математикалык билим берүүнүн, уюштуруунун негизги формасы катарында сабак эсептелинет. Мындан тышкары экскурсияларды, практикалык иштерди өткөрүүгө болот: мисалы, айлана-чөйрөдөгү нерселердин формаларын байкоодо, ченөө иштерин жүргүзүүдө ж.б.у.с.

Сабактын төмөнкү түрлөрү орун алышы мүмкүн: жаңы билим берүү сабагы, окуучулардын билимин, билгичтигин калыптандыруу сабагы, аралаш максаттагы сабак (комбинацияланган), окуучулардын билгичтик жана көндүмдөрүн текшерүүгө багытталган сабак. Сабактын бул түрлөрүнүн баары кандайдыр бир теманы өтүүдө орун алып, өзүнчө системаны, сабактардын блогун түзөт. Ошондуктан, ошол сабактардын ортосунда байланыштар болуп, балдардын билимдерин жана окуп үйрөнүү иш-аракеттерин калыптандырууга багытталат. Ар бир сабакта өз алдынча иштердин түрлөрү ар кандай айкалышып турушу ыктымал. Мисалы, жаңы билим берүү сабагында проблемалык жагдай түзүш үчүн эң мурда эвристикалык аңгеме же чыгармачылык менен өз алдынча изденүү башталат да, алынган билимди пайдаланууну вариативдик иш менен улантып, окуучулардын билгичтиктерин аттырырууга арналган өз алдынча иштерди өткөрүүгө болот. Ал эми кийинки сабакта, тескерисинче, жумушту үлгү боюнча иштетүүдөн баштап (билгичтиктерди жана көндүмдөрдү пайда кылуу) чыгармачылык иш менен бүткөн (алган билим жана билгичтиктерди жаңы шарттарда пайдалануу) жакшы. Математикалык материалдарды класстар боюнча конкреттештирүү 1-класста жумасына 4 сааттан, 2-3-классарда - 5 сааттан, 4-класста – 6 сааттан деп эсептелип жүргүзүлөт.

### 1-КЛАСС
### (жумасына – 4 саат, бардыгы-136 саат)

**I. Буюмдардын касиеттери. Геометриялык фигуралар (12саат).**

Буюмдардын берилген тобунан белгилүү касиетке (түскө, өлчөмгө, формага) ээ болгон бир же бир нече буюм бөлүп алуу. «Ар бирөө», «бирөөнөн башкасы», «калгандары» сыяктуу сөздөрдүн, терминдердин мааниси, геометриялык жөнөкөй фигуралар: тегерек, үч бурчтук, квадрат, беш бурчтук жб.

Буюмдардын мейкиндикте жайгашуусу («жогору жагында», «төмөн жагында», «арасында», «оң жагында», «сол жагында»).

Буюмдардын өлчөмдөрүн салыштыруу: («чоң», «кичине», «ошондой узундукта», «узунураак», «кыскараак», «ичкерээк», «жоонураак», «жазыраак», «тарыраак»,).

Буюмдардын топторун салыштыруу; «канча болсо ошончо», «көп», «аз».

**II. Сан. Чоңдук (42 саат)**

0дөн 20га чейинки сандардын аталышы жана белгилениши, тиешелүү сан катары. Буюмдарды саноо. Сандарды салыштыруу. «Чоң», «кичине», «барабар» түшүнүктөрү. >, <,= белгилери.

Чекит жана сызык. Кесинди жана анын узундугу. Кесиндинин узундугун ченөө. Узундук чен бирдиктери - сантиметр, дециметр. Аралык түшүнүгү.

Ондуктар менен саноо. Ондуктар жана бирдиктер менен саноо.

**III. КОШУУ ЖАНА КЕМИТҮҮ АМАЛДАРЫ (70 саат)**

Кошуу амалы. «+» белгиси. «Кошулуучулар» жана «сумма» терминдери. Кошуунун касиеттери. Кемитүү амалы. «–» белгиси. Кемүүчү, кемитүүчү, айырма терминдери. Кемитүүнүн касиеттери. «Плюс», «минус» терминдери. Бир орундуу санга 0, 1, 2, 3, 4 сандарын кошуу. Сандан 0, 1, 2, 3, 4 сандарын кемитүү. Кошуунун (кемитүүнүн) жадыбалы түшүнүгү. 1ди, 2ни, 3тү, 4тү кошуунун (кемитүүнүн) жадыбалдары. Берилген сандан бир нече бирдикке чоң (кичине) сан түшүнүгү-1 амалдуу жөнөкөй маселелерди кошуу жана кемитүүнүн жардамы менен чыгаруу.

**КАЙТАЛОО (12 саат)**

**1-классты бүтүрүүчүлөр ээ боло турган негизги билгичтиктер**

– 20га чейинки сандарды окуу жана жазуу;

– бардык бир орундуу сандарга 0, 1, 2, 3, сандарын кошуудан келип чыккан жыйынтыктарды - кошуунун жадыбалдарын жатка билүү;

– 0, 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, цифраларын жана «+», «–», «=», *см, дм* белгилерин таанып жана пайдалана билүү;

– кошуу жана кемитүү амалдарынын жардамы менен бир амалдуу маселе чыгаруу;

– кесиндинин узундугун сызгычтын жардамында ченей билүү;

– тегерек, үч бурчук, квадрат, кесинди сыяктуу жөнөкөй геометриялык фигураларды тааный билүү.

**2-КЛАСС**

**(жумасына – 5 саат, баардыгы – 175 саат)**

**I. Бир орундуу сандарды кошуу жадыбалдары (50 саат).**

Кошуунун кемитүү менен болгон байланышы. Бир орундуу сандарды кошуу жадыбалы жана аны кемитүүгө пайдалануу. 2 амалдуу маселе.

Сынык сызык жана анын узундугу. Көп бурчтук жана анын периметрин табуу. Айлана. Тегерек. Айлананын радиусу жана борбору.

**II. 100 ичиндеги сандар. Кошуу жана кемитүү (60 саат).**

100 ичиндеги сандарды оозеки жана жазуу жүзүндө номерлөө.

Сандарды салыштыруу.

Сандарды жазуу түрүндө кошуу жана кемитүү. Сан туюнтмасы жана анын мааниси. Кашаалар. Туюнтмалардагы амалдарды аткаруу тартиби. Салмакты ченөө. Салмактын бирдиги: килограмм (*кг*).

Узундукту ченөө. Узундуктун бирдиги: метр (*м*).

Суюктуктун көлөмүн ченөө: литр (*л*). Тик бурч. Тик бурчтук. Квадрат.

**Ш. Көбөйтүү жана бөлүү (55 саат).**

Көбөйтүү. Көбөйтүүнүн белгиси – (·). Көбөйтүүнүн касиеттери. «Көбөйтүндү», «көбөйтүүчүлөр» терминдери.

Бөлүү. Бөлүүнүн белгиси – (:). Бөлүүнүн касиеттери. «Тийинди», «бөлүнүүчү», «бөлүүчү» терминдери. Көбөйтүү менен бөлүүнүн байланышы. Сандарды 2, 3, 4 кө көбөйтүү жана бөлүүнүн жадыбалдары. Сандын жарымын, үчтөн бир жана төрттөн бир бөлүгүн табуу. Жөнөкөй маселелерди көбөйтүү жана бөлүүнүн жардамы менен чыгаруу. 1-2 амалдуу (анын ичинде мынчага көп, мынчага аз түшүнүктөрүн камтыган) маселелерди кошуу кемитүү, көбөйтүү, бөлүүнүн жардамы менен жана туюнтма жазып чыгаруу.

**КАЙТАЛОО (10 саат)**

**2-классты бүтүрүүчүлөр ээ боло турган негизги билгичтиктер**

– Кошуунун жадыбалдарын жатка билүү;

– 2, 3, 4 кө көбөйтүүнүн жадыбалдарын жатка билүү;

– кошуу, кемитүү амалынын оозеки аткаруу ыкмаларын (бөлүк-бөлүк менен кошуу, тегерек санга толуктоо ыкмасы ж.б.у.с.) пайдалана билүү;

– 100кө чейинки сандарды окуу, жазуу жана салыштыруу;

– жөнөкөй туюнтмаларды окуу жана жазуу (сумма, айырма, көбөйтүндү, тийинди);

– кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүүгө 1-2 амалдарды талап кылган жана «мынчага чоң», «мынчага кичине» катыштарды өз ичине камтыган тексттүү арифметикалык маселелерди чыгаруу;

– кесиндини, квадратты, тик бурчтукту чакмак сызыктуу баракка чийүү;

– көбөйтүү(·), бөлүү (:), *м, кг,* кашаа () белгилерин пайдалана билүү:

## 3-КЛАСС
## (жумасына-5 саат, бардыгы-175 саат)

**I. Миңдиктер. Кошуу жана кемитүү. (33 саат).**

Миңдиктерди оозеки жана жазуу жүзүндө номерлөө. 3-4 орундуу сандар. Узундукту ченөө. Узундук чен бирдиги-миллиметр (*мм*). Узундук чен бирдиктеринин арасындагы катыштар: 1*м*=10*дм*, 1*м*=100*см*, 1*дм*=10 *см*, 1*см*=10*мм*.

Фигураларды тамга менен белгилөө.

Тегерек жана айлана. Диаметр. Сызгыч жана циркуль менен иш жүргүзүү.

3 жана 4 орундуу сандарды оозеки жана жазуу жүзүндө кошуу, кемитүү.

**II. Көбөйтүү жана бөлүү жадыбалдары (50 саат).**

Сандарды 5ке, 6га, 7ге, 8ге, 9га, көбөйтүүнүн жана бөлүүнүн жадыбалдары. Сандын бөлүгүн табуу.

Үч амалдуу маселе.

Фигуралардын аянты. Палетка. Аянттын бирдиктери: квадрат метр (м), квадрат децимер (*дм*), квадрат сантиметр (*см*), квадрат миллиметр (*мм*). Тик бурчтуктардан түзүлгөн фигуранын аянты.

Тамганы камтыган туюнтма. Бир тамгалуу туюнтманын мааниси.

Сандарды салыштыруу. «Бир нече эсе чоңойтууну», «бир нече эсе кичирейтүүнѝ» өз ичине камтыган маселелер.

Барабардык, барабарсыздык, теңдеме түшүнүктөрү. Жөнөкөй теңдемелерди чыгаруу.

**III. Көбөйтүү жана бөлүү (87 саат).**

10го, 100гө, 1000ге, көбөйтүү. Нөл менен бүткөн сандарды бир орундуу санга көбөйтүү.

Сумманы санга көбөйтүү. 2, 3, 4 орундуу сандарды бир орундуу санга көбөйтүү.

Калдыкты бөлүү. Сандарды 10го, 100гө, 1000ге бөлүү. Сумманы санга бөлүү. 2, 3, 4 орундуу сандарды бир орундуу санга бөлүү.

Узундук жана салмак чен бирдиктери: километр жана грамм. Алардын башка чен бирдиктери менен болгон байланышы:

1*км*=1000 *м*, 1 *кг*=1000*г*.

Аттуу сандар жана алар менен болгон амалдар.

Туюнтмадагы амалдарды аткаруунун тартиби.

Эки орундуу санга көбөйтүү жана бөлүү.

Бардык амалдарга карата тексттүү маселелерди чыгаруу.

Теңдеме чыгаруу. Жөнөкөй маселени теңдеме түзүү аркылуу чыгаруу.

## КАЙТАЛОО (5 саат)

### 3-классты бүтүрүүчүлөр ээ боло турган негизги билгичтиктер

– көбөйтүүнүн жадыбалдарын жатка билүү;

– курама туюнтмалардагы амалдардын тартибин билип, мисалдарда пайдалана алуу;

– 3 жана 4 орундуу сандарды окуу, жазуу жана салыштыруу, 10 миңге чейинки сандарды жазуу жүзүндө кошуу жана кемитүү, аларды бир орундуу санга көбөйтүү жана бөлүү;

– «эсе чоң», «эсе кичине» тѝшѝнѝкт¸рѝн өз ичине алган тексттүү арифметикалык маселелерди, ошондой эле кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүү амалдарынын жардамы менен курама маселелерди чыгаруу;

– бир сан экинчисинен канча бирдикке чоң же кичине, бир сан экинчисине канча эсе чоң же кичине болорун аныктай билүү;

– тик бурчтуктун (квадраттын) периметрин жана аянтын *P* жана *S* тамгалары менен белгилеп, маанилерин эсептей билүү;

– чоңдуктардын бирдиктеринин белгилерин пайдалана билүү: мм, см, м, *мм, дм, м, км, г, кг, л, мин, сек.*

– циркуль менен иштей билүү (айлана сызуу).

## 4-КЛАСС

### (жумасына-6саат, баардыгы-205 саат)

**I. Сандар жана чоңдуктар (48 саат).**

Миңдиктер жана алар менен болгон арифметикалык амалдар.

Үлүштөр. Сандарды номерлөөнүн ондук системасы. Миллион ичиндеги көп орундуу сандарды оозеки жана жазуу жүзүндө номерлөө. Чоңдуктар жана алар менен болгон амалдар. Узундук жана салмак. Баа, сан жана нарк; бир калыптагы түз сызыктуу кыймылдын ылдамдыгы, өтүлгөн жол жана убакыт чоңдуктарынын арасындагы көз карандылыкка мисалдар. Кыймылга карата маселелерди чыгаруу. Сан огу. Квадрат жана тик бурчтукту берилген жактары боюнча түзүү. Фигуралардын перимерлерин жана аянтарын табууга маселелерди чыгаруу.

**II. Көп орундуу сандарды кошу жана кемитүү (25 саат).**

Кошуунун орун алмаштыруу жана топтоштуруу касиеттери.

Тамгалардын жардамы менен амалдардын касиеттерин жазуу. Көп орундуу сандарды кошуу жана кемитүү. Кошуу жана кемитүүнү оозеки жана жазуу жүзүндө аткаруунун ыкмалары. Тамга эки жолу катышкан туюнтмалардын маанисин табуу. Татаал туюнтмалардагы амалдардын тартиби. Жөнөкөй теңдемелерди чыгаруу.

**III. Көп орундуу сандарды көбөйтүү (40 саат).** Көбөйтүүнүн орун алмаштыруу жана топтоштуруу касиеттери. Бирге жана нөлгө көбөйтүүнүн касиеттери. Кошууга (кемитүүгө) карата көбөйтүүнүн бөлүштүрүү касиеттери. Көбөйтүүнүн касиеттерин тамгалардын жардамы менен жазуу. 1 миңге жана 10 миңге көбөйтүү. Көп орундуу сандарды бир орундуу, эки орундуу сандарга көбөйтүү. Сандарды көбөйтүүнүн оозеки ыкмалары. Туюнтмалардын сан маанисин табуу. Көбөйтүүчүлөр менен көбөйтүндүнүн арасындагы байланыштар. Жөнөкөй теңдемелерди чыгаруу.

**IV. Көп орундуу сандарды бөлүү (85 саат).**

Сумманы санга бөлүү. Бөлүүдөгү нөлдүн жана бирдин касиеттери. Бөлүүнүн касиетерин тамгалардын жардамы менен жазуу.

Көп орундуу сандарды бир орундуу, эки орундуу, үч орундуу сандарга бөлүү.

1 миңге, 10 миңге бөлүү. Туюнтмалардын сан маанисин табуу.

Бөлүнүүчү, бөлүүчү жана тийиндинин арасындагы байланыштар. Жөнөкөй теңдемелерди чыгаруу.

Миллион ичиндеги сандар менен жүргүзүлүүчү арифметикалык амалдар.

Узундук, салмак, аянт, убакыт бирдиктери. Чоңдуктардын бирдиктеринин арасындагы катнаштар.

Куб жана параллелепипед. Алардын беттеринин аянты. Пирамида жана шар жөнүндө жалпы түшүнүк.

**КАЙТАЛОО (7 саат)**

Натуралдык сандар, алар менен жүргүзүлүүчү амалдар, негизги чоңдуктар жөнүндөгү билимдерди системага келтирүү жана жалпылоо.

**БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДӨ КАЛЫПТАНА ТУРГАН МИНИМАЛДЫК БИЛИМДЕРДИН ЖАНА ИШ-АРАКЕТТЕРДИН ЖАЛПЫЛАНГАН ЖЫЙЫНДЫСЫ**

– Китеп менен иштей билип, андагы тапшырмаларды, суроолорду, талаптарды түшүнө билүү;

– сунуш кылынган тапшырманын максатына түшүнүп, аны пландаштырып, тиешелүү иш-аракеттерди, ыкмаларды аткара билүү;

– өзүнүн жана башкалардын каталарын аныктай билүү;

– өз оюн так түшүндүрүп далилдей берүү;

– математикалык терминдерди, белгилерди туура пайдаланып, өзүнүн иш-аракеттерин түшүндүрө билүү;

– талдоо, салыштыруу, аналогия түзүү жана жалпылоо ыктарына ээ болуу;

– математиканын предметин (чөйрөнүн сан, форма, өз ара жайгашуу касиеттерин) түшүнүү;

– сандын функцияларын түшүнүү;

– сан катарынын касиеттерин, сандын түзүлүшүн (номерлөөнүн ондук системасын) билүү;

– амалдардын маңызын, оозеки жана жазуу жүзүндөгү аткаруу алгоритмдерин пайдалана билүү;

– амалдардын жадыбалдарынын түзүлүшүн түшүнүү менен аларды жатка билүү;

– жөнөкөй чоңдуктар менен иш жүргүзө билүү;

– сызгыч, бурчтук, циркуль менен геометриялык фигураларды түзүү, ченөө, геометриялык чоңдуктарды эсептөө ыктарына ээ болуу;

– математикалык объектилерди белгилөө (цифра түшүнүгү, арифметикалык белгилер, тамга) принциптерин түшүнүү;

– сан жана тамгалуу туюнтмаларды түзүп жана маанилерин аныктай билүү;

– барабардык жана барабарсыздык, теңдеме түшүнүктөрүн ажырата билүү;

– татаал туюнтмадагы амалдардын тартибин туура пайдалана билүү;

– маселе, анын струкурасы, чыгаруу, шартын кыскача жазуу (моделдештирүү) сыяктуу түшүнүктөрдү билүү.

**ОКУУЧУЛАРДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК ДАЯРДЫК ДЕҢГЭЭЛИНЕ КАРАТА МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР.**

Башталгыч мектептин бүтүрүүчүсү төмөнкү билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болууга тийиш:

**1. Сан түшүнүгүнө байланыштуу**:

– миллион ичиндеги натуралдык сандарды ондук системасында окуп жана жазып берүү;

– «>», «<», «=», белгилерин пайдаланып сандарды салыштыруу;

– сан катарынын ар кандай кесиндисин түзүп, андагы сандардын ордун жана иретин таап, салыштыра билүү;

**2. Арифметикалык амалдарга байланыштуу**:

– кошуу, кемитүү, көбөйтүү, бөлүүнүн, жадыбалдарын (таблицалык учурларын) жатка билүү;

– 100 ичиндеги сандар менен болгон амалдарды оозеки эсептөө ыкмаларын (бөлүк-бөлүк менен кошуу, кемитүү, тегерек санга толуктоо, амалды жогору разряддан баштоо ж.б. у.с.) билип, анча татаал эмес мисалдарды чыгаруу;

– 2-3 орундуу сандарды кошуу жана кемитүү; 2-3 орундуу сандарды бир жана эки орундуу сандарга көбөйтүү; 3-4 орундуу сандарды бир жана эки орундуу сандарга бөлүү;

**3. Туюнтма түшүнүгүнө байланыштуу**:

– «сумма», «айырма», «көбөйтүндү», «тийинди» терминдерин жана амалдардын компоненттеринин аттарын пайдаланып ар кандай туюнтмаларды окуй билүү;

– 2-4 амалды камтыган кашаалары бар же кашаасыз сан туюнтмасынын маанисин таба билүү.

**4. Арифметикалык маселе түшүнүгүнө карата:**

**–** жөнөкөй маселелерди чыгара билүү;

– 2-3 амалдуу маселелерди чыгара билүү (алардын ичине мынчага көп (аз), мынча эсе көп (аз), чоң кичине түшүнүктөрүн, ошондой эле ар кандай чоңдуктарды (баа, нарк, убакыт, ылдамдык, аралык) камтыган маселелер да кирет);

– андын ар кандай үлүшүн (теңин, үчтөн бирин, чейрегин, бештен бирин… ондон бирин) таба билүү.

**5. Геометриялык материалдарга карата:**

**-** төмөнкү геометриялык фигураларды: чекит, кесинди, үч бурчтук, төрт бурчтук (анын ичинен тик бурчтук жана квадрат), беш бурчтук, айлана, тегеректи тааный билүү;

– сызгычтын, бурчтуктун жана циркульдун жардамы менен кесинди, үч бурчтук, айлана, тик бурчтук (квадрат) фигураларын түзө билүү;

– узундуктун чен бирдиктерин (*мм, см, дм, м, км*) атап, алардын байланыштарын билүү;

– аянттын чен бирдиктерин ($мм^2$, $см^2$, $дм^2$, $м^2$) атап, алардын байланыштарын билүү;

– кесиндини (фигуралардын жактарынын узундуктарын) ченөө;

– тик бурчтуктун (квадраттын) периметрин жана аянтын эсептөө.

# *МЕКЕН ТААНУУ*

## ТҮШҮНҮК КАТ

Мамлекетибиздин саясий-экономикалык жактан өсүп-өнүгүшү,

чыңдалышы жаш муунга сапаттуу билим-тарбия берүүгө түздөн-түз байланыштуу. Окутуунун мазмунун доордун талабына ылайык деңгээлге жогорулатуу бүгүнкү күндөгү кечиктирилгис милдеттердин бири болуп болуп эсептелет. Буга байланыштуу, мектеп окуучусуна билим – тарбия берүү менен гана чектелбестен, аны турмушка даярдоо, б.а. компетенттүүлүктү калыптандыруу милдети коюлууда.

Окуучунун аң -сезиминде дүйнөнүн илимий картинасын калыптандыруу менен катар эле, алынган маалыматка таянып, өз жашоосун жана иш-аракетин рационалдуу уюштура билүүгө үйрөтүү зарыл.

Мекен таануу предметинин мазмунунда адам менен чөйрө, адам менен жаратылыш ажырагыс бир бүтүн система катарында каралат. Анткени жаратылыш – касиеттүү Жер эне, киндик кан тамган жер. Анда туулуп өскөн жерибиздин тоо-ташы, суусу, топурагы жатат. Калайык журтубуздун басып өткөн жолу, турмушу бар. Ошондуктан бул предмет жаратылышты элдин турмушу менен кошо окуткан интеграцияланган курс болуп эсептелет. Башкача айтканда, жер менен эл деген түшүнүк чогуу каралат да, эл-жерин сүйгөн инсандарды тарбиялоо максаты көздөлөт.

Предметтин өзөгүн жогорку класстарда окутулуучу табигый-илимнй циклдеги предметтер (астраномия, химия, биология, физика, география) түзөт да, алар адабият, тарых, адеп музыка, сүрөт, тил үйрөнүү, этнография менен интеграцияланып, окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык берилет.

Мекен таануу окуу предметинин мазмунун калыптандырууда төмөндөгү принциптер жетекчиликке алынат:

-илимийлүүлук, ырааттуулук, уланмалуулук, окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, турмуштук тажрыйбасына таянуу, дүйнө таануу талабына негизделүү;

-окуу предметтерин интеграциялоо;

-билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү процесстерин өзара айкалышта алып баруу;

-окуучулардын өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруу;

-мамилелешүү. ар кандай турмуштук кырдаалдарда жол таба билүү компетент-түүлүгүн калыптандыруу;

-жашаган жериндеги салтты, рухий мурастарды сыйлоого тарбиялоо;

-жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөргө багытталуу жана улуттук дөөлөттөргө, мурастарга негизделүү.

-окуучулардын өз алдынча билим алышына жана өзүн-өзү тарбиялашына шарт түзүү:

<u>Мекен таанууну мазмунун калыптандырууга тиешелүү негизги принциптер-интеграциялоо, экология, элдик мураска негизделүү окуучунун рухиий дүйнөсүндө ыймандуутукту өнүктүрүүгө түздөн-түз кызмат өтөйт.</u> Мекен таанууда табигый жана социалдык дүйнө бирге каралып, баланын аң-сезиминде дуйнөгө карата бүтүндөй системалуу билим калыптанууга тийиш. жаңылоодо төмөндөгү талаптар жетектөөчү мааниге ээ:

- окуучулардын чыгармачылык шыгын өнүктүрүүнү камсыз кылган инсанга багытталган билим-тарбия берүү;

- мазмунду гумандаштыруу, маданиятташтыруу аркылуу рухий-адептик, эстетикалык, коммуникативдик билим-тарбия берүү;

-окуу жүктөмүн азайтуу менен окуучулардын ден соолугун сактоого шарт

түзүү

-билим берүүнүн мазмунун интеграциялоо аркылуу курчап турган дүйнөнү бүтүндөй толук окутууга шарт түзүү;

## МЕКЕН ТААНУУ ПРЕДМЕТИНИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТИ

-Кенже мектеп окуучусунун аң-сезиминде дүйнөнүн илимий картинасын түзүү, аалам, жаратылыш жана адам жөнүндө алгачкы илимий түшүнүктөрдү берүү менен диалектикалык-материалисттик көз карашты калыптандыруу, жогорку класстарда окутулуучу табигый-илимий предметтерди өздөштүрүүгө негиз түзүү;
-кенже мектеп окуучусунун көңүл буруусун, элестетүүсүн, ой жүгүртүүсүн, эске тутуусун, өз алдынчалыгын, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн, таанып-билүү ишмердүүлүгүн, өз күчүнө ишенимин өстүрүү;
-экологиялык маданият, табигый-илимий маданият, эстетикалык маданият, турмуштук билимдер аркылуу чынчылдыкка, чечкиндүүлүккө, тайманбастыкка, элин, жерин сүйүүгө, коргоого тарбиялоо,

## МЕКЕН ТААНУУ ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНУ

Предметтин мазмуну Аалам, Жер бетиндеги жаратылыш, кыргыз жеринин жаратылышы, жаратылыш жана адам, жаратылыш жана маданият аттуу
мазмундук багыттардан турат.
Аталган багыттар өз алдынча төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат:

I. ЖАРАТЫЛЫШ
Аалам.
Күн — жашоонун булагы. Жыл мезгилдери.
Жер — ааламдын бир бөлүгү, кыргыз жери — керемет.
Биз жашаган жер. Ата журт. Ата мекен.
П. Жер бетиндеги жаратылыш.
Аба, суу, топурак, кен байлыктар.
Өсүмдүктөр жана жаныбарлар, аларды коргоо.
Ш. Кыргыз жеринин жаратылышы,
Тоолор, жайлоолор, токойлор, көлдөр, дарыялар, булактар, суу сактагычтар.
Элибиздин чарбалык иштери, жаратылыш менен байланышы.
Жаратылышты коргоо (кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы экологиялык мурастар).
1У. Жаратылыш жана адам
Адамдын дене түзүлүшү
Ден соолукту сактоо жана этияттык чаралары
У .Жаратылыш жана маданият
Жаратылыш музыкада. Жаратылыш жана искусство. Жаратылыш жана кол өнөрчүлүк

Курстун мазмунун аныктоодо жана аларды класстар боюнча бөлүштүрүүдө окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл.

Улам жогорку класска өткөн сайын окуу обьектилери кеңейе берет. Буга байланыштуу, ар бир класстын программасынын негизги темасы бөлүнүп ат коюлду. Төмөнкү таблицаны карагыла:

КЛАССТАР НЕГИЗГИ ТЕМАЛАР

| | |
|---|---|
| I класс | Мен жана айлана чөйрө. |
| II класс | Жаратылыш жана биз. |
| III класс | Ата Мекенимдин жаратылышы жана элдин турмушу (Кыргыз жери – керемет). |
| IV класс | Аалам жана биз. |

1-класста жашаган жердин жаратылышы (Мен жана айлана чөйрө), 2-класста район же өрөөндүн жаратылышы,жаратылыш менен адамдын жашоо-тиричилигинин байланышы, 3-класста Ата мекенимдин жаратылышы ,. 4-класста аалам жөнүндө алгачкы түшүнүктөр киргизилип, окуучулардын таанып-билүү чөйрөсү мурдагыдан да кеңейет. (Аалам жана биз).

## «МЕКЕН ТААНУУ» ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДАГЫ МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

«Мекен таануу» курсу интеграцияланган, көп тармактуу предмет, аны окутуу мугалимдердин аракетин, чыгармачылыгын көп талап кылат.

Окутуунун негизги формасы болуп сабак эсептелет. Окуу планы боюнча ар бир класста жылына 34 саат бөлүнгөн.

**Сааттардын бөлүнүшү**

| Класстар | I чейрек | II чейрек | IIIчейрек | IVчейрек | Баары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 класс | 9 | 7 | 9 | 9 | 34 |
| 2 класс | 9 | 7 | 9 | 9 | 34 |
| 3 класс | 9 | 7 | 9 | 9 | 34 |
| 4 класс | 9 | 7 | 9 | 9 | 34 |
| | | | | | |

Ошондой эле класстык сааттарды жана мектеп компонентине бөлүнгөн убакыттан жумасына дагы бир саатты кошумча пайдалануу максатка ылайыктуу.

Сабакта ар кандай проблемалык суроолор коюлуп, окуучуларга тажрыйбаларды, байкоолорду жүргүзүү, жыйынтыгын дептерге же альбомго жазуу тапшырылат.

Окуучулар өз алдынча чыгармачылык иштерди аткарышат. Алар активдүү аракеттенгенде гана сабак жогорку эмоционалдык духта өтүп, алардын сезимине сиңип, пайдалуу болоорун тажрыйба көрсөтүүдө.

1-КЛАСС

**МЕН ЖАНА АЙЛАНА ЧӨЙРӨ 34 саат**

**1-чейрек 9 саат**

Ата мекеним—Кыргызстан. Кыргыз Республикасынын символикалары Герб, Туу жана Гимнде өлкөбүздүн жаратылышынын өзгөчөлүгүнүн чагылдырылышы . 1саат.

Мектебим. Биздин класс. Мектептеги жүрүм-турум эрежелери. Мектептеги бир күнкү окуялар.1 саат.

Биздин үй-бүлө. Үйдөгү эмгек. Үйдөгү мамиле.1 саат.

Айланадагы нерселердин жана кубулуштардын ар түрдүүлүгү жана окшоштугу. Түзүлүшү, түсү, формасы, өлчөмү боюнча окшош нерселер. Үйдөгү буюмдардын түрлөрү, окшоштугу, айырмасы. 2 саат.

Менин денем. Мүчөлөрүмдү атай билем. Денемди ар дайым түз алып жүрөм. Сымбаттуу болуп өсөм.1 саат

Тазалыктын мааниси жана ден соолук. Тырмак жана чачты таза алып жүрүү. Тиш щетканы пайдалана билүү. 1 саат.

Убакыт. Күн тартиби. Убакытты баалай билүү. Тактыкка үйрөнүүнүн зарылдыгы. 1 саат.

Кайталоо.1 саат.

**2-чейрек . 7 саат**

Биздин үй. Буюмдар дүйнөсү. Өзүнө тиешелүү буюмдарды туура пайдалана билүү. Буюмдарды айырмалай билүү. Буюмдарды туура атай билүү.1 саат.

Үйдөгү шаймандар. Алардын түрлөрү, аталышы, колдонулушу. Үйдү, короо – жайды тазалоо, таштандыларды бөлүштүрүү жана аларды ыңгайына жараша пайдалана билүү.1 саат.

Электр буюмдары, алардын аталышы жана колдонулушу.Электр буюмдарынын айырмасы жана окшоштугу. Электр буюмдарын пайдаланууда этият болуу чаралары.1 саат.

Этияттык чаралары .Өмүрүңдү сакта, этият бол! Өрт эмнеден чыгат? Жолдон кантип өтүү керек? Ийне, айнек, бычак, кайчыны колдонуудагы этияттык, ар кандай кырсыктардан сак болуу.1 саат.

Мектепке барчу жол жана этияттык.1 саат.

Тазалык жана тыкандык. Тазалыкты сактоонун зарылдыгы. Класстын. мектептин тазалыгы.1 саат.

Кайталоо.1 саат.

**3-чейрек .9 саат**

Менин досторум. Сабырдуулук жана чыдамдуулуктун зарылдыгы. Кезек күтүү. Кыргызстандагы элдер. Башка улуттардын салтын сыйлоо
жана өз элинин салтын, тилин өнүктүрүүнүн зарылдыгы.**1 саат.**

Жүрүм-турум эрежелери. Рахмат айтуу, кечирим суроо, уруксат суроо
жана башка эл арасында өзүн алып жүрүү эрежелери тууралуу.1 саат.

Жүрүм-турум эрежелери. Убадага туруу, айткан сөзүн аткаруу,
чынчылдык, бирөөлөрдүн сөзүн кунт коюп уга билүү, сылык мамиле
жасоо жана башка эрежелерди аткаруу.1 саат.

Майрамдар. Майрамдар, туулган күн, өткөн учурдагы майрамдар тууралуу аңгемелешүү.1 саат.

Нооруз-- жаз майрамы. Ата-бабаларыбыздын салты жана ырым-жырымдары. Улуттук буюмдар.1 саат.

Боз үй. Ата-бабаларыбыз колдонгон буюмдар. Алардын аталышы, колдонулушу1 саат.

Чогуу жасайбыз.Кагаздан түрдүү фигураларды кесүү, китепсырт даярдоо.
Боекторду аралаштырып, жаңы түстөрдү табуу, күн желесинин сүрөтүн тартуу.2 саат.

Кайталоо.1 саат.

**4-чейрек . 9 саат**

Жаратылыш кубулуштары. Күн жана түн. Асмандагы жылдыздар. Күндүн жашоодогу мааниси. Күндөр, жума, ай, жыл мезгилдери. Жумадагы күндөрдүн аталышы. Айлардын аталышы. 2 саат.

Дарак жылдын төрт мезгилинде.

Данектин өнүп чыгышына байкоо жүргүзүү. Данек жана андан дарактын өнүп чыгышы.1 саат.

. Өсүмдүк өстүрөбүз. Өсүмдүктүн өсүшүнө керектүү шарттар. Бак-дарактардын мааниси. Бак-дарактарды коргоо. Мөмө- жемиштер. Жаратылыштагы кайталанма кубулуштар. 1 саат.

Жаныбарларга кам көрүү. Жаныбарлардын түрлөрү. Алардын аталышы. Жаныбарларга кам көрүү тууралуу аңгемелешүү.1 саат.

Ата мекендин жаратылышы. Биз жашаган жер. Менин айылым (шаарым). Биз жашаган жердеги тоолор, суулар жана алардын аталашы. Жашаган жерибиздин жаратылышынын кооздугу. Жаратылышты коргоо
эрежелери. Мекенибиздин жаратылышын коргоонун зарылдыгы.1 саат.

Өзүм жөнүндө билдирем. Дарегин, ысмын, классташтарынын ысмын жазуу. Кат жазууга үйрөнүү.1 саат.
Кайталоо.1 саат.

**1-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН БИЛИМИНЕ ЖАНА БИЛГИЧТИГИНЕ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР**

Окуучулар 1-классты бүткөндө төмөндөгү талаптарды аткара билүүгө тийиш:
өз айылынын (шаарынын), жаратылышын сүрөттөп айтып бере алышы;
өз айылындагы (шаарындагы) негизги ишканаларды, калкты тейлөө мекемелерин атап, алардын маанисин айтып бере алышы;
коопсуздук эрежесин, ар кандай кырсыктардан этият болуу чараларын айтып жана көрсөтүп бериши;

мүчөлөрүн туура атап, ден соолукту сактоонун эң жөнөкөй эрежелерин, гигиеналык эрежелерди айтып жана көрсөтүп бериши;
күндөрдүн, айлардып аталышын, убакытты туура пайдаланууну, күн режимин, тактыктын зарылдыгын билиши;
күндөлүк турмушта колдонулган эмгек куралдарынын, техниканын, транспорттун аталышын билип, маанисин айтып бериши;
адамга керектүү азык-түлүктөрдүн, буюмдардын аталышын, алардын эмнеден, кандай эмгек менен өндүрүлөрүн билиши;
Мекенибиздин жаратылышы жөнүндө ыр, жомок, сүрөттөр боюнча өз оюн айтып бере алышы;
Жолдошторунун пикирин угуп, баалай билиши.

**2-КЛАСС**

**БИЗ ЖАШАГАН ЖЕР (Жаратылыш жана биз). 34 саат**

**1-чейрек 9 саат**

Ата-журт. Ата мекен жөнүндө түшүнүк. Туулуп өскөн жердин касиети, ыйыктыгы. Мекенди сүйүү жана коргоо(1 саат).

Биз жашаган жердин жаратылышы: тоолору, өрөөндөрү, суулары, токойлору,өсүмдүктөрү, жаанбарлары. Жаратылыштын кооздугу, өзгөчөлүгү. Жаратылышты коргоонун зарылдыгы. Экскурсия (1 саат). Биз жактагы күз. Күздөгү эмгек. Жаратылыш күзүндө. Экскурсия (1 саат).

Ата мекеним-Кыргызстан. Кыргыз Республикасынын символикалары Герб, Туу жана Гимнде өлкөбүздүн жаратылышынын өзгөчөлүгүнүн чагылдырылышы . Бишкек шаары. 1саат).

Касиеттүү ата журт – бабам Манас жергеси. Сулайман тоо, Ысык -Көл, Жеримдин суусу – дары. Бурана ( 2 саат).

Жаратылыш жөнүндө түшүнүк. Жандуу жаратылыш (өсүмдүк, жаныбар, адам) жана жансыз жаратылыш (аба, суу, тоо-таш) (2саат).

Жер жана Күн. Жер бетиндеги жашоо-тиричиликтин күнгө байланыштуулугу. Жыл мезгилдери .(1 саат).

**2-чейрек . 7 саат**

Ысык жана суук. Термометрдин түзүлүшү. Абанын, суунун, дененин, температурасын өлчөө .1 саат.

Жер эне. Жер эненин балдары – өсүмдүктөр. Өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгү жана окшоштугу. Чөп, бадал, дарак. 1 саат.

Өсүмдүктөрдүн түзүлүшү. Сабак, тамыр, жалбырак, гүл, мөмө, урук
1 саат.

Ата мекенимдин байлыгы – жашылчалары жана жемиштери. Витамин жөнүндө түшүнүк. Жашылча-жемиштерди жууп жештин зарылдыгы. Өсүмдүктөрдүн коргоо. 1 саат.

Буудай жөнүндө жомок. Нан кайдан келет? Тегирмен, соку, сок билек, жаргылчак, ун комбинаты. Кыргыз элиндеги нанды кадырлоо салты. Дан эгиндери: буудай, арпа, таруу күрүч жана алардын мааниси.1 саат.

Пахта. Пахтадан эмне жасалат? 1 саат.

Талааларда эмне өсөт? 1 саат.

**3-чейрек .9 саат**

Адам өсүмдүктөн эмне алат? .(Азык, тоют, кездеме, жыгач, дары ж. б. 1 саат.

Өсүмдүктүн өсүшүнө керектүү шарттар, өсүмдүктү отоо жана суюлтуу. Жарык, *жылуулук, аба, суу, топурак. Өсүмдүк караңгыда өсөбү? Сугарбаса эмне болот? Тажрыйба. 1 саат.*

Биз жактагы кыш. Кыштын белгилери: суук, кар, күрткү, аяз, чилде, кыроо, бубак, ызгаар. Кар менен муздун касиеттери. Алардын окшоштугу жана айырмасы. Тажрыйба .1 саат.

Жер эненин балдары – жаныбарлар. Жаныбарлар кантип кыштайт?. Асанкайгынын ыры. Кыргыз элинин жан-жаныбарларга боорукердиги. Жаныбарлар кантип жашайт?1 саат.

Үй канаттуларынын жашоо-тиричилиги. Үй канаттууларынын балапан басып чыгарышы. Инкубатор .1 саат.

Аарынын жашоо-тиричилигиндеги кызыктар. Аарынын балы, сүтү, уусу. Аарынын уюгу, эне аары, жумушчу аары. Кумурсканын уюгу. Кумурска, көпөлөктүн жашоо-тиричилигиндеги кызыктуу кубулуштар.2 саат.

Баканын жашоо-тиричилиги. Баканын өрчүшү. Көнөкбаш. Баканын убалы, заарын чачышы жөнүндө чоң энемдин насааты .1 саат.

Кыргызстандып жыландары. Жылан – медицинанын эмблемасы. Жыланга ак чачуу — кыргыздын байыркы жөрөлгөсү. Чоң энемдин насааты .1 саат.

**4-чейрек. 9 саат**

Төрт түлүк мал. Алардын аталышы. Малдын түрлөрү. Кой, козу, ирик, эркеч, эчки, теке, улак, уй, музоо, кунажын, торпок, жылкы, кулун, тай, буура, тайлак, бото инген, топоз, мамалак жөнүндө.1 саат.

Адам жана жаныбарлар дүйнөсү. Малдан өндүрүлүүчү азыктар. Сүт азыктары: айран, сүт, каймак, май, сүзмө, курут, быштак, эжигей, жуурат, кымыз. Эт азыктары .2 саат.

Биз жактагы жаз. Жазгы төл. Жаныбарлар кантип чоңоёт? Өсүмдүктөр жазында. 2 саат.

Канаттуулар жазында. Куштардын уя салышы. Убал .1 саат.

Жаратылыштагы үндөр. Куштардын жана башка жаныбарлардын үндөрү. Куштарды үнүнөн тааный билүү. Кыргыздын күүлөрү табиятка үндөш. Кыргыздын

музыкалык аспаптары: комуз, кылкыяк, темир комуз, чоор, сурнай ж. б. 1 саат.

Жаз — жаратылыш майрамы .1 саат.

Жаратылыш материалдары. Ата-бабаларыбыздан калган мурас. Териден, жүндөн, пахтадан, жибектен жасалган буюмдар. Жүндөн жасалган буюмдар: шырдак менен килемдеги оюулары эмнеге окшош? 1 саат.

«Ат — адамдьн канаты». Кымыз, бээнин сүтү, саамал.Саяпкер деген ким? Толубай сынчы жөнүндө легенда.1 саат.

## 2-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН БИЛИМИНЕ ЖАНА БИЛГИЧТИГИНЕ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

Окуучулар 2-классты бүткөндө төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:

— Ата журт, Ата мекен деген түшүнүктү, ал тууралуу ырларды, Кыргыз Республикасынын гимнин;

— өзү жашаган жердин, өрөөндүн аталыш тарыхын, ал тууралуу легендаларды, болумуштарды;

—өзү жашаган өрөөндүн элин, ушул жерден өсүп-өнгөн жана жашап өткөн мыкты инсандардын таржымалын;

—өзү жашаган аймактын аба-ырайынын өзгөчөлүгүн, тоолордун, суулардын, жайлоолордун аталышын;

— туулган жердин жаратылышынын кооздугу тууралуу аңгеме түзгөндү;

—өзү жашаган жердеги эл чарбачылыгын (айыл чарбасы жана өнөр жайы) ишканаларды, мекемелерди, элдин эмгегин;

—жыл мезгилиндеги өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзгөндү, мал багуунун жөнөкөй ыкмаларын, жашылчаларды отоп, суюлтууну, бөлмө өсүмдүктөрүн багууну;

малдын түрүн, алардын эркек-ургаачысынын, төлүнүн, малдын, жүнүнөн, терисинен жасалган буюмдардын, улуттук буюмдардын аталышын, малдан өндүрүлгөн азык-түлүктөрдүн аталышын;

айлана-чөйрөсүндө, жаратылышта кеңири тараган жаныбарлардын жашоо-тиричилигиндеги кызыктуу кубулуштарды, элибиздин жаратылышка карата боорукердигин, ырым-жырым жөрөлгөлөрүн, «убал» түшүнүгүн.

## 3-КЛАСС

## АТА МЕКЕНИМДИН ЖАРАТЫЛЫШЫ ЖАНА ЭЛДИН ТУРМУШУ (Кыргыз жери – керемет). 34 саат

**1-чейрек** . 9 **саат**

Ата мекен жөнүндө түшүнүк. Кыргыз жери — керемет. Ата мекеним — Кыргызстан .1 саат. Кыргызстандын эли. Унутулгус адамдар. 1 саат.

Шаар жана кыштак. Кыргызстандын шаарлары. Бишкек, Каракол, Ош, Жалал-Абад, Нарын, Талас. Шаардагы жана айылдагы элдердин жашоо-тиричилиги жана эмгеги . 1 саат

. Мейкиндиктин түндүк, түштүк, батыш, чыгыш жактарын аныктоо.1 саат.

Багытты күнгө карап жана жергиликтүү белгилер боюнча аныктоо. Компастын түзүлүшү. Практикалык иш.1 саат.

План жана карта. Практикалык иш. Жердин планын түзүү 1 саат.

. Кыргыз жери картада. Областтар жана областтардын борборлору. Сен жашаган жер картада .1 саат.

Кыргызстан тоолуу өлкө. Тоолор: Күңгөй Ала-Тоо, Тескей Ала-Тоо Талас, Чаткал, Алай, Сулайман тоо ж. б. Тоо жана адам. 1саат.

**Тоо арасындагы кызыктар. Саймалы Таш. 1 саат.**

**2-чейрек .7 саат**

Тоодогу өсүмдүктөр. Чөптөрдүн сырын үйрөн. Тоо өсүмдүктөрүн коргоо. Дары чөптөрдү пайдалана билүү.1 саат.

Тоо жаныбарлары. Тоо жаныбарлардын коргоо. Кожожаш мерген баяны . 1 саат.

Атактуу жайлоолор. Суусамыр, Кара-Шоро, Аксай, Арпа ж.б.Биз жактагы жайлоолор Тоо элинин кесиби. Малдан жугуучу оорулар, алардан сактануу чаралары. 1 саат.

Токой. Токой жөнүндө түшүнүк. Токойдун мааниси. Токойду, токой жаныбарларын коргоо. Бугу эне. 1 саат..

Мөмөлүү токойлор. Алмалуу, Алчалуу, Өрүктүү, Жийделүү деп аталган жерлер. Жапайы мөмөлөр: карагат, бөрү карагат, чычырканак, алардын дарылык касиети. Арстанбаб жаңгак токою, жаңгак, мисте, бадам. 1 саат.

Суу. Суу жана жашоо. Сууну коргоо. «Аккан сууда арам жок» деген туурабы? Сууну үнөмдөө. Суунун касиеттери. Анын үч абалы. Суюк, буу, муз. Таза суу, шор суу. Тажрыйба.1 саат.

**3-чейрек 9 саат**

Жаратылышта суунун айланышы. Жаан кайдан келет? 1 саат.

Мөңгү, булак, дарыя, көл. Булак жөнүндө түшүнүк. Дары булактар. Ак-Суу, Жалал-Абад, Ысык-Ата, Кара-Шоро, Арашан. Жер астынан чыккан дары суулар, жылуу булактар. Курорттор .1 саат.

Кыргызстандын дарыялары. Нарын, Чүй, Талас, Ак-Буура, Көкөмерен ж.б дарыялар. Биз жашаган жердеги дарыялар . 1 саат.

Суунун күчү. Суудан энергия алуу. Токтогул, Үч-Коргон, Күрп -Сай, Камбар-Ата, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Ат-Башы ж.б. ГЭСтер.1 саат.

Кыргыз көлдөрү: Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл, Сары-Челек. Суу сактагычтар: Орто-Токой, Токтогул, Папан, Найман .1 саат.

Чөл, чөлдүн өзгөчөлүгү.1 саат.

Кен байлыктар. Кен байлык жөнүндө түшүнүк. Адамдын жашоо-тиричилигинде кен байлыктардыи мааниси. Кен байлыктардын түрлөрү .

Курулушта колдонулуучу кен байлыктар: кум, чоло, акиташ, гранит, мрамор. Практикалык иш.1 саат.

Күйүүчү кен байлыктар: чым көң, таш, нефть, газ. Кыргызстандын көмүрү (Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Миң-Куш, Кара-Кече, Көк-Жангак ж. б.). Нефть жана газ (Майлы-Сай, Чангырташ) . 1 саат.

Металлдар. Темир, аллюминий, жез. Колдонулушу. Кыргызстандын алтыны: Макмал, Сары-Жаз, Чаткал, Талас, Кумтөр ж. б. Зергерчилик.

Сымап, сурьма, коргошун, кендери (Кадамжай, Айдаркен,) .

Кендерди изилдөө жана казып алуу . 1 саат.

**4-чейрек. 9 саат.**

Эл тааны, жер тааны. Сары-Өзөн Чүй. Картадагы орду. Жер шарты. Шаарлары. Чүйдүн эли. Чүйдөгү улуттар. Элдердин ынтымагы. 1 саат.

. Ош. Картадагы орду. Жер шарты. Ошто эмне өсөт? Пахта, тамеки, жашылча-жемиштер. Ош аймагындагы кооз жерлер: Кара-Шоро, Абшыр-Сай, Кыргыз-Ата ж. б., Сулайман тоосу .

Бишкек — Ош жолу. 1 саат.

Жалал-Абад. Картадагы орду. Жер шарты. Кооз жерлери: Сары-Челек, Арстанбаб. Жалал-Абад курорту. 1 саат.

Талас. Картадагы орду. Жер шарты. Таластын эли. Манастын күмбөзү. 1 саат.

Ысык-Көл аймагы. Картадагы орду. Жер шарты. Шаарлары, эли. Ысык-Көл

жөнүндөгү ырлар, легендалар, курорттор, эс алуу үйлөрү. 1 саат.

Нарын аймагы. Картадагы орду. Нарын тоолуу жер. Жайлоолор.

Нарын шаары. Нарындын эли (1 саат).

Баткен аймагы. Картадагы орду. Жер шарты. Баткендин эли.
Кайталоо (2 саат).

## 3-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН БИЛИМИНЕ ЖАНА БИЛГИЧТИГИНЕ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

Окуучулар 3-классты бүткөндө төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:
-Ата-Мекен тууралуу ырларды, Кыргыз Республикасынын гимнин, мамлекетибизднн гербин, туусун;
-Республикабыздагы областтардын, шаарлардын аталышын, өзгөчөлүктөрүн, картадагы ордун;
-айыл, шаар, район, область, өлкө деген түшүнүктөрдүн айырмасын;
-шаар менен айыл турмушунун негизги айырмачылыгын;
-мейкиндиктин түндүгүн, түштүгүн, батыш, чыгышын айырмалаганды;
-Кыргызстанга коншулаш өлкөлөр жана алардын картадагы ордун;
-Кыргызстандагы жайлоолордун, көлдөрдүн, дарыялардын; -Нарын дарыясына курулган ГЭСтердин, дарылык касиетке ээ минералдык булактардын, курорттордун аталышын;
-Кыргызстандагы негизги кен байлыктарды;
-Республикабыздагы негизги тарыхый эстеликтерди;
-Ата-Мекен тууралуу ангеме түзүп, сочинение жазганды.

**4-КЛАСС**

**ААЛАМ ЖАНА БИЗ 34**

**1-чейрек 9 саат**

Ата-Мекеним — Кыргызстан .1 саат.

Ааламга саякат. Күн — жарыктын жана жылуулуктун булагы.1 саат.

Күн системасы. Күн жана планеталар. Меркурий, Чолпон, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон, Метеорит жөнүндө түшүнүк
1саат .

Ай. Айдын жаңырышы. Айды изилдөө .1 саат.

Жылдыздар. Топ жылдыздар. 1 саат

Жердин түзүлүшү. Жер жана Күн. Күн жана түн. Жер өз огунда айланат (сутка). Жер күндү айланат (жыл). Убакыт ченемдери. Күн, жума, ай, жыл, кылым . Адамдын мүчөл жылдары .2 саат.

Жер жүзү глобуста жана картада. Материктер жана океандар. Жердин эки уюлу. Кыргызстандын картасы. Жер жүзүндөгү жашоо-тиричиликтин ар түрдүүлүгү. 2 саат.

**2-чейрек. 7 саат**

Жердеги жашоо-тиричиликтин зарыл шарты: топурак,аба, суу,
1 саат.

Топурак. Топурактын составы: кум, чопо, чиринди, аба, суу, туз. Тажрыйба .1 саат.

Аба. Абанын составы. Аба жана ден соолук. 1 саат.

Аба-ырайы. Климат. Аба-ырайын алдын ала сезүүчү жаныбарлар, элдик байкоолор (күндүн кызарып батышы, айдын тигинен жана чалкасынан жаңырышы ж. б.) Шамал. 1 саат.

Суу. Жер бетиндеги жана жер астындагы суулар. Сууну коргоо .1 саат.

Жер бетиндеги жаратылыш. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын ар түрдүүлүгү,

алардын жашаган жерлерине ыңгайланышы. Өсүмдүктөр менен жаныбарларды коргоо . Кызыл китеп. Кыргызстандын кызыл китеби . 2 саат.

**3-чейрек 9 саат**

Байыркы кыргыз элинин жер-сууну, жаратылышты ыйык катары баалашы. Эл оозунда айтылып келе жаткан мурастар. «Кожожаш мергсн», «Карагул ботом», «Бугу эне», «Акбаранын көз жашы» ж.б. 2 саат.

**Адам – жаратылыш перзенти. Сенин денең. Келбеттүү, күчтүү жана шамдагай болуп өсүүнүн зарылдыгы. 1 саат.**

Булчун. Булчунду чындоодо эмгектин, дене тарбиянын мааннси.

Спорттун түрлөрү. Кыргыздын оюндары. Кожомкул балбан. Дүйнө жүзүндөгү атактуу спортсмендер .2 саат.

Дем алуу. Тамекинин зыяндуулугу. 1 саат.

Тамактануу. Тишти күтө билүү. 1 саат.

Адамдын ден-соолугу. Көрүү, угуу, жыт билүү, даам сезүү.Тазалык эрежелери. 1 саат.

Ашар, түлөө. Жер - сууну ыйык тутуу. Ата-бабаларыбыздын насааттары 1 саат.

**4-чейрек. 9 саат**

Жаратылыш жана адамдын жашоосу. Үй, үй буюмдары жана тамак-аштар.1 саат.

Жаратылыш жана маданият. Кол өнөрчүлүк: зергер, жыгач уста, боз үй, ат жабдыктарын жасоо, сайма, өрмөк, ала кийиз, шырдак, килем, оюмдар дүйнөсү. 1 саат.

Жаратылыш жана сөз өнөрү.

Чечендер, сөз чеберлери, куудулдар. Жээренче чечен. Акылкарачач, Куйручук, Шаршен жана азыркы куудулдар. Кооздоп, көркөм сүйлөгөнгө үйрөн. Азилдин, юмордун күчү. Сөзгө баа бере бере билүү, сөздү уга билүү .2 саат.

Жаратылыш жана музыка. 1 саат.

Жаратылыш жана сүрөт өнөрү. Музей. Кыргызстандагы музейлер .1 саат.

Театр. Куурчак театры. Цирк өнөрү. Мультфильм.1 саат.

Кайталоо (1 саат).

## 4-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН БИЛИМИНЕ ЖАНА БИЛГИЧТИГИНЕ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

4-классты бүткөндө окуучулар төмөндөгүлөрдү билүүгө тийиш:

-ааламдын түзүлүшүн, күн системасын. Планеталардын, айрым топ жылдыздардын аталышын;

-Жердин түзүлүшүн, күн менен түндүн, жыл мезгилдеринин алмашуу себептерин;

-материктерди, океандардын аталышын;

-Кыргызстандын Жер планетасында алган ордун, Ата-мекенибиздин өзгөчөлүгүн;

-Жер планетасындагы жашоо-тиричиликтин ар түрдүүлүгүн жана өз ара байланышын;

- адамдын дене түзүлүшүн, мүчөлөрдүн аталышын;

-санитардык – гигиеналык эрежелерди, өз ден соолугун сактоону;

-адамдын руханий дөөлөттөрүн (сүрөт, театр, опера, балет, цирк, сөз өнөрү, кино, теле берүү, архитектура ж.б.)

**Пайдаланылган адабияттар:**

Как разработать учебную программу. // Б.: 2006

1.Педагогика.-2000.-№2// Амонашвили Ш.А., Загвязинский В.И. Паритеты, приоритеты и акценты в теории и практики образования.

2. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии. М.: Народное образование 1998

3. Скок Г.Б., Лыгина Н.И. Как спроектировать учебный процесс по курсу.- М.: Педагогическое общество России, 2003
4.Стрелова О.Ю. Национально-региональный компонент государственного образовательного стандарта школьного исторического образования: вопросы теории и практики: аналитические материалы и методические рекомендации.- М.: АПКи ПРО, 2001

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БААЛОО ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

1. Жаңы иштелип чыккан предметтик стандарттарда баалоонун жалпы стратегиясы, өзүнчө бөлүм менен берилет.

2. “Орто мектептердин 2-4-класстарынын окуучуларынын **кыргыз тилинен** алган билимине, билгичтигине жана машыккандыгына карата баа коюунун нормалары” аттуу усулдук колдонмосу иштелип чыккан. Усулдук колдонмо 1989-жылы чыккандыгына карабастан, талаптар эскирген жок, учурда да айрым өзгөртүүлөр менен колдонулууда.

3. Конкереттүү окуу предметтери боюнча “Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмодо” аттууэмгектерде берилген, алар тиркелди:

**ТИРКЕМЕЛЕР:**

## АДАБИЙ ОКУУ

Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Мугалимге үчүн усулдук колдонмо. Адабий окуу 2-4-класстар/ Түз. С. К. Рысбаев, Б. А. Абдухамидова. – Б.: - 2012.- 82 б.

### Окуучунун өзүн-өзү баалоосу жана бири-бирин баалоо

Окуучунун өзүн-өзү жана бири-бирин баалоодо окуп-үйрөнүү иштериндеги кемчиликтери жана аларды жоюунун жолдору аныкталат. Өзүнүн жетишкендиктерин баалоо, каталарын түзөтүү, өз алдынча иштөө, өзүн-өзү баалоо көндүмдөрү калыптанат. Окуучулардын өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо аракеттери белгиленген критерийлерге таянуу менен, ар бир сабактын жыйынтыктоочу баскычында төмөндөгү суроолорго жооп берүү аркылуу ишке ашырылат:

- иштеги ийгиликтериң жана кемчиликтериң?
- өзүңө эмнени каалайсың?
- классташтарыңа эмнени каалайсың?
- иште кандай кыйынчылыктар кездешти?
- эң кызыктуу эмне болду?
- иш процессинде эмнелерди үйрөндүң?
- эмнелер жакты, эмнелер жаккан жок?

Мындай бири-бирин баалоонун артыкчылыгы – окуучулар башкалардын ишинин мыкты жана начар жактарын байкоо аркылуу өзү да өсүп, өз кемчилигин талдай билет.

### Окуучунун билимин тест аркылуу баалоо

Тест аркылуу баалоо – окуучунун чыгарманын мазмунун түшүнгөнүн жана билгенин текшерүү максатында өткөрүлөт. Тесттер калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоодо колдонулат. Тесттин жыйынтыктары окуучу үчүн татаал деп саналган тигил же бул теманы мыкты өздөштүрүүгө жардам берет. Тест баалоонун көптөгөн формаларынын бири гана болгондуктан, баалоонун башка усулдары менен айкалышып колдонулат:

- даяр жооптордун ичинен бир жоопту тандаган тест;
- даяр жооптордун ичинен бир нече жоопторду тандаган тест;
- сунушталган жооптордогу байланышты тапкан тест;
- «туура», «туура эмес» жооптуу тест;
- жоопсуз тест, суроолор жана жооптор.

Суроолорду жана жоопторду колдонуу – сабактын мазмундук максатын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн текшерүүнүн жакшы ыкмасы.

**Эссенин жардамы менен баалоо**

Берилген темага ылайык эссе жазуу - окуучулардын ал теманы түшүнгөнүн жана ал тема боюнча жалпы билимдерин текшерүүнүн алгылыктуу ыкмасы. Эссе аркылуу баалоонун кыйынчылыгы – эссени текшерүүгө жана баалоого атайын убакыттын талап кылынышы. Ошондуктан эссени бааалоонун томөндөгүдөй критерийлерин пайдаланса болот:

**Эссени баалоонун критерийлери**

| | Критерийлер | Эң жогорку баа | Алынган баа |
|---|---|---|---|
| | Тема менен байланышы | 5 | |
| | Ынандыра билүүсү | 5 | |
| | Идеянын нукуралуулугу | 4 | |
| | Идеянын логикалуу ачылышы | 5 | |
| | Ишенимдүү далилдердин болушу | 4 | |
| | Текст түзүлүшүнүн ырааттуулугу | 4 | |
| | Грамматикалык, орфографиялык жана стилдик жактан тууралыгы | 3 | |

Мында баа коюуда – окуучунун көрсөткүчтөрү жалпы бааланат. Эң жогорку баа – 30 деп болжолдуу алсак да болот. Эгер беш упайлык баа койгуңуз келсе, жалпы бааны 6 га бөлүп, тегеректеп койгула. Жазуу иштерине сынак уюштургула. 4 окуучу биригип, бири-биринин жазганын текшерсе болот. Андан кийин эң жакшы эссе тандалып алынат. Окуучулардын кызыгуусу артып, алар аракеттене баштайт.

## МАТЕМАТИКА

Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Математика. 1-4-класстар. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо / Түз. Ч. А. Аттокурова, А. К. Мурсаева, Р. Х. Шакиров. – Б.: «Билим», 2011. - 74 б.

**Баа коюунун ченемдик талаптары**

*Окуучулардын оозеки жообун баалоо*

*«5» деген баа:*

— окуу китептериндеги жана программадагы окутуунун мазмунун толугу менен айта алса;

— математика предметине байланыштуу терминдерди, белгилерди так колдонсо, логикалык ой жүгүртүүдө ирети менен түшүндүрсө;

— окуу материалдарына карата керектүү чиймелерди чийсе;

— окуучунун өтүлгөн материал боюнча билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кийинки сабактагы мисал-маселелерди чыгарууда, суроо жооптордо, бышыктоодо байланыштырып, колдоно алса;

— математика сабагынан алган билимдерин, билгичтиктиктерин жана көндүмдөрүн өз жашоосундагы кырдаалдарда колдоно билсе;

— суроого көмөкчү суроолорсуз эле так жооп берсе.

*«4» деген  баа*
«5» деген баа алууга коюлуучу талаптардан төмөндөгү кемчиликтерге жол берилсе, анда окуучу «4» менен бааланат.
– математикалык мазмунду ачып берүүдө кээ бир кемчиликтер кетирилсе;
– негизги мазмунду ачууда 1-2 кемчилик кетирилип, аны мугалимдин талабы боюнча ондолсо;
– кошумча берилген суроолорго жооп берүүдө кээ бир кемчиликтер кетирилип, ал кемчиликтер мугалимдин эскертүүсү менен ондолсо.
*«3» деген*баа*
– математикалык материалдын жалпы мазмунун түшүнүп, бирок мазмунун толук айтып бере албаса, жана жалпы суроолордун кээ бирине гана жооп берсе;
– математикалык түшүнүктөрдү кыйынчылык менен аныктаса, терминдерди колдонууда каталарды кетирсе, чийиндерди мазмунуна карата туура чие албаса жана мугалимдин көмөкчү суроолорунун жардамы менен гана жооптор оңдолсо;
– мурдагы өтүлгөн материалдар боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөрүн кийинки сабак менен байланышытыра албаса, ошондой эле жашоо турмушундагы кырдаа
–теориялык жактан билим жетиштүү болуп (эрежелердикурулай жаттап алуу), аны практикада колдонуу билгичтиктерин, көндүмдөрүн көрсөтө албаса коюлат.
*«2» деген баа*
– окуу материалынын мазмунун ачып бере албаса;
– окуу материалынын негизги бөлүгүн түшүнбөстүгү байкалса;
– математикалык түшүнүктөрдү аныктоодо кыйналса, терминдерди колдонууда ката кетирсе, материалдын мазмунуна карата чиймелерди чие албаса, мугалим тарабынан берилген көмөкчү суроолордун жардамы менен жогорудагы кетирилген кемчиликтерди жое¸ албаса коюлат.
*“1” деген баа*
– окуу материалынын мазмунун толук бойдон түшүнбөстүгү байкалса коюлат.

***Окуучунун жазуу жана текшерүү иштерин баалоо***
*«5» деген баа*
– берилген иш толугу менен катасыз аткарылса;
– окуучу цифраларды элементи менен туура, таза жаза алса;
– тапшырмаларды аткарууда аны аткарууну толугу менен негиздей алса, туура ой жүгүртсө;
– тапшырма рационалдуу жол менен аткарылса коюлат.
*«4» деген баа*
– берилген иш толугу менен аткарылса, бирок аткарууда бир ката кетирилсе;
– окуу материалынын мазмуну боюнча чийин так чийилбесе, бирок бул каталык тапшырманы аткарууда жолтоо болбосо;
– тапшырманын жооптору  туура, цифралар элементи менен жазылган, бирок окуучу кээ бир ондоолорду жүргүзсө коюлат.
*«3» деген баа*
– берилген иш аткарылса, бирок 2 же 3 ката кетирилсе;
– ишти аткарууда таза, тура жаза албаса, кээ бир тапшырмаларды аткарууда кемчилдиктер кетирилсе;
– материалдын мазмунуна карата чийме чие албаса;
– мурунку билим, билгичтигин кийинки окуу материалдарына байланыштыра албаса коюлат.
*«2» деген баа*
– окуу материалынын мазмунун түшүнбөсө, берилген тапшырманы аткарууда кыйналса;
– берилген тапшырма боюнча бир нече каталар кетирсе коюлат.
*«1» деген баа*
– окучу өтүлгөн тема боюнча билим, билгичтик жана көндүмү калыптанбаса, аны колдоно албаса коюлат.

## МЕКЕН ТААНУУ

Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо. Мекен таануу 1-4-класстар / Түз. З Мамбетова, Г. К. Бекбоева, Р. Х. Шакиров.- Б.: - 2011.- 55 б.

Окуучулардын иш-аракетинин натыйжаларын обьективдүү баалоо үчүн баа коюунун төмөндөгүдөй нормативдери, градациялары колдонулат.

Оозеки жоопту баалоо:

«5» деген баа текстти туура окуп, кайра айтып берсе, суроолорго толук жооп берсе, карта менен иштей алса коюлат.

«4» деген баа текстти окуп, бирок толук кайра айтып бере албаса, сууроолорго толук жооп бербесе коюлат.

«3» деген баа текстти жакшы окуй албаса, жакшы айтып бере албаса, суроолорго араң жооп берсе коюлат.

«2» деген баа тексти билбесе, айтып бербесе коюлат.

«1» деген баа такыр айтпаса, жооп бербесе коюлат.

Практикалык иштерди баалоо:

«5» деген баа так, тыкан, ирээттүү аткарылган ишке коюлат.

«4» деген баа жакшы аткарылып, бирок 1-2 ката кетирилсе коюлат.

«3» деген баа ирээтсиз, 2-3 этабы аткарылбаган, начар даярдалган ишке коюлат.

«2» деген баа ишти начар иштесе коюлат.

«1» деген баа ишти аткара албаса коюлат.

Жазуу иштерин (тест, викторина, кластер ж.б.) баалоо:

«5» деген баа тесттин 85%тин аткарса, так, тыкан болсо коюлат.

«4» деген баа тесттин 60-85%тин аткарса, викторина, кроссворддон 1-2 ката кетирсе коюлат.

«3»деген баа тесттин 60%тен азыраагын аткарса, кроссворддон 3-5 ката кетирсе коюлат.

«2» деген баа тесттин 20 %тен азыраагын аткарса коюлат.

«1» деген баа тести, кросвордду да аткара албаса коюлат.

Дептерде иштөөнү баалоо:

«5» деген баа ката кетирбей, системалуу ( жазуу, сүрөт тартуу, схема түзүү ж.б.) так аткарса коюлат.

«4» деген баа системалуу, толук иштеп, бирок 1-2 катасы бар болсо коюлат.

«3» деген баа тапшырмалар толук аткарылбаса (жарымынан азырагы), ката кетирип, булгап жазса коюлат.

«2» деген баа тапшырмаларды аткарбаса коюлат.

«1» деген баа дептери ирээтсиз болсо,булгап жазса же дептери жок болсо коюлат.

**МАЗМУНУ**


Кыргыз тили…………………………………………………………3
Адабий окуу…………………………………………………………12
Класстан тышкаркы окуу……………………………………..18
Математика…………………………………………………………25
Мекен таануу……………………………………………………...37
Башталгыч класстарда баалоо тууралуу
жалпы маалымат.........................................................................47

Башталгыч класстардын
ПРОГРАММАСЫ

Окуу куралы

Кыргыз тили, адабий окуу жана кластан тышкаркы окуу

Математика

Мекен таануу
(1-4-кл)

Форматы 60х84 1/16. Көлөмү 3.0 б.т., Нускасы 400.

КББАнын «БИЛИМ» басма борбору
Бишкек ш., Эркиндик гул. 25,

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ УЮМДАР
(МЕКТЕП, ГИМНАЗИЯ, ЛИЦЕЙ) ҮЧҮН
**П Р О Г Р А М М А Л А Р**

# Т А Р Ы Х

## ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ.
## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

**5–9-класстар**

*Кайра редакцияланып, 10-чыгарылышы*

*Кыргыз Республикасынын*
*Билим берүү жана илим министрлиги*
*тарабынан бекитилди*

**БИШКЕК – 2022**

**УДК 373.167.1:94**
**ББК 63.3(0) я721**
**Т22**

**ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ЖАМААТЫ:**

**Жетекчиси:** ***М. К. Иманкулов,***
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясынын башчысы.
**Мүчөлөрү:** окмуштуу педагогдор — ***А. Б. Элебесова, Ө. Ж. Осмонов, Т. Н. Өмүрбеков, Т. К. Чоротегин, К. С. Молдокасымов, Г. К. Жыргалбекова, Т. Ө. Өмүрзакова.*** Мугалимдер — ***А. А. Темиралиева, А. С. Мырзакматова, А. К. Дөталиев, Ө. Б. Саалаев, Ш. К. Керимова.***

**Усулдук кеңеш берген:** ***Р. Э. Токтоналиева,***
Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги,
Бишкек шаарындагы № 91-орто мектептин I категориядагы мугалими.

**Окуу программаларынын методикалык аппаратын даярдагандар жана чыгарылышына жооптуулар:**
***А. Б. Элебесова,*** педагогика илимдеринин кандидаты,
Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги,
Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери;
***А. А. Темиралиева,*** Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги, Бишкек шаарындагы № 93-орто мектептин
I категориядагы мугалими.

**ТАРЫХ: Дүйнө тарыхы. Кыргызстан тарыхы боюнча окуу программалары:** жалпы орто билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) 5–9-класстары үчүн окуу программалары. – Кайра редакцияланып, 10-чыгарылышы. – Б., 2022. – 47 бет.

© КББА, Социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясы, 2022.

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

***Окуу программасы*** — окуу предмети боюнча милдеттүү түрдө өздөштүрүлүүгө тийиш болгон билимдердин, билгиликтердин жана көндүмдөрдүн мазмунун жана көлөмүн тастыктоочу, дүйнө таанымдын негизги идеяларын өздөштүрүү логикасын ачып берүүчү, темалардын ой жүгүртүүнү өнүктүрө тургандай ырааттуу берилишин, алардын бөлүмдөр, темалар жана окуу мезгили (окуу жылы, чейректер) боюнча бөлүштүрүлүшүн көрсөтүүчү ченемдик документ.

**Окуу программасын түзүүнүн негизги принциптери:**

- *уланмалуулук* — мурда өздөштүрүлгөн материалдан азыр өздөштүрүлүп жаткан жана кийин өздөштүрүлө турган материалдарга үзгүлтүксүз ырааттуу өтүү;
- өздөштүрүлүп жаткан көрүнүштөрдүн ортосундагы табигый байланыштарга туура келе тургандай *предметтер аралык байланыштар*;
- *идеялык-көз караштык* — окуу программасына киргизилген билимдердин окуучулардын руханий табитин жана илимий көз карашын калыптандыруу;
- окуучуларга илимий билимдердин негизинде таалим-тарбия берүүнүн *социалдык максаттарына ылайыктуулугу*;
- окуучулардын *чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү*;
- илимдин, техниканын жана маданияттын азыркы кездеги *жетишкендиктерине көңүл буруу*;
- *жөнгө салуучулук же уюштуруучулук-методикалык* — мугалимдин сабактарга даярдануу ишмердүүлүгүн (материалдарды, окутуу технологияларын жана методдорун, сабактын тибин жана түрүн тандоо) жана окуучунун окуу ишмердүүлүгүн (предметти класста жана/же үйдө өздөштүрүүнүн мүнөзүн аныктоо) уюштуруу.

Түзүүчү-авторлор окуучуларды тарых илими менен тарыхый таанымдын заманбап методологиясына негизделген академиялык илим катары тарыхты билүү — заманбап көп маданияттуу коомдо жашоо үчүн ар дайым актуалдуу экендигин көрсөтүүгө умтулушту. Тарыхты билбей туруп, адамзаттын маданий өнүгүү ыраатынын жана социалдык эстутумунун болушу эч мүмкүн эмес.

Тарых окуу китеби — тарыхый илимий билимдердин негиздери бериле турган, тарыхый түшүнүктөрдү жана терминдерди үйрөтө турган, тарыхый даталарды, аталыштарды жана ысымдарды билдире турган, ошонун натыйжасында окуучунун дүйнө таанымын өнүктүрүп-өстүрө турган илимий багыттагы чыгарма.

Окуу программалары окуучуларга Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы боюнча билимдердин жана билгиликтердин белгилүү бир өлчөмүнө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн түзүүгө, ошондой эле: *«Биз кимбиз? Биз кандайча жаралганбыз? Биз кайсы багытты беттеп баратабыз? Бизди келечекте эмнелер күтүп турат?»* — деген сыяктуу эң маанилүү турмуштук суроолорго жооп издөөнүн үстүндө ой жүгүртүүгө багытталган.

Авторлорду бирдиктүү концепциялык топко бириктирген принциптүү позициялар төмөнкүлөр:

- ➢ тарыхый процесстин татаалдыгын жана көп кырдуулугун ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү көп фактордуу өңүт; алардын ар биринин тигил же бул мезгилдеги артыкчылыктуу маанисин, Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн тарыхый бурулуш учурларындагы өнүгүүсүнүн альтернативдүү мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү;
- ➢ мазмунунун окуучулардын патриоттук сезимдерин өнүктүрүүгө, жарандык сапаттарын, толеранттуу ой жүгүртүүлөрүн калыптандырууга багытталышы;
- ➢ тарыхый инсандардын тарыхый процесстин жүрүшүнө таасирин ачып көрсөтүүдө инсандык-психологиялык аспектилерге көңүл буруу;
- ➢ Кыргызстандын тарыхында болуп өткөн процесстерди жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү ошондой көрүнүштөр менен салыштыруу; жалпы тарыхый тенденцияларды жана уникалдуу өзгөчөлүктөрдү көрсөтүү;
- ➢ окуучуларды Кыргызстандын тарыхы боюнча маанилүү суроолорго жоопторду өз алдынча изденүүгө багыттоо; орчундуу тарыхый маселелерге баа берүүдө өз позициясын түзүүгө багыттоо.

Авторлор Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү адамдардын жашоо ыңгайларына, турмуш-тиричиликтерине, менталдуулугуна, маданий өнүгүүлөрүнө жана диний ишенимдерине көңүл буруу менен, алардын тарыхтагы ролун жана ордун комплекстүү мүнөздөөгө умтулушту. Программалардагы материалдар окуучулардын ар түрдүү тарыхый доорлордо адамдардын социумдагы, мамлекеттик жана коомдук турмуштагы, маданий жана диний тутумдардагы жана үй-бүлөдөгү өз ара мамилелеринде орду өзгөрүлө тургандыгы жөнүндө түшүнүктөргө ээ болушун шарттайт.

Окуу материалын өздөштүрүүдө цивилизациялык өнүгүүнү, тарыхый окуяларды жана процесстерди, маданияттарды жана тарыхый инсандарды салыштыруу методун колдонуу окуучуларды фактылык материалга талдоо жүргүзүүгө, тарыхый өңүттө салыштыра билүүгө жана алардын негизинде белгилүү бир корутундуларды чыгарууга үйрөтөт. Ошондуктан тарых предметин синхрондоштурулган, салыштырмалуу тарыхтын контекстинде окутуу сунушталат, анткени ал заманбап тарыхый ой жүгүртүүнүн маанилүү шарты болуп саналат.

**Тарыхты окутуунун таалим-тарбиялык максаттары жана милдеттери:**

- ➢ Тарыхтын илим жана окуу предмети катары гуманитардык жалпы билим берүү системасындагы ордун жана ролун түшүнүүнү камсыз кылуу;
- ➢ Тарыхый процесстин мүнөздүү жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү;
- ➢ Дүйнөнүн, чөлкөмдүн жана Ата Мекендин тарыхый өнүгүүсүнүн жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү;
- ➢ Тарых курсунун потенциалын окуучулардын инсандык жана жарандык сапаттарын калыптандыруудагы, Кыргызстандын жараны сезимин тарбиялоодогу эң маанилүү каражат катарында ачып көрсөтүү;

- Окуучулардын адамзат тарыхынын ар кайсы этаптарынын жалпы дүйнөлүк тарыхый процесстин бир бөлүгү катарындагы мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- Окуучуларды адамзат тарыхынын маданияттар аралык коммуникациялар үчүн баалуу болуп саналган актуалдуу маселелерге карата (адамдын жана адамзат коомунун пайда болушу, адамзаттын алгачкы коомдон тартып заманбап маалыматтык цивилизацияга чейинки эволюциясы, адамзат тарыхында мамлекеттин ролу жана өзгөчөлүктөрү ж.б.) заманбап илимий көз караштар менен тааныштыруу;
- Окуучуларды тарыхый түшүнүктөрдү айырмалап өздөштүрүүгө үйрөтүү («цивилизация», «эволюция», «мамлекет», «маданият» ж.б.);
- Дүйнөлүк негизги диний системалар менен тааныштыруу;
- Адамзат тарыхындагы коомдук түзүмдөрдөгү, социалдык турмуштагы жана адамдардын мамилелериндеги өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтүү;
- Адамзат тарыхынын өнүгүү этаптарындагы бийликтин жана менчиктин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- Коомдук түзүлүштүн жана укуктун демократиялык формаларынын калыптануусун сыпаттап түшүндүрүү;
- Тарыхый окуялардан сабак алууга, улам жаңы көрүнүштөрдү чыгармачылык менен изденүүгө, ой жүгүртө билүүгө көнүктүрүү;
- Тарыхый тажрыйбаны сын көз караш менен баалай билүүгө, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, өткөндү жана учурдагыны терең өздөштүрүү жана салыштырып изилдөө аркылуу келечекти көрө билүүгө умтулдуруу;
- Тарыхтын маани-маңызын, материалдык жана рухий дүйнөнүн, экономиканын жана саясаттын өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү жана дүйнө элдеринин өз ара байланыштарындагы жалпылыктарды жана айырмачылыктарды аныктай билүүгө үйрөтүү;
- Цивилизациялардын, алардын калыптанышынын, өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана башкы багыттарын окутуп үйрөтүү;
- Өткөөл доордо адамдар коомдук өнүгүүнүн айрылыш жолдоруна кабыларын, алардын ичинен туура жолун тандоо мүмкүнчүлүгү болорун аңдап билүүгө үйрөтүү;
- Ата Мекендик жана дүйнөлүк маанидеги көрүнүктүү тарыхый ишмерлердин өмүр баяндары, тарыхый салымдары менен тааныштыруу;
- Өткөөл мезгилде тарыхый инсандардын: мамлекеттик, саясий ишмерлердин, аскер башчылардын, окумуштуу ойчулдардын ролу кескин өсөрүн өздөштүрүү;
- Улуу инсандардын мисалында улуттук түпкү кызыкчылыктарды жеке кызыкчылыктардан жогору коюуга тарбиялоо, Мекен үчүн, өз элинин бакыбат жашоосу жана жаркын келечеги үчүн кызмат кылууга даярдоо;
- Улуттук өзгөчөлүктөгү аң-сезимди, сыймыктанууну, ар-намысты калыптандыруу жана өнүктүрүү, өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы олуттуу окуяларга жоопкерчиликтүү мамиле жасоого үйрөтүү;
- Эл биримдигин жана ынтымагын чыңдоого, мамлекеттүүлүктүн маанисин, барк-баасын билүүгө, аны көздүн карегиндей сактоого үйрөтүү;

- Жалпы адамзатка таандык баалуулуктарды өздөштүрүү; аларды улуттук каада-салттар, үрп-адаттар менен айкалыштыра билүүгө үйрөтүү;
- Ар кайсы цивилизациялардын маданий, социалдык-экономикалык жана саясий мурастарынын маани-маңыздарын ачып көрсөтүү.

**Бүтүрүүчүнүн тарыхый даярдыгына карата коюлуучу талаптар:**

- Тарых сабагы, аны окуп үйрөнүүнүн зарылдыгы, турмуштук мааниси, негизги ыкмалары тууралуу түшүнүккө ээ болуу;
- Тарыхтын жыл эсебин, тарыхый өнүгүүнүн негизги этаптарын орчундуу тарыхый окуялардын негизинде мезгилдерге бөлүштүрүүнү үйрөнүү, хронология, археология, этнография, оозеки жана жазуу жүзүндөгү тарыхый булактар, санжыра, уламыш баяндар, мифтер жөнүндө түшүнүк алуу;
- Тарыхый жана саясий карталар боюнча өз алдынча иштөөнү үйрөнүү;
- Мамлекеттердин типтери, түрлөрү, формалары жөнүндө, мамлекеттик атрибуттар — белги, символдор (аймагы, калкы, эгемендүүлүгү, герби, туусу, урааны), социалдык-экономикалык абал, саясий кырдаал, реформалар жөнүндө билимдерге ээ болуу;
- Көз карандысыздык үчүн улуттук-боштондук күрөштөр жана революциялар жөнүндө түшүнүктөргө ээ болуу;
- Эл аралык ынтымактын, мамлекеттер ортосундагы кызматташтыктын коомго пайдалуулугуна, жоолашып касташуунун, согуштардын адамзатты орду толгус жоготууларга дуушар кылуучу кесепеттүүлүгүнө ынануу;
- Тарыхый өнүгүүнүн ар кайсы баскычтарындагы аймактык бирдиктерди (ном, провинция, уезд, губерния, аймак, район, облус, фан, фема, вилайет ж.б.), аралык, салмак чен-өлчөмдөрүн, акча-тыйындардын аталыштарын билүү;
- Отурукташкан жана көчмөн элдердин дүйнөлүк цивилизацияга кошкон салымдарын аныктай билүү, элдердин жер которууларынын, Улуу Жибек жолунун, Улуу географиялык ачылыштардын тарыхый маанисин, ички жана тышкы миграциянын күчөшүнүн себептерин билүү.

Окуу программалары мугалимдерге окуучулардын адамзат тарыхы боюнча базалык билимге ээ болуусун камсыз кылуучу билим берүү процессин уюштурууга, зарыл болгон предметтик жана жалпы таалим-тарбиялык билгиликтерин жана көндүмдөрүн калыптандырууга предметтик талаптарга ылайык жардам берет.

Тарых предметин окутууда тарыхый маалыматтарга сынчыл көз караш менен комплекстүү талдоо жүргүзө билүү, системалаштыра жана издене билүү, ар кандай типтеги тарыхый документтер менен иштей билүү тажрыйбасына ээ болуу маанилүү болуп саналат. Мындай көндүмдөргө ээ болуу адамдын тарыхый ой жүгүртүүгө, орчундуу маселелер боюнча көз караштарды салыштыра билүүгө, өзүнүн өткөн доорлордогу жана азыркы кездеги дискуссиялык маселелерге карата мамилесин негиздүү түрдө аныктай билүүгө жөндөмдүүлүгүн тастыктайт.

Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү системасынын биринчи — башталгыч билим берүү — баскычында өтүлүүчү «Окуу» жана «Мекен таануу» предметтерин өздөштүрүүдө окуучулар Кыргызстан тарыхы жөнүндө алгачкы маалыматтарды алышат. Ал эми экинчи жана үчүнчү баскычтарда Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы курстары концентрдик принцип боюнча окутулат. Биринчи концентрде (5–9-класстар) программмалык материалды окутуу окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен хронологиялык уланмалуулукта жүргүзүлөт. 5-класста «Тарых» өз алдынча окуу предмети катары жаңыдан өздөштүрүлө баштагандыктан, «Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы» окуу китебинин Кыргызстан тарыхы бөлүгү биринчи жарым жылдыкта, Дүйнө тарыхы бөлүгү экинчи жарым жылдыкта окутулат. Ал эми 6-класста «Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы» окуу китебинин Дүйнө тарыхы бөлүгү биринчи жарым жылдыкта, Кыргызстан тарыхы бөлүгү экинчи жарым жылдыкта өтүлөт. 7-класста биринчи жарым жылдыкта — Орто кылымдар тарыхы, экинчи жарым жылдыкта — Кыргызстан тарыхы, 8-класста биринчи жарым жылдыкта — Жаңы тарых, экинчи жарым жылдыкта — Кыргызстан тарыхы, 9-класста биринчи жарым жылдыкта — Соңку тарых, экинчи жарым жылдыкта — Кыргызстан тарыхы окутулат.

Тарых предмети Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунуш кылынган окуу китептери боюнча окулат.

2022/2023-окуу жылында олимпиадалар Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы курстарынын негизинде өткөрүлөт.

9-класс үчүн Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда Мамлекеттик бүтүрүү экзамендеринин Кыргызстан тарыхы курсу боюнча суроолору ар бир окуу жылы үчүн Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясы тарабынан кайрадан иштелип чыгат.

**Базистик окуу планына ылайык, 2022/2023-окуу жылы үчүн сааттардын бөлүштүрүлүшү:**

| **№** | **ОКУУ КИТЕБИ/БӨЛҮКТӨРҮ** | | **5-кл.** | **6-кл.** | **7-кл.** | **8-кл.** | **9-кл.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 34/34 | 34/34 | 34/34 | 34/34 | 34/34 |
| **1.** | Дүйнө жана Кыргызстан тарыхы | Кыргызстан тарыхы | | | | | |
| | | Дүйнө тарыхы | | | | | |
| **2.** | Дүйнө жана Кыргызстан тарыхы | Дүйнө тарыхы | | | | | |
| | | Кыргызстан тарыхы | | | | | |
| **3.** | Орто кылымдар тарыхы | | | | | | |
| | Кыргызстан тарыхы | | | | | | |
| **4.** | Жаңы тарых | | | | | | |
| | Кыргызстан тарыхы | | | | | | |
| **5.** | Соңку тарых | | | | | | |
| | Кыргызстан тарыхы | | | | | | |
| | | **ЖАЛПЫ:** | **68** | **68** | **68** | **68** | **68** |

# 5-класс

# ДҮЙНӨ ЖАНА КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

## I БӨЛҮК.
## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ
***(жумасына 1 саат, жылына 34 саат)***

***1-сабак:* § 1. Тарых эмнени окутат?** *(1 саат)*

Тарых жөнүндө түшүнүк. Тарыхтан биз эмнени үйрөнө алабыз? Тарыхты үйрөнүүнүн сырлары. Тарыхты окуп үйрөнүүнүн мааниси.

***2-сабак:* § 2. Мекеним — Кыргызстан** *(1 саат)*

Ата Мекен — эч нерсеге алмаштыргыс касиеттүү ыйык жер. Биздин Ата Мекенибиз — Кыргызстан. Кыргызстандын көз карандысыз мамлекет катары жарыяланышы. Кыргызстандын улуттук символдору: туу, гимн, герб.

***3-сабак:* § 3. Тарыхый булактар** *(1 саат)*

Тарыхый булак деген эмне? Тарыхый булактардын түрлөрү.

***4-тема:* § 4. Заттык маданий эстеликтер (археология)** *(1 саат)*

Заттык маданий эстеликтер. Табылган археологиялык эстеликтердин жашын кантип аныктоого болот? Археологдордун иш ыкмасы.

***5-сабак:* § 5. Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер** *(1 саат)*

Археологиялык эстеликтер жөнүндө түшүнүк. Мунаралар жана чептер. Күмбөздөр жана кербен сарайлар.

***6-сабак:* § 6. Жазуу даректери** *(1 саат)*

Жазуу даректери деген эмне? Жазуу даректери эмнени баяндайт? Жазуу даректериндеги кыргыздар тууралуу маалыматтар.

***7-сабак:* § 7. Түркүн элдердин жазуусу** *(1 саат)*

Жазуунун пайда болушу. Байыркы кыргыздар колдонгон руна сымал жазмалар. Кыргыздар колдонгон алфавиттер.

***8-сабак:* § 8. Нумизматика** *(1 саат)*

Нумизматика жөнүндө түшүнүк. Акчанын пайда болушу. Тыйын өткөн доор жөнүндө маалымат берет. Түрдүү элдердин байыркы тыйындары. Тыйын казыналары. Банктардын пайда болушу.

***9-сабак:* § 9. Кыргыздарда жана Кыргызстанда колдонулган акча** *(1 саат)*

Кыргызстандын аймагынан табылган тыйындар. Кыргызстанда акча бирдигинин киргизилиши.

***10-сабак: «*Тарыхый булак менен кантип иштөө керек»** деген темадагы семинар-сабак *(1 саат)*

***11-сабак:* § 10. Ономастика** *(1 саат)*

Ономастика эмнени үйрөтөт? Адам аттары. Кыргыздар колдонгон адам аттары. Улуттун, элдин, уруунун жана уруктун аталыштары.

***12-сабак:* § 11. Генеалогия** *(1 саат)*

Генеалогия жөнүндө түшүнүк. Генеалогиялык дарак деген эмне?

***13-сабак:* § 12. Этнология** *(1 саат)*

Этнология жөнүндө түшүнүк. Кыргыз этнологиясынын келип чыгышы.

***14-сабак:* § 13. Кыргыздардын санжырачылык салты** *(1 саат)*

Жети атаны билүү — тегиңди билүү. Кыргыздын белгилүү санжырачылары. Манас баатырдын ата-теги жөнүндө түшүнүк.

***15-сабак:* «Мектеп музейи»** деген темадагы саякат-сабак. Мектеп музейи менен максаттуу тааныштыруу *(1 саат)*

***16-сабак:* Тестирлөө.** *(1 саат)*

***17-сабак:* § 14. Сфрагистика** *(1 саат)*

Сфрагистика жөнүндө түшүнүк. Дүйнө элдери колдонгон мөөрлөр. Кыргыздын уруу башчылары колдонгон мөөрлөр.

***18-сабак:* § 15. Кыргыз уруулары колдонгон белги-тамгалар** *(1 саат)*

Белги-тамгалар жөнүндө түшүнүк. Белги-тамгалар — баалуу тарыхый булак. Кыргыз уруулары колдонгон эн-тамгалар.

***19-сабак:* § 16. Геральдика** *(1 саат)*

Геральдика илими эмнени үйрөтөт? Герб жөнүндө түшүнүк. Герольддор деген кимдер?

***20-сабак:* § 17. Топонимика** *(1 саат)*

Топонимика эмнени үйрөтөт? Жер-суулардын жана тоолордун аталыштары эмнени баяндайт. Адам ысымдары коюлган жер аталыштары.

***21-сабак:* § 18. Карта жөнүндө түшүнүк** *(1 саат)*

Карта деген эмне? Картанын мааниси. Улуу Жибек жолу картада. Махмуд Кашгари-Барскани түзгөн дүйнө картасы. Байыркы Кыргыз дөөлөтү картада. Картанын түрлөрү жана тарыхый картадагы өзгөчөлүктөр.

***22-сабак:* «Тарыхты картасыз окууга болобу?»** диспут-сабак *(1 саат)*

***23-сабак:* § 19. Тарыхый метрология** *(1 саат)*

Тарыхый метрология эмнени үйрөтөт? Чен бирдиктеринин келип чыгышы жана ченөөнүн зарылдыгы. Кыргыздардын чен бирдиктери.

***24-сабак:*** **§ 20. Хронология** *(1 саат)*

Хронология эмнени окуп үйрөтөт? Убакыт ченемдери кандайча пайда болгон? Жыл эсептөөнүн түрдүүлүгү. Календардын пайда болушу.

***25-сабак:*** **§ 21. Кыргыздардын жыл эсеби** *(1 саат)*

Кыргыздар колдонгон жыл эсеби. Айлардын аталыштары. Мүчөл жөнүндө түшүнүк.

***26-сабак:*** **§ 22. Элдик оозеки чыгармачылык тарыхты баяндайт** *(1 саат)*

Көркөм сөз өнөрү. Мифтер аркылуу тарыхты үйрөнүүгө болобу? Тарыхты чагылдырган лирикалык ырлар — түгөнбөс казына.

***27-сабак:*** **§ 23. «Манас» эпосу — кыргыз тарыхынын көөнөрбөс булагы** *(1 саат)*

«Манас» эпосу — кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхынын алтын казынасы. «Манас» эпосу дүйнөдө теңдешсиз зор көлөмдүү чыгарма.

***28-сабак:*** **§ 24. Искусство — тарыхты чагылдырат** *(1 саат)*

Жасалга-колдонмо көркөм искусствосу тарыхты кандайча чагылдырат? Жасалга-колдонмо көркөм искусствосу өткөн доордун жашоо-тиричилигинен кабар берет.

***29–30-сабактар:*** **«Мен тарых сабагынан эмнелерди үйрөндүм?»** Окуучулардын ой толгоолору (эссе) боюнча конференция-сабак *(2 саат)*

***31-сабак:*** **Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

***32-сабак:*** **Тестирлөө** *(1 саат)*

**Резервдик сааттар** — 2 саат.

## II БӨЛҮК.
## ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ
***(жумасына 1 саат, жылына 34 саат)***

### I бөлүм. АДАМЗАТТЫН ТАРЫХЫЙ-ЦИВИЛИЗАЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ

***1-сабак:*** **§ 1. Байыркы адамдар** *(1 саат)*

Байыркы адамдардын жашаган жерлери жана өң-келбеттери. Байыркы адамдардын негизги кесипчиликтери. Байыркы адамдар аңчылыкта кандай куралдарды колдонушкан? Уруу жамааттары. Коомдук мамилелер.

***2-сабак:*** **§ 2. Байыркы адам жана эмгек** *(1 саат)*

Алгачкы жер иштетүү. Жапайы жаныбарларды колго үйрөтүү. Кол өнөрчүлүк. Борбордук Азиядагы алгачкы цивилизациялар.

***3-сабак:*** **§ 3. Алгачкы диний ишенимдер** *(1 саат)*

Алгачкы диний ишенимдердин пайда болушуна эмне түрткү болгон?

Адам эмне үчүн түш көрөт? Сөөк коюу түшүнүгүнүн пайда болушу. Тотемизм, анимизм, фетишизм, магия — байыркы адамдардын алгачкы диний ишенимдери. Диний жөрөлгөлөрдүн өткөрүлүшү. Көркөм өнөрдүн жаралышы.

## II бөлүм. ДАРЫЯ АРАЛЫГЫНДАГЫ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР

***4-сабак:*** **§ 4. Египеттин байыркы цивилизациясы** *(1 саат)*

Египеттин географиялык чөйрөсү. Элдин турмуш-тиричилигине Нил дарыясынын тийгизген таасири. Египеттиктердин кесиптери: жер иштетүү, мал чарбачылык, кол өнөрчүлүк жана соода. Египет коому. Шаарлары.

***5-сабак:*** **§ 5. Байыркы египеттиктердин маданияты жана дини** *(1 саат)*

Байыркы Египет жазууларынын өзгөчөлүктөрү. Илимий билимдердин башаты. Байыркы Египет кереметтери. Египеттиктердин кудайлар жөнүндө түшүнүктөрү. Байыркы египиттиктердин тиги дүйнө жөнүндөгү түшүнүгү.

***6-сабак:*** **§ 6. Месопотамиянын цивилизациялары** *(1 саат)*

Эки дарыя аралыгынын жайгашышы жана географиялык чөйрөсү. Ирригациялык (жасалма сугат) дыйканчылык деген эмне? Шумердин шаар-мамлекеттери. Аккад. Вавилон. Хаммурапинин бийликке келиши. Хаммурапинин мыйзамдары. Жаңы Вавилон падышалыгы.

***7-сабак:*** **§ 7. Ассирия державасы** *(1 саат)*

Ассирия падышалыгы — байыркы дүйнөнүн улуу дөөлөттөрүнүн бири. Ниневия — ассириялык падышалардын борбору. Хетт падышалыгы. Митанни. Урарту падышалыгы.

***8-сабак:*** **§ 8. Байыркы шумер-аккад маданияты жана дини** *(1 саат)*

Байыркы Месопотамиянын маданияты. Шынаа жазуусунун пайда болушу. Алгачкы диний ишенимдер. Диний ишенимдердин өнүгүшү.

***9-сабак:*** **§ 9. Ирандын байыркы цивилизациясы** *(1 саат)*

Иран Түштүк-Батыш Азиядагы байыркы мамлекет. Байыркы Иран аймагындагы алгачкы цивилизациялар. Элам. Вавилон. Лидия. Мидия. Улуу Кир II. Перс падышалыгынын түзүлүшү. Падыша Дарий I. Падыша жолдору жана падыша почтасы.

***10-сабак:*** **§ 10. Байыркы Ирандагы маданият жана дин** *(1 саат)*

Байыркы улуу дөөлөттүн борбору — Персеполь шаары. Байыркы дүйнөдө диндердин жаралышы. Зороастризм — Заратуштра негиздеген байыркы дин. Зороастризмдин ыйык китеби — «Авеста». Манихейчиликтин пайда болушу.

***11-сабак:*** **§ 11. Индиянын байыркы цивилизациясы** *(1 саат)*

Байыркы Индиянын ээлеген орду жана географиялык чөйрөсү. Индиядагы байыркы цивилизациялар.

*12-сабак:* **§ 12. Байыркы Индиядагы маданият жана дин** *(1 саат)*

Байыркы Индиядагы маданият. Теңсиздердин касталык коому. Буддизмдин пайда болушу.

*13-сабак:* **§ 13. Кытайдын байыркы цивилизациясы** *(1 саат)*

Кытайдын географиялык чөйрөсү. Байыркы кытайлык цивилизациялардын пайда болушу. Цинь Ши-Хуандинин Кытайды бириктирүүсү. Цинь Ши-Хуандинин күмбөзүндөгү чопо аскерлер. Улуу Кытай дубалы.

*14-сабак:* **§ 14. Байыркы Кытайдын маданияты жана дини** *(1 саат)*

Байыркы Кытайдын маданияты. Илимий билимдер. Конфуцийдин окуусу. Даосизмдин Кытайда б.з.ч. IV–III кылымдарда философиялык окуу катары пайда болушу.

## III бөлүм. ДЕҢИЗ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

*15-сабак:* **§ 15. Финикиянын байыркы цивилизациясы** *(1 саат)*

Финикиянын жайгашкан орду жана географиялык чөйрөсү. Чарбасы жана кесиптери. Деңиз соодасы жана каракчылык. Финикиялыктардын колониялары. Байыркы финикиялык жазуу.

*16-сабак:* **§ 16. Гректердин байыркы цивилизациясы** *(1 саат)*

Байыркы Грециянын жайгашкан орду, жаратылышы жана калкы. Миной цивилизациясы. Афины. Спарта.

*17-сабак:* **§ 17. Байыркы Грекиянын маданияты жана диний ишенимдери** *(1 саат)*

Байыркы Грекиянын маданияты. Гомердин «Илиада» жана «Одиссея» поэмалары. Байыркы Грекиядагы билим берүү. Байыркы грек театры. Байыркы гректердин скульптурасы жана архитектурасынын өзгөчөлүктөрү. Байыркы Грекиянын уламыштары жана диний ишенимдери.

*18-сабак:* **§ 18. Байыркы дүйнөдөгү олимпиадалык оюндар** *(1 саат)*

Эллиндерди бириктирген майрамдар. Олимпиадалык оюндар.

*19-сабак:* **«Олимпиадалык оюндар жана аларга кыргызстандык спортчулардын катышуусу»** деген темада викторина-сабак *(1 саат)*

*20-сабак:* **Тестирлөө** *(1 саат)*

*21-сабак:* **§ 19. Эллинизм** *(1 саат)*

Македониянын Грекияны басып алышы. Александр Македонскийдин империясы жана анын кулашы. Египеттик Александрия. Фарос маягы — дүйнө кереметтеринин бири.

*22-сабак:* **§ 20. Римдин байыркы цивилизациясы** *(1 саат)*

Италиянын географиялык чөйрөсү жана калкы. Римдин негизделиши. Байыркы Римдеги падышалык башкаруу. Рим республикасынын орнотулушу.

***23-сабак:* § 21. Рим менен Карфагендин Жер Ортолук деңизине үстөмдүк үчүн күрөшү. Римдин жеңиши** *(1 саат)*

Карфагендин географиялык чөйрөсү жана калкы. Карфаген — Сицилияга кетүүчү жолдогу тосмо. Римдин «бөлүп алып бийлей бер» саясаты. Рим республикасынын кулашы. Рим республикасынын империяга айланышы. Рим империясынын начарлашы.

***24-сабак:* § 22. Байыркы Римдин маданияты** *(1 саат)*

Рим шаары — маданият борбору. Байыркы Римдеги билим берүү. Рим поэзиясы. Рим архитектурасы. Байыркы Римдин айкелдери.

***25-сабак:* § 23. Христианчылыктын пайда болушу** *(1 саат)*

Жаңы диндин келип чыгышынын себептери. Иисус Христос жөнүндө «кабарлар». Эски осуят жана Жаңы осуят. Христиан дининин таралышы. Христиандардын Рим бийлиги тарабынан куугунтукталышы. Римдиктердин христиан динин куугунтуктай башташы. Рим империясында христиан дининин үстөмдүк кылуучу динге айланышы.

## IV бөлүм. КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ КӨЧМӨН ЖАНА ОТУРУКТАШКАН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР

***26-сабак:* § 24. Кыргыздардын байыркы ата-бабаларынын цивилизациясы** *(1 саат)*

Кыргызстандын аймагындагы цивилизациянын башаты. Сактар. Усун мамлекети. Хунн мамлекети. Дабан мамлекети.

***27-сабак:* § 25. Кыргыздар — байыркы эл** *(1 саат)*

Кыргыздар тууралуу тарыхый маалыматтар. Кыргыздардын байыркы ата-журту. Байыркы кыргыз урууларынын пайда болушу. Кыргыздардын башка уруулар менен этногенетикалык байланышы. Кыргыздардын алгачкы көз карандысыз мамлекети. Кыргыздар I–V кылымдарда.

***28-сабак:* Кайталоо** *(1 саат)*

***29–30-сабактар:* «Мен жана сабак экологиясы»** деген темадагы семинар-сабак *(2 саат)*

***31-сабак:* Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

***32-сабак:* Тестирлөө** *(1 саат)*

**Резервдик сааттар** — 2 саат.

**Авторлор:**
***Ө. Ж. Осмонов, Ш. К. Керимова, Г. К. Жыргалбекова.***

## 6-класс

# ДҮЙНӨ ЖАНА КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

## I БӨЛҮК. ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ: БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ КӨЧМӨН ЖАНА ОТУРУКТАШКАН ЦИВИЛИЗАЦИЯ

***(жумасына 1 саат, жылына 34 саат)***

*1-сабак:* **Киришүү** *(1 саат)*

Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациялар жана алардын өнүгүшү, көчмөндөрдүн руханий жана материалдык маданияты, диний ишенимдери, Борбордук Азияга ислам цивилизациясынын келиши, Кыргызстандын аймагындагы алгачкы уруу бирикмелери түзгөн цивилизациялар. Кыргыздардын көчмөн жана отурукташкан цивилизацияларда өнүгүшү.

### I бөлүм. БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ КӨЧМӨН ЖАНА ОТУРУКТАШКАН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРДЫН НЕГИЗИ

*2-сабак:* **§ 1. Отурукташкан жана көчмөн цивилизациялардын пайда болушу** *(1 саат)*

Борбордук Азиянын географиялык чөйрөсү. Борбордук Азиядагы шаар маданияты. Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрү.

*3-сабак:* **§ 2. Байыркы Хорезм** *(1 саат)*

Байыркы Хорезм жөнүндө жазуу булактары жана археологиялык маалыматтар. Байыркы шаарлары. Байыркы Хорезм: чарбасы жана маданияты.

*4-сабак:* **§ 3. Байыркы Бактрия** *(1 саат)*

Байыркы Бактрия мамлекети жөнүндө тарыхый маалыматтар. Байыркы Бактрия шаарларынын өзгөчөлүктөрү. Бактриянын чарбасы. Байыркы Бактрия мамлекетинин кайра жаралуусу жана андагы гректердин бийлиги. Эллин маданияты. Грек-Бактрия падышалыгынын негизделиши.

*5-сабак:* **§ 4. Байыркы Согду** *(1 саат)*

Байыркы Согдиана жөнүндө жазма булактар жана археологиялык маалыматтар. Байыркы Согду шаарлары. Согдулук чарбанын өнүгүшү.

*6-сабак:* **§ 5. Хунндардын көчмөн империясы** *(1 саат)*

Хунндар жөнүндө маалымат. Хунндардын алгачкы мекени жана чарбасы. Хунндар менен кытайлардын мамилеси. Модэ шанүй.

*7-сабак:* **§ 6. Хунн мамлекетинин түзүлүшү** *(1 саат)*

Хунн мамлекетинин башкаруу түзүмү. Хунндардын мыйзамдары. Модэ шанүйдүн жортуулдары.

***8-сабак:*** **§ 7. Элдердин Улуу көчү** *(1 саат)*

Элдердин Улуу көчүнүн башталышы. Түндүк хунндардын батышка жылуусу. Аттиланын мамлекети (433–454-жылдар).

***9-сабак:*** **§ 8. Кушан империясы** *(1 саат)*

Кушан падышалыгы. Кушан империясынын чарбасы.

***10-сабак:*** **§ 9. Кушан маданияты жана диний ишенимдери** *(1 саат)*

Кушан маданияты. Диний ишенимдери. Манихейчиликтин таралышы.

***11-сабак:*** **§ 10. Каңгүй мамлекети** *(1 саат)*

Каңгүй — Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан элдерди бириктирген мамлекет. Чарбасы.

***12-сабак:*** **§ 11. Эфталит падышалыгы** *(1 саат)*

Эфталиттердин басып алуучулук жүрүштөрү. Эфталиттердин чарбасы жана маданияты.

***13-сабак:*** **«Көчмөндөр цивилизациясы»** семинар-сабак *(1 саат)*

***14-сабак:*** **Кайталоо** *(1 саат)*

***15-сабак:*** **Тестирлөө.** *(1 саат)*

## II бөлүм. БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ КӨЧМӨН ЖАНА ОТУРУКТАШКАН ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ӨНҮГҮШҮ *(11 саат)*

***16–17-сабактар:*** **§ 12–13. Түрктөрдүн көчмөн цивилизациясы** *(2 саат)*

Бумын — Түрк кагандыгынын негиздөөчүсү. Түрк кагандыгынын басып алуучулук жортуулдары. Түрк кагандыгынын күч алышы жана жиктелиши. Батыш Түрк кагандыгынын ээлеген аймагы. Батыш Түрк кагандыгынын жана Тан империясынын мамилелери.

Батыш Түрк кагандыгынын жоюлушу. Чыгыш Түрк кагандыгынын негизделиши. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын түзүлүшү. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын талкаланышы.

***18-сабак:*** **§ 14. Түргөштөрдүн көчмөн кагандыгы** *(1 саат)*

Түргөш кагандыгынын жаралышы. Түргөш кагандыгынын тышкы саясаты. Араб баскынчыларына каршы күрөшү.

***19-сабак:*** **§ 15. Көчмөн карлуктардын мамлекети** *(1 саат)*

Карлуктар. Атлах салгылашы. Карлук-уйгур мамилелери.

***20-сабак:*** **§ 16. Уйгур кагандыгы** *(1 саат)*

Уйгур кагандыгынын негизделиши. Уйгур кагандыгы менен кыргыздардын согушу. Уйгур кагандыгынын кыйрашы. Диний ишенимдер: манихейлик жана буддизм.

***21-сабак:*** **§ 17. Азиянын батышындагы көчмөндөрдүн мамлекеттери** *(1 саат)*

Авар кагандыгы. Хазар кагандыгы. Булгарлар. Огуз жабгулугу. Кимак кагандыгы.

***22-сабак:*** **§ 18. Көчмөндөрдүн башкаруу түзүмү жана аскердик күчтөрү** *(1 саат)*

Башкаруу түзүмү. Көчмөндөрдүн аскердик күчтөрүнүн курамы.

***23-сабак:*** **§ 19. Көчмөндөрдүн руханий маданияты** *(1 саат)*

Мифологиясы. Диний ишенимдери. Көчмөн түрктөрдүн жазуусу.

***24-сабак:*** **§ 20. Көчмөндөрдүн материалдык маданияты** *(1 саат)*

Турак жайы. Көчмөндөрдүн кийим-кечелеринин өзгөчөлүктөрү. Көчмөндөрдүн элдик искусствосу. Колдонмо өнөрү.

***25-сабак:*** **§ 21. Көчмөндөрдүн чарбасы** *(1 саат)*

Чарбасы. Турмуш-тиричилиги. Көчмөндөрдүн адеби.

***26-сабак:*** **§ 22. Борбордук Азияга ислам цивилизациясынын келиши** *(1 саат)*

Арабдардын күч алышы. Арабдардын басып алуучулук жортуулдары. Арабдардын жортуулдарынын жыйынтыгы.

***27-сабак.*** **Кайталоо** *(1 саат)*

***28-сабак.*** **«Отурукташкан цивилизация».** Семинар-сабак *(1 саат)*

***29–30-сабактар:*** **«Дүйнөлүк цивилизациялар».** Конференция-сабак *(2 саат)*

***31-сабак:*** **Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

***32-сабак:*** **Тестирлөө** *(1 саат)*

**Резервдик сааттар** — 2 саат.

## II БӨЛҮК. КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ: КЫРГЫЗДАР КӨЧМӨН ЖАНА ОТУРУКТАШКАН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРДА

***(жумасына 1 саат, жылына 34 саат)***

### I бөлүм. КЫРГЫЗДАРДЫН АТА-БАБАЛАРЫ КӨЧМӨН ЖАНА ОТУРУКТАШКАН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРДЫН БАШАТЫНДА

***1-сабак:*** **§ 1. Кыргызстандын аймагындагы таш жана коло доорлору** *(1 саат)*

Кыргызстандын аймагындагы алгачкы адамдардын издери. Кыргызстандын аймагындагы байыркы таш доору. Кыргызстандын аймагындагы байыркы коло доору.

***2-сабак:*** **§ 2. Сактар** *(1 саат)*

Сак урууларынын негизги топтору. Сактардын коомдук түзүлүшү. Сактардын көз карандысыздыгы үчүн күрөшү.

***3-сабак:*** **§ 3. Сактардын материалдык жана руханий маданияты** *(1 саат)*

Сактардын чарбасы жана маданияты. Сактардагы «айбанаттар стилинин» өзгөчөлүгү. Сак урууларынын диний ишенимдери. Сактардын маданиятынын кеңири тарашы.

***4-сабак:*** **§ 4. Усун мамлекети** *(1 саат)*

Усун урууларынын Жети-Сууга көчүп келиши. Усундардын Кытай империясы менен мамилеси. Усундардын чарбасы. Диний ишенимдери.

***5-сабак:*** **§ 5. Дабан мамлекети** *(1 саат)*

Дабан мамлекетинин аймагы жана калкы. Дабандын чарбачылыгы. Кытайдын Дабанга жортуулдары.

***6-сабак:*** **§ 6. Кыргызстандын аймагындагы шаар цивилизациясы** *(1 саат)*

Кыргызстандын аймагындагы байыркы кыштактар. Кыргызстандын аймагындагы шаар цивилизациясы.

***7-сабак:*** **§ 7. Байыркы кыргыздар, чарбасы жана дүйнө таанымы** *(1 саат)*

Байыркы кыргыз урууларынын ата журту. Байыркы кыргыздар жөнүндө маалыматтар. Чарбасы. Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы.

***8-сабак:*** **Кайталоо** *(1 саат)*

***9–10-сабактар:*** **«Осмонаалы Сыдык уулу — алгачкы кыргыз тарыхчысы».** Конференция-сабак *(2 саат)*

***11-сабак:*** **Тестирлөө** *(1 саат)*

## II бөлүм. КЫРГЫЗДАРДЫН КӨЧМӨН ЖАНА ОТУРУКТАШКАН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРДЫН БАШАТЫНДА ӨНҮГҮШҮ

***12-сабак:*** **§ 8. Кыргыздар Енисейде** *(1 саат)*

Енисей аймагынын географиялык чөйрөсү. Енисейди кыргыздар качан мекендеген? Кыргыздардын жергиликтүү уруулар менен мамилеси.

***13-сабак:*** **§ 9. Енисейде Кыргыз мамлекетинин калыптанышы** *(1 саат)*

Кыргыздардын көз карандысыздык үчүн күрөшү. Борбордук Азияга үстөмдүк үчүн күрөш. Кытайдын саясаты. Кыргыз мамлекетинин күч алышы.

***14-сабак:* § 10. Кыргыз-кытай мамилелеринин чыңдалышы** *(1 саат)*

Кыргыз-кытай алакалары. Шибокүй (Шибоцюй) Ачжандын Кытайга иш сапары. Кыргыз-кытай мамилелеринин чыңдалышы.

***15-сабак:* § 11. Кыргыз каганы — Барсбек** *(1 саат)*

Барсбектин бийликке келиши. Барсбектин тышкы саясаты кандай жүргүзүлгөн? Согушка даярдык.

***16-сабак:* § 12. Борбордук Азиядагы 710–711-жылдардагы согуш** *(1 саат)*

Чыгыш түрктөрдүн кыргыздарга каршы жортуулу. Суңга салгылашы. Барсбектин курман болушу. Барсбектин кыргыз тарыхында ээлеген орду.

***17-сабак:* § 13. Кыргыз мамлекетинин көз карандысыздык үчүн күрөшү (VIII к. аягы – IX к. башы)** *(1 саат)*

Кыргыз мамлекетинин өз алдынчалыгынын сакталып калышына эмне себеп болгон? Кыргыздардын Уйгур кагандыгынын баскынчылык саясатына каршы көтөрүлүштөрү. Кыргыздардын көз карандысыздык үчүн күрөшү.

***18-сабак:* § 14. Кыргыз мамлекетинин башкаруу түзүмү** *(1 саат)*

Каган — мамлекет башчысы. Мамлекеттик башкарууда кызматтардын аталышы. Мамлекеттин биримдиги үчүн аракеттер.

***19-сабак:* § 15. Кыргыздардын куралдуу күчтөрү** *(1 саат)*

Кыргыз жоокерлеринин курал-жарактары. Оор жана жеңил куралданган жоокерлердин милдеттери. Куралдуу күчтөрдөгү жылкынын ролу.

***20-сабак:* Тестирлөө.** *(1 саат)*

***21-сабак:* § 16. Кыргыздардын руханий маданияты** *(1 саат)*

Кыргыз элинин идеологиясы. Кыргыздардын жазуусу. Кыргыздардын элдик билиминин өнүгүшү. Кыргыз календары.

***22-сабак:* § 17. Кыргыздардын диний ишенимдери** *(1 саат)*

Кыргыздардын тотемдик ишенимдерин эмнеден билүүгө болот. Фетишизм. Анимизм. Кыргыздардын кандай майрамдары болгон?

***23-сабак:* § 18. Кыргыздардын чарбасы** *(1 саат)*

Кыргыздардын мал чарбачылыгы. Дыйканчылык. Аңчылык. Кол өнөрчүлүк. Кыргыздарда сооданын өнүгүшү.

***24-сабак:* § 19. Кыргыздардын этномаданий байланыштары** *(1 саат)*

Кыргыздардын динлиндер жана кытайлар менен аралашуусу. Кыргыздардын коңшу уруулар менен байланышы. Кыргыздардын түргөштөр жана карлуктар менен байланышы.

***25-сабак:*** **§ 20. Кыргыздардын материалдык маданияты** *( 1 саат)*

Табылгалар баяндайт. Енисейлик кыргыздардын турак жайлары. Металл иштетүү. Карапа идиштер.

***26-сабак:*** **§ 21. Кыргызстандагы отурукташкан маданият (VI–VIII кк.)** *( 1 саат)*

Шаар маданияты. Суяб — Жети-Суудагы шаарлардын үлгүсү.
Маданий, диний алакалашуу.

***27-сабак:*** **§ 22. Улуу Жибек жолу жана Кыргызстан** *(1 саат)*

Улуу Жибек жолунун башаты. Улуу Жибек жолунун жанданышы. Улуу Жибек жолунун Кыргызстан аркылуу өтүшү. Улуу Жибек жолунун мааниси.

***28-сабак:*** **Кайталоо** *(1 саат)*

***29–30-сабактар:*** **«Дүйнөлүк цивилизациялар»** деген темадагы конференция-сабак *(2 саат)*

***31-сабак:*** **Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

***32-сабак:*** **Тестирлөө** *(1 саат)*

**Резервдик сааттар** — 2 саат.

**Авторлор:**
***Ө. Ж. Осмонов, Ш. К. Керимова, Г. К. Жыргалбекова.***

# 7-класс

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ. КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

## I БӨЛҮК.
## ОРТО КЫЛЫМДАР ТАРЫХЫ
***(жумасына 1 саат, жылына 34 саат)***

***1-сабак:*** **Киришүү** *(1 саат)*

Орто кылымдардын тарыхы — дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү. Орто кылымдар түшүнүгүнүн келип чыгышы жана мааниси. Орто кылымдардын хронологиялык алкагы. Орто кылым цивилизациясынын концепциясы. Окумуштуулар орто кылымдардын тарыхын изилдөө үчүн кандай булактардан пайдаланышат?

### I бөлүм. ФЕОДАЛДЫК КООМДУН КАЛЫПТАНЫШЫ
### (V к. аягы – XI к. ортосу)

***2-сабак:*** **§ 1. Ыйык Рим империясы жана анын коңшулары** *(1 саат)*

«Варварлар» — деген кимдер? Байыркы германдар. Кельттер. Элдердин Улуу көчүү доору. Хунндардын басып кириши. Атилланын жортуулдары. Батыш Рим империясынын кыйрашы.

***3-сабак:*** **§ 2. Феодалдык коомдун маңызы** *(1 саат)*

Феодализм түшүнүгү. Феодалдык коомдун маңызы. Феодалдык түзүлүштүн жана жаңы коомдук таптардын калыптанышы. Жер ээликтеринин түрлөрү. Феодалдык шаты. Вассалдык мамилелер.

***4-сабак:*** **§ 3. Франк мамлекеттеринин түзүлүшү жана күч алышы** *(1 саат)*

Франк мамлекетинин түзүлүшү жана анын басып алуулары. Каролингдердин түпкү династиялары. Улуу Карл. Франк мамлекеттеринин кенейиши. Франк империясынын түзүлүшү. Империянын кулашы.

***5-сабак:*** **§ 4. Континенттик Европадагы ири мамлекеттер (V–X кк.)** *(1 саат)*

Европадагы жаңы мамлекеттердин түзүлүшү. Франция (IX–X кк.). Италия (V–X кк.). Немис королдугунун жаралышы.

***6-сабак:*** **§ 5. Англия мамлекетинин түзүлүшү (V–X кк.)** *(1 саат)*

Британияда феодалдык коомдун калыптанышы. Британиядагы калктын жикке бөлүнүшү. Англияда алгачкы феодалдык мамлекеттин калыптанышы. Бирдиктүү англ-сакс мамлекетинин — Англиянын — түзүлүшү.

***7-сабак:*** **§ 6. Славян мамлекеттеринин түзүлүшү** *(1 саат)*

Славяндардны жашаган жерлери. Чарбасы. Славяндардын жашоо ыңгайы. Славян мамлекеттеринин түзүлүшү.

***8-сабак:* § 7. Киев Русу — Байыркы орус мамлекети** *(1 саат)*

Байыркы орус мамлекетинин түзүлүшү. Владимир Інин башкаруусу. Байыркы орус коомунун негизги социалдык катмарлары. Орустарды чокундуруу. Байыркы орус мамлекетинин Акылман Ярославдын тушунда гүлдөп өнүгүшү. Киев Русунун кулай башташы. Саясий түзүлүшү. Чарбасы. IX к. – XII к. биринчи жарымындагы маданияты.

***9-сабак:* § 8. Византия империясы V–XV кк.** *(1 саат)*

Византия империясынын түзүлүшү. Юстиниан I. Византиянын аймагына славяндардын отурукташуусу. Феодалдык түзүлүштүн калыптанышы. Византиянын начарлашы. Византиянын маданияты.

***10-сабак:* § 9. Батыш өлкөлөрүнүн IX–XI кк. маданияты** *(1 саат)*

Билим берүү жана илим. Китеп жазуу искусствосу. Славян жазуусунун келип чыгышы. Адабият. Искусство. Архитектура.

## II бөлүм. ФЕОДАЛДЫК КООМДУН ӨНҮГҮШҮ ( XII–XV кк.)

### II.1. ЧЫГЫШ ӨЛКӨЛӨРҮ *(9 саат)*

***11-сабак:* § 10. Индия орто кылымдарда** *(1 саат)*

Жаратылышы жана калкы. Индия феодалдык коомдун мезгилинде. Социалдык түзүлүшү. Мусулмандардын Индияны басып алышы. Илим. Искусство.

***12-сабак:* § 11. Кытай орто кылымдарда** *(1 саат)*

Кытайдын биригиши. Коомдук мамилелери. Саясий түзүлүшү. Тышкы саясаты. Орто кылымдардагы Кытай империялары. Чарбасы. Кытайдагы дыйкандар согушу (874–901-жж.). Кытайдын дини. Конфуцийлик тарбиялоо системасы. Маданияты. Билим берүү жана илим. Адабияты. Искусствосу.

***13-сабак:* § 12. Япония орто кылымдарда** *(1 саат)*

Жаратылышы жана калкы. Ямато. Коомдук-социалдык түзүлүшү. Самурайлар. Сёгундук. Япониядагы сёгундардын бийлиги. Япониянын илими жана искусствосу.

***14-сабак:* § 13. Арабдар орто кылымдарда** *(1 саат)*

Арабстандын жаратылышы. Арабдардын кесиби. Арабдардын турмушу жана ырым-жырымдары. Арабстан — дин бешиги. Мухаммед пайгамбардын сөзү. Мусулман дини — Ислам окуусу (Мухаммед). Алла-Таала баарын көрүп турат.

***15-сабак:* § 14. Ислам дүйнөсү** *(1 саат)*

Араб халифтигинин түзүлүшү жана күч алышы. Омеяддар жана Аббасилер. Халифтиктин кулашынын себептери. Мусулман дүйнөсүндөгү

билим берүү жана илим. Ислам дүйнөсүнүн адабияты. Ислам дүйнөсүнүн курулуш искусствосу. Ислам дүйнөсүнүн маданиятынын мааниси.

*16-сабак:* **§ 15. Орто Азиядагы Самани мамлекети (IX–X кк.)** *(1 саат)*

Самани (тажик) мамлекетинин түзүлүшү. Самани мамлекетинин саясий түзүлүшү. Самани мамлекетинин алсырашы. Карахандардын басып кириши.

*17-сабак:* **§ 16. Осмон-түрктөрүнүн империясы** *(1 саат)*

Осмон-түрктөрүнүн басып алуулары. Косово талаасындагы салгылаш. Византиянын кулашы. Осмон-түрктөрүнүн андан аркы жеңип алуулары. Осмон империясынын түзүлүшү. Осмон баскынчыларына каршы элдердин күрөшү.

*18-сабак:* **§ 17. Моңгол империясы** *(1 саат)*

Моңгол мамлекетинин түзүлүшү. Чыңгыз хандын бийликке келиши. Чыңгыз хан жана Батыйдын батышка карай жортуулдары. Улус — Чыңгыз урпактарынын мамлекети.

*19-сабак:* **§ 18. Амир Темирдин империясы** *(1 саат)*

Улуу дөөлөттүн негизделиши. Амир Темирдин дүйнөлүк тарыхтан алган орду. Орто Азиянын Темирлер доорундагы маданияты.

**Тестирлөө.**

## II.2. БАТЫШ ӨЛКӨЛӨРҮ *(9 саат)*

*20-сабак:* **§ 19. Европадагы католик чиркөөсү жана кресттүүлөрдүн жортуулдары** *(1 саат)*

Католик чиркөөсүнүн күч-кубаттуулугу. Кресттүүлөрдүн жортуулдары, алардын себептери жана максаттары. Кресттүүлөрдүн жортууладарынын жүрүшү жана ага катышуучулар. Кресттүүлөрдүн жортуулдарынын жыйынтыктары. Натыйжалары.

Маданияттардын жана цивилизациялардын карама-каршылыктары жана өз ара таасирденүүлөрү.

*21-сабак:* **§ 20. Чехиядагы гуситтик кыймыл** *(1 саат)*

Чех элинин боштондук курөштөрүнүн себептери. Күрөштүн максаты. Гуситтик кыймыл. Гуситтик согуштун башталышы. Гуситтик согуштун жүрүшү. Гуситтик согуштун кыймылдаткыч күчтөрү. Жеңилип калышынын себептери. Гуситтик согуштардын мааниси.

*22-сабак:* **§ 21. Франция жана Англия (XI–XIII кк.)** *(1 саат)*

Франциянын биригишинин себептери. Франция Филипп IV Сулуунун мезгилинде. Англиядагы каролдук бийлик. Боштондуктун улуу хартиясынын кабыл алынышы.

***23-сабак:*** **§ 22. Жүз жылдык согуш. Англия жана Франция XIV–XV кк.** *(1 саат)*

Согуштун себептери, башталышы жана жүрүшү. Жакерия. Уот Тайлердин көтөрүлүшү. Жанна Д'Арк. Жүз жылдык согуштун бүтүшү жана кесепеттери. Францияда борбордошкон мамлекетти түзүүнүн аякташы. Англиядагы кызыл жана ак розалар согушу. Англияда өкүлдүк башкаруунун калыптанышы.

***24-сабак:*** **§ 23. Германия XI–XV кк.** *(1 саат)*

Айыл чарбасындагы өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү. Шаарлардын өсүшү. Агрардык мамилелердин эволюциясы. Германиянын XI–XV кк. саясий өнүгүүсү.

***25-сабак:*** **§ 24. Пиреней жарым аралындагы мамлекеттер XI–XV кк.** *(1 саат)*

Пиреней жарым аралы арабдардын үстөмдүгүндө. Реконкиста. Партугал королдугунун түзүлүшү. Гранаданы багындыруу жана Испанияда борбордошкон мамлекеттин түзүлүшү.

***26-сабак:*** **§ 25. Батыш Европанын XI–XV кк. маданияты** *(1 саат)*

Мектептердин жана университеттердин пайда болушу. Орто кылымдардагы илим. Китеп басып чыгарууну ойлоп табуу. Готика. Скульптура. Живопись. Адабият. «Роланд жөнүндө ырдан» үзүндү. Гуманизм идеяларынын жаралышы. Алгачкы кайра жаралуу искусствосу.

***27-сабак:*** **§ 26. Борбордошкон орус мамлекетинин түзүлүшү ( XV к. аягы – VI к. башы)** *(1 саат)*

Орус жерлеринде феодалдык бытырандылык жана анын себептери. Орус княздыктары жана алардын өз ара мамилелери. Улуу Новгород. Киев княздыгы. Галиция-Волынь княздыгы XII–XIII кк. Владимир-Суздаль княздыгы. Чет жерлик баскынчыларга каршы күрөш. Орус мамлекети жана Алтын Ордо. Москва княздыгынын күч алышы. Бирдиктүү орус мамлекетинин түзүлүшү жана чыңдалышы. Орус мамлекетинин маданияты.

***28-сабак:*** **§ 27. Орто кылымдардагы Америка мамлекеттери** *(1 саат)*

Америка материгинин ачылышы. Калкы. Чарбасы. Коомдук саясий түзүлүшү. Майялардын шаар-мамлекеттери. Ацтектер империясы. Инк падышалыгы.

## III бөлүм. ФЕОДАЛДЫК КООМДУН БУЗУЛУШУ (XVI к. – XVII к. биринчи жарымы)

***29-сабак:*** **§ 28. Европадагы Кайра жаралуу жана гуманизм доору** *(1 саат)*

Италиядагы кайра жаралуунун башаттары жана өбөлгөлөрү. Гуманизм

жана гуманисттер. Кайра жаралуу доорундагы искусствонун улуу ишмерлери. Леонардо да Винчи. Микеланджело. Рафаэль. Германиянын, Нидерланддардын жана Испаниянын искусствосунун улуу чеберлери. Батыш Европанын улуу гуманист-жазуучулары. Илим менен чиркөөнүн ортосундагы күрөш.

***30-сабак:*** **§ 29. Улуу географиялык ачуулар жана колониялык системанын пайда болушу** *(1 саат)*

Улуу географиялык ачуулардын өбөлгөлөрү. Колумбдун сүзүүлөрү жана жаңы дүйнөнү ачышы. Италияга карай деңиз жолунун ачылышы. Васко да Гама. Магелландын алгачкы болуп дүйнөнү кезип чыгуусу. Тынч океан алкагындагы географиялык ачылыштар. Колониялык басып алуулардын башталышы жана колониялык империялардын түзүлүшү. Улуу географиялык ачуулардын натыйжалары.

***31-сабак:*** **§ 30. Германиядагы реформация жана дыйкандар согушу** *(1 саат)*

Германиянын экономикалык жана саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү. Реформациянын өбөлгөлөрү. Мартин Лютер. Немистик реформация. Томас Мюнцердин окуусу. Европа өлкөлөрүндөгү протестанттык реформация. Католик чиркөөсүнүн реформацияга каршы күрөшү. Реформация Батыш Европа цивилизациясын түзүүчү негиздердин бири.

***32-сабак:*** **§ 31. Батыш Европа өлкөлөрүнүн XVI к. – XVII к. биринчи жарымындагы социалдык-экономикалык өнүгүшү** *(1 саат)*

Техниканын өнүгүшү жана эмгектин жаңыча уюштурулушу. Капиталисттик мануфактура. Акча-товар мамилелеринин өнүгүшү. Батыш Европа өлкөлөрүнүн социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр. XVI–XVII кк. абсолюттук монархиялар.

***33-сабак:*** **§ 32. Орус мамлекети XVI к. – XVII к. биринчи жарымында** *(1 саат)*

Аймагы, калкы жана чарбасы. Иван IVнүн реформалары. Орус мамлекетинин XVI к. тышкы саясаты. Волга боюн жана Сибирди кошуп алуу. Опричнина. XVI к. башындагы дыйкандар согушу жана орус элинин чет өлкөлүк баскынчыларга каршы күрөшү. Орус мамлекетинин XVI к. биринчи жарымындагы экономикалык өнүгүшү. Абсолютизмдин жаралышы. Орус мамлекетинин XVI–XVII кк. маданияты.

***34-сабак:*** **Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

**Авторлор: *Ө. Ж. Осмонов, Ш. К. Керимова.***

## II БӨЛҮК.
## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ
***(жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)***

***1-сабак:* Кириш сөз** *(1 саат)*

### I бап. УЛУУ КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ ЖАНА АНЫН ТАРЫХЫЙ ОРДУ. ЭНЕ-САЙ ЖАНА ТЕҢИР-ТОО КЫРГЫЗДАРЫ (IX–XII кк.)

***2-сабак:* § 1. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн негизделиши** *(1 саат)*

Уйгур кагандыгындагы ички жаатташуулар. Кыргыз каганынын ультиматуму. Ордо-Балыктын каратылышы. Уйгурлардын Өтүкенден сүрүлүшү. Кыргыз кагандыгынын борбор шаарынын Монголияга көчүрүлүшү. «Улуу Кыргыз дөөлөтү» түшүнүгүнүн мааниси.

***3-сабак:* § 2. Сужин Давандагы жазма эстелик** *(1 саат)*

Кыргыз жазмасы. Эне-Сай руна сымал жазмалары жана эстеликтери. Сужин-Даван жазмасы.

***4-сабак:* § 3. Багырдын кылычы. Кыргыз дөөлөтүнүн жеңип алуулары** *(1 саат)*

Багырдын кылычы. Кыргыздардын Борбордук Азиядагы жеңип алуулары.

***5-сабак:* § 4. Теңир-Тоо жана Эне-Сай кыргыздары X–XII кылымдарда** *(1 саат)*

Борбордук Азия жана Сибирге кеңири таркаган кыргыз урууларына таандык археологиялык эстеликтер. Кыргыздар үчүн Теңир-Тоо өздөрүнүн тарыхый мекени болгон. Чыгыш Теңир-Тоодогу кыргыздардын өлүк коюу жөрөлгөсүнүн өзгөрүшү. Эне-Сайдагы, Түндүк-Батыш Монголиядагы жана Алтайдагы кыргыздар.

***6-сабак:* «Улуу Кыргыз дөөлөтү — кыргыз тарыхындагы жылдызы жанган учур»** темасындагы семинар-сабак *(1 саат)*

### II бап. КЫРГЫЗСТАН IX–XII кк. КАРАХАНДАР ЖАНА КАРА-КЫТАЙЛАР

***7-сабак:* § 5. Карахандар сулалесинин келип чыгышы. Сатук Буура-хан** *(1 саат)*

Кагандыктардын тарыхындагы ырааттуулук. Чигилдер — Карахандар кагандыгын негиздөөчүлөр. «Караханилер» же «Карахандар» аталышы. Афрасияб жөнүндө уламыш. Сатук Буура хан — карахандар мамлекетин негиздөөчү. Исламчыл тараптын козголоңу. Баласагындын ээлениши.

***8-сабак:* § 6. Карахандардын жеңип алуулары** *(1 саат)*

Мамлекеттик жаңы идеология. Саманилердин алсырай башташы жана

кулашы. Газневилер мамлекети менен Караханилердин ынтымагы. Газневилер мамлекети менен Батыш Карахандардын тирешүүлөрү. Пул-и Чархийан салгылашы (1008-ж.).

***9-сабак:*** **§ 7. Карахандар жана чыгыш түрктөрү** *(1 саат)*

Карахандардын чыгыштагы коңшулары жана аларга жортуулдары. Уйгурларга каршы согуштар. Йабакулардын жетегиндеги саясий ынтымакка каршы күрөш. Хотанды ээлөө.

***10-сабак:*** **§ 8. Саясий башкаруу системасы. Кагандыктын экиге жиктелиши** *(1 саат)*

Карахандардын саясий башкаруу системасы. Мыйзам. Башкаруу аппараты. Куралдуу күчтөр. Дубан бектери жана жикчилик саясат. Карахандар мамлекетинин жиктелиши.

***11-сабак:*** **§ 9. Карахандар доорундагы руханий турмуш. Жусуп Баласагын** *(1 саат)*

Карахандардын маданиятындагы социалдык-таптык ажырым жана орток белгилер. Жазма жана кагаз. Билим берүү системасы.

Борбордук Азия — илимий ачылыштардын чөлкөмү. Жусуп Баласагын.

***12-сабак:*** **§ 10. Махмуд Кашгари-Барскани жана анын «Диваны»** *(1 саат)*

Карахандар бийлеген чөлкөмдөрдөгү маданий очоктор. Махмуд Кашгари-Барскани. «Диван-лугат т-түрк». Башка илимий эмгеги.

***13-сабак: «*Махмуд Кашгари-Барсканинин Тегерек картасынын тарыхый мааниси»** деген темадагы семинар-сабак *(1 саат)*

***14-сабак:*** **§ 11. Карахандар кагандыгы XII кылымдын башында** *(1 саат)*

Карахандар XII кылымдын башында. Элүй Даши. Чыгыш Карахандарга каршы чабуулдар. Дин саясатындагы сабырдуулук. Катыван салгылашы (1141-ж.). Кара Кытай мамлекетинин өнүккөн жана күүгүм чагы.

## III бап. МОҢГОЛДОР ДООРУ

***15-сабак:*** **§ 12. Наймандардын Теңир-Тоого көчүшү. Күчлүктүн бийлиги** *(1 саат)*

Борбордук Азиядагы XII кылымдын аягы – XIII кылымдын башындагы саясий үстөмдүк үчүн күрөшү. Наймандардын Жети-Сууга чегиниши. Кара кытай гурханы жана Күчлүк ас-Сегизи. Күчлүктүн бийликти колуна алышы.

***16-сабак:*** **§ 13. Чыңгыз хандын дөөлөтүнүн негизделиши. Кыргыздарды каратуунун башталышы** *(1 саат)*

Темучин жөнүндөгү уламыштар жана анын бала чагы. Темучиндин «Чыңгыз хан» жарыяланышы. Түштүк Сибирдеги кыргыз улустары XIII

кылымдын башында. Жочу хандын Сибирге жортуулдары. Кыргыз-моңгол элчилик алакалары.

*17-сабак:* **§ 14. Моңголдордун үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүштөр** *(1 саат)*

Чыңгыз хандын аскерлеринин 1207–1211-жж. баскынчылык жортуулдары. Туматтардын көтөрүлүшү. Түштүк Сибир элдери, эне-сайлык кыргыздар Жочу хандын энчисинде.

*18-сабак:* **§ 15. Моңгол хандарынын жортуулдары жана кыргыздар** *(1 саат)*

Моңгол хандарынын Жети-Сууну жана Чыгыш Түркстанды басып алуусу. Батыш Борбордук Азияны каратууга камынуу. Хорезмшах менен мамиленин курчушу. Жортуулдун librarie башталышы жана жүрүшү. Жалал ад-Диндин күрөшү. Чыңгыз хандын жортуулдарынын аякташы жана салакалары. Кавказ жана Эдил жортуулдары. Калаймандын кесепеттери. Этностук кырдаал өзгөрдү.

*19-сабак:* **§ 16. Чагатай улусу. Ич ара согуштар** *(1 саат)*

Чыңгыз хандын дөөлөтүнүн улустарга бөлүнүшү. Чагатай улусу. Так талашкан көтөрүлүштөр. Теңир-Тоонун улуу ханга баш ийдирилиши. Хубилай менен Арык-Буканын чатагы жана кыргыздар. Эне-Сайдагы кыргыздардын XIII к. 60-жж. ортосундагы абалы.

*20-сабак:* **§ 17. Хайду мамлекети** *(1 саат)*

Хайдунун хан көтөрүлүшү. Борбордук Азияда өз алдынча мамлекеттин түзүлүшү. Хайду мамлекетинин аймагы, калкы жана саясаты. Хубилай менен Хайдунун эрегиши. Кыргыздардын ага аралашуусу. Хайду мамлекети XIV кылымдын биринчи жарымында.

**Тесттирлөө.**

*21-сабак:* **«Мамлекттүүлүктү бекемдөөдөгү негизги саясат — бул ар тараптуу реформалар»** темасындагы семинар-сабак *(1 саат)*

## IV бап. КЫРГЫЗДАР ЖАНА КЫРГЫЗСТАН XIV КЫЛЫМДЫН ОРТОСУ – XVII КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА

*22-сабак:* **§ 18. Моголстан мамлекети** *(1 саат)*

Моголстан мамлекетинин түзүлүшү. Теңир-Тоо калкынын Темирге каршы күрөшү. Кыргыз элинин топтору. Кыргыздардын көз карандысыз саясий бирикмеси. Ахмет хан жана Султан Халил Султан.

*23-сабак:* **§ 19. Теңир-тоолук жана чыгыш түркстандык кыргыздар XVI кылымда – XVII кылымдын башында** *(1 саат)*

Кыргыздардын XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башындагы этносаясий бирикмеси. Мухаммед Кыргыз — кыргыздардын кол башчысы

жана өкүмдары. Захреддин Мухаммад Бабур. Кыргыз-казак саясий ынтымагы.

***24-сабак:*** **§ 20. Сибирь кыргыздары XVII–XVIII кк.** *(1 саат)*

Сибирь кыргыздары жана Жуӊгар хандыгы. Сибирь кыргыздарынын таркалышы. Алтан хандар мамлекети. Орус падышалыгы. Хоорай бирикмеси, Фү-йү кыргыздары.

***25-сабак:*** **§ 21. Кыргызстандын XIII–XVкк. маданияты** *(1 саат)*

Маданий жандануунун өбөлгөлөрү. Көчмөндөр маданияты. Шаар-кыштак маданияты. Турак жай курулушу. Архитектура. Диний ишенимдери. Тили жана жазуусу.

## V бап. КЫРГЫЗДАР ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН XVII–XVIII кк. КООМДУК-ЧАРБАЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КОӉШУ ЭЛДЕР МЕНЕН АЛАКАСЫ

***26-сабак:*** **§ 22. Кыргыздардын чарбасынын негизги тармактары** *(1 саат)*

Көчмөн жана жарым көчмөн чарбачылык.

***27-сабак:*** **§ 23. Кыргыз коомундагы социалдык катмарлар жана уруулар** *(1 саат)*

Кыргыздардын XVII–XVIII кк. коомдук түзүлүшүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү. Таптар. Социалдык катмарлар.

***28–29-сабактар:*** **§ 24. Теӊир-Тоодогу кыргыздардын XVII–XVIII кк. ойрот басынчыларына каршы күрөшү. Кыргыз-казак согуштук ымаласы** *(2 саат)*

Ойрот мамлекетинин түзүлүшү. Алардын баскынчылык саясаты. Кыргыз-казак ынтымагы. Жуӊгар хандыгынын түзүлүшү. Алгачкы кагылышуулар. Батыш Памирге журт которуу. Жуӊгар хандыгынын Тибеттеги саясаты. Жуӊгарларга каршы күрөштүн жаӊы баскычы. Ор-Булак салгылашы.

Кыргыз-казак согуштук ынтымак-ымаласы. Унковскийдин элчилиги. Кыргыз топтору Борбордук Азиянын кеӊири мейкиндигинде. Боштондук үчүн күрөштүн жанданышы. Амурсананын бийлиги. Жуӊгар ханынын ойрон болушу.

***30-сабак:*** **§ 25. Чыгыш Теӊир-Тоо, Памир жана Фергана аймактарындагы кыргыздар** *(1 саат)*

Кыргыздардын XVII к. Чыгыш Теӊир-Тоодогу жана Ферганадагы саясий окуяларга катышуусу. Памир кыргыздары.

***31-сабак:*** **§ 26. Кыргыздар «ысхакийа», «ышкийа» сопучулук жамааттары** *(1 саат)*

Кыргыз-ойрот күрөшүнүн акыркы мезгили. Кыргыздар жана казактар.

Түрк калктарынын ойроттор жана дунгандар менен этностук-маданий мамилелери.

***32-сабак:* § 27. Кыргыз элинин XVIII к. экинчи жарымындагы сясий абалы. Этностук мамилелер** *(1 саат)*

Миң сулалеси негиздеген Кокон хандыгы жана түштүк кыргыздар. Ажы бий. Эрдана бий. Цинь-манжур Кытайы менен кыргыздардын XVIII к. экинчи жарымындагы мамилелери. Кыргыз-казак чатагы. Абылай хандын Түндүк Кыргызстанга жортуулдары. Орусияга барган алгачкы кыргыз элчиликтери. Абдрахман Күчүк уулу. Сатымбай Абдырахман уулу.

***33-сабак:* § 28. Кыргыздардын XVI–XVIII кк. маданияты** *(1 саат)*

Маданий башат. Элдик оозеки чыгармачылык. Төкмө акындык өнөр. Элдик билимдер жана диний ишенимдер. Оюн-зоокتору, заттык маданияты.

***34-сабак:* Жыйынтыктап кайталоо. Тестирлөө** *(1 саат)*

**Авторлор:** ***Т. К. Чоротегин, Т. Н. Өмүрбеков.***

# 8-класс

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ. КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

## I БӨЛҮК. ЖАҢЫ ТАРЫХ
***(жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)***

*1-сабак:* **Кириш сөз** *(1 саат)*

Жаңы доор тарыхы (жалпы мүнөздөмө). Дүйнө жүзү буржуазиялык революциялар болоор алдында.

### I бөлүм. ЕВРОПА БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯЛАР ДООРУНДА

*2-сабак:* **§ 1. XVII к. Англия буржуазиялык революциясы** *(1 саат)*

Англия XVII к. башында. Король жана парламент. Революциянын себептери. Жарандык согуш. Республиканын жарыяланышы. О. Кромвель. Революциянын натыйжалары.

*3-сабак:* **§ 2. XVII к. Англия. Өнөр жай төңкөрүшү** *(1 саат)*

Англиядагы парламеттик монархия. Жаңы ойлоп табуулар. Англия коомундагы кайра куруулар.

*4-сабак:* **§ 3. Агартуу доору** *(1 саат)*

Табигый илимдердин өнүгүшү (И. Ньютон). XVIII к. Француз агартуучулары жана алардын идеялары (Ш. Монтескье, Вольтер, Ж. Ж. Руссо, Д. Дидро). Агартуу идеяларынын XVIII к. көркөм маданиятта чагылдырылышы (адабият, живопись, музыка).

*5-сабак:* **§ 4. Түндүк Америка XVIII к.** *(1 саат)*

Америкадагы англиялык колониялар. Көз карандысыздык үчүн согуштар. АКШнын түзүлүшү. Ж. Вашингтон. Т. Жеферсон. 1787-ж. Конституция.

***6–7-сабактар:*** **§ 5–6. XVIII к. Улуу Француз буржуазиялык революциясы** *(2 саат)*

Абсолюттук кризис. Революциянын башталышы. Монархияны кулатуу. Республиканын жарыяланышы. Якобиндик диктатура. Революциянын натыйжалары жана мааниси.

*8-сабак:* **§ 7. Термидорлор мезгилиндеги Франция жана биринчи империянын түзүлүшү** *(1 саат)*

Франция термидорлор мезгилинде. Директория. Франциянын тышкы саясаты. Биринчи империянын түзүлүшү. Н. Бонапарт.

***9–10-сабактар:*** **§ 8–9. Россия мамлекети XVII–XVIII кк.** *(2 саат)*

Коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Дыйкандарды биротоло крепостнойлоштуруу. Пётрдун кайра куруулары.

Абсолютизмдин бекемделиши. Россия империясынын түзүлүшү. Агартуу абсолютизми.

## II бөлүм. ЕВРОПА ЖАНА ТҮНДҮК АМЕРИКА ӨЛКӨЛӨРҮ XIX к.

### *11–12-сабактар.* § 10–11. Европа өлкөлөрүнүн өнүгүшүндөгү жалпы багыттар *(2 саат)*

Индустриялык коомдун өнүгүшү. Өнөр жай төңкөрүшү жана анын өзгөчөлүгү. Индустриялаштыруу. Техникалык прогресс. Коомдун социалдык түзүмүндөгү өзгөрүүлөр. Социалисттик партиялардын пайда болушу.

### *13–14-сабактар:* § 12–13. Европадагы 1848–1849-жж. революциялар *(2 саат)*

Франциядагы, Германиядагы, Австриядагы, Италиядагы революциялык окуялар. Революциялардын натыйжалары жана сабактары.

### *15-сабак:* § 14. Улуу Британия *(1 саат)*

Өнөр жай төңкөрүшүнүн аякташы. 1832-ж. парламенттик реформа. Чартисттик кыймыл. «Дүйнө устаканасы». Жумушчу кыймылы. Тредюниондор.

**Тесттирлөө.**

### *16–17-сабактар:* § 15–16. Франция *(2 саат)*

Экинчи империя. Өнөр жай төңкөрүшүнүн аякташы. Франк-герман согушу. Монархияны кулатуу. Париж Коммунасы. Үчүнчү республика.

### *18-сабак:* § 17. Италиянын улуттук биригүүсү *(1 саат)*

Италияны бириктирүүгө даярдыктар. 1859-ж. Австрия-франк-сардин согушу жана анын натыйжалары. Ж. Гарибальди. Италия королдугунун түзүлүшү.

### *19-сабак:* § 18. Германиянын биригиши *(1 саат)*

Пруссия бириктирүү кыймылынын башында. О. Бисмарк. Франк-герман согушунун жыйынтыктары. Германия империясынын түзүлүшү.

### *20–21-сабактар:* § 19–20. Америка Кошмо Штаттары *(2 саат)*

XIX к. биринчи жарымында АКШнын аймагын кеңейтүү жолдору. Түндүк-Түштүк өз ара мамилелери. Кулчулукту жоюу үчүн күрөш. 1861–1865-жж. жарандык согуш. А. Линкольн. Түштүктү ренконструкциялоо.

### *22–23-сабактар:* § 21–22. Россия империясы *(2 саат)*

Россия XIX к. биринчи чейрегинде. Империянын чек араларын кеңейтүү. Крепостнойлук укукту жоюу. Реформалар кезиндеги Россияны модернизациялоо өзгөчөлүктөрү. Коомдун социалдык түзүмүндөгү өзгөрүүлөр. XIX к. Россиянын маданияты.

## Ш бөлүм. ЛАТЫН АМЕРИКАСЫНДАГЫ, АЗИЯДАГЫ ЖАНА АФРИКАДАГЫ ӨЛКӨЛӨР ЖАҢЫ ДООРДО

***24-сабак:* § 23. Латын Америкасы** *(1 саат)*

Европа мамлекеттеринин Латын Америкасындагы ээликтери, колониялык коом. Экономикалык өнүгүүлөр. Боштондук күрөштөрү. С. Боливар. Көз карандысыз өлкөлөрдүн жарыяланышы. АКШ жана Латын Америкасы.

***25-сабак:* § 24. XVIII к. аягы – XIX к. башындагы Осмон империясы** *(1 саат)*

Осмон империясындагы XVIII к. аягындагы кризис. Селимдин реформасы. Түркиянын боштондук кыймылынын күч алышы. Маданияты.

***26-сабак:* § 25. Иран XVIII к. аягы – XIX к. ортосунда** *(1 саат)*

Ирандын XVIII к. аягы – XIX к. башындагы социалдык-экономикалык абалы. Бабиддер көтөрүлүшү (1848–1852-жж.). Амир Низаминин реформасы. Англ-иран согушу (1856–1857-жж.). Ирандын маданияты.

***27-сабак:* § 26. Япония** *(1 саат)*

Бытырандылыкты жоюу жана борбордошкон мамлекетти түзүү. Токугава сёгундугу. Өлкөнүн обочолунуусу. 1868-ж. Революция. Япон модернизациясынын өзгөчөлүктөрү. Япониянын Ыраакы Чыгыштагы эң кубаттуу дөөлөткө айланышы. Япониянын маданияты.

***28-сабак:* § 27. Кытай XVII к. аягы – XX к. башында** *(1 саат)*

Кытай манчжурлардын бийлиги астында. Кытайдын жабылышы. Апийим согуштары жана Кытайдын батыш дөөлөттөрүнүн жарым колониясына айланышы. Тайпиндер кыймылы. Демокриятиялык кыймылдардын пайда болушу. Сунь Ятсен. Кытай маданияты.

***29-сабак:* § 28. Индия XVIII к. аягы – XIX к. башында** *(1 саат)*

Улуу Моголдор дөөлөтү жана анын кулашы. Европалыктардын келиши. Британ колониялык үстөмдүгүнүн орношу. 1857–1859-жж. сыпайлардын көтөрүлүшү. Индия XIX к. экинчи жарымында. Индиянын маданияты.

***30-сабак:* § 29. Африка** *(1 саат)*

Африканын жаңы доордогу саясий картасы. Колониялык басып алуулар. Колонизаторлорго каршы чыгуулар.

***31-сабак:* § 30. XIX–XX кк. эл аралык мамилелер** *(1 саат)*

Улуу дөөлөттөрдүн колониялык империясы. Дүйнөнү бөлүштүрүү үчүн күрөштүн башталышы. Улуу дөөлөттөрдүн аскердик-саясий союздарынын түзүлө башташы. XX к. башындагы Европа мамлекеттеринде милитаризмдин күч алышы.

***32–33-сабактар:* § 31. XVIII к. аягы – XIX к. башында маданияттын өнүгүшү** *(2 саат)*

Өнөр жайындагы илимий-техникалык прогресс. Айыл чарбасы. Транспорт жана байланыштын өнүгүшү. Көркөм маданият: романтизмден реализмге карай. Адабият. Театр. Живопись. Архитектура.

***34-сабак:* Жыйынтыктап кайталоо. Тестирлөө** *(1 саат)*

**Авторлор:** ***А. К. Дөталиев, М. К. Иманкулов, Ө. Б. Саалаев.***

# II БӨЛҮК.
# КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ
***(жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)***

## I глава. КЫРГЫЗДАР КОКОН ХАНДЫГЫНЫН КУРАМЫНДА

***1-сабак:* § 1. Кокон хандыгы жана Кыргызстандын түштүгүнүн хандыкка бириктирилиши** *(1 саат)*

Кыргызстандын түштүгүн хандыкка бириктирүүнүн жүрүшү. Кетмен-төбөлүк кыргыздарды каратуу. Кыргыздардын хандыктын саясий турмушуна катышуусу.

***2-сабак:* § 2. Кыргызстандын түндүгүнүн Кокон хандыгына бириктирилиши. Кыргыз-орус элчилик байланыштары** *(1 саат)*

Кокондук аскерлердин XIX к. 20–30-жж. баскынчылык жортуулдары. Кокондук чептердин курулушу. Кыргызстандын түштүгүнүн Россия менен элчилик алакалары.

***3-сабак:* § 3. Кыргызстандын Кокон хандыгынын тушундагы саясий жана социалдык-экономикалык абалы** *(1 саат)*

Эзүүнүн түрлөрү. Алык-салык системасы. Кыргызстандын калкы. Саясий абалы. Чарбасы. Дыйканчылыгы. Отурукташуу. Кол өнөрчүлүгү. Кен иштетүү. Феодалдык мамилелердин өзгөчөлүктөрү.

## II глава. ТҮШТҮК ТЕҢИР-ТОО ЭЛДЕРИНИН ЦИНЬ-МАНЧЖУР ҮСТӨМДҮГҮНӨ КАРШЫ БОШТОНДУК КҮРӨШҮ

***4-сабак:* § 4. Чыгыш түркстандык жергиликтүү калкты циндик бийликтердин улуттук эзүүсүнүн күчөшү** *(1 саат)*

Цинь империясынын үстөмдүгүнүн орношу. Жергиликтүү калктын каршылыгы. Жергиликтүү элди башкаруу системасы. Таранчы. XVIII к. 50–60-жж. Кыргыз-кытай мамилелери. Зия ад-Диндин көтөрүлүшү жана ага кыргыздардын катышуусу.

***5-сабак:* § 5. Жааңгер кожонун (Жахангир) кыймылы жана кыргыздар. Суранчы** *(1 саат)*

Жааңгер кожо. «Суранчы бийдин (буруттун) козголоңу».

Жааңгер кожого алайлык кыргыздардын колдоо көрсөтүшү. Нарындык кыргыздардын кыймылга катышуусу. Атантай. Тайлак баатыр. Элдик кыймылдын күч алышы. Чечүүчү кармаштар. Элдик кыймылдын жеңилиши, анын себептери жана мааниси.

## III глава. КЫРГЫЗДАРДЫН XIX к. ОРТОСУНДАГЫ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮ. ФЕОДАЛДЫК ИЧ АРА ЧЫР-ЧАТАКТАР

***6-сабак:* § 6. Кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшү** *(1 саат)*

Кыргызстанда Кокон аким-бектеринин эзүүсүнүн (залимдигинин) күчөшү. Кокон хандыгына каршы Атантай менен Тайлак баатырдын көтөрүлүшү. Быча салгылашы. Куртканы ээлөө. Тайлак баатырдын өлүмү. Жер-жерлердеги элдик көтөрүлүштөр. XIX к. биринчи жарымында кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшүнүн тарыхый мааниси.

***7-сабак:* § 7. Кыргызстандын түндүгүндөгү уруулар аралык чыр-чатактар. Боромбай бий. Ормон хан** *(1 саат)*

Уруулар аралык чыр-чатактардын себептери жана салакалары. Сарыбагыш-саяк чатагы. Бугу-саяк чатагы. Ормондун хан көтөрүлүшү.

***8-сабак:* § 8. Кенесары Касымовдун (хан Кене) чапкынына каршы көз карандысыздык үчүн күрөш** *(1 саат)*

Кенесарынын баскынчылык жортуулдарынын себептери жана өбөлгөлөрү. Элчилердин иш-аракеттери. Кыргыздардын хан Кененин талабына жообу. Хан Кененин чапкыны. Жортуулдун башталышы. Жаманкара баатырдын өлүмү. Ормон хандын согуштук искусствосу («Ормон опуза»). Май-Төбө, Мыкан салгылаштары.

***9-сабак:* § 9. Кокондук төрөлөргө каршы 40–50-жж. кыргыздардын кыймылы** *(1 саат)*

Ысык-Көлдөгү Кококн чептерин талкалоо аракеттери. Алай, Ош аймагындагы элдик кыймылдар. Нарындык кыргыздардын кыймылы. Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү элдик кыймылдар. Кыргыз-казак кыймылы.

***10-сабак:* § 10. Кокон хандыгында феодалдык ич ара жаңжалдардын курчушу** *(1 саат)*

Хандыктагы ич ара жаңжалдардын өбөлгөлөрү жана себептери. Хан сарайындагы так талашкан чыр-чатактын 40-жж. күч алышы. Шералы хандын бийликке келиши. Нүзүп миңбашы. Ажыбек датка. Мусулманкулдун аталык аталышы. Кудаяр хандын такка отургузулушу.

***11-сабак:* § 11. Кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышы** *(1 саат)*

Бугу уруусунун Россияга ык алышынын себептери. Бугу уруусунун

Батыш Сибирдеги орус бийлиги менен элчилик байланыштары. Бугу уруусунун Россия бийлигине баш ийүүсү.

## IV глава. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН XIX к. БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ МАДАНИЯТЫ

***12-сабак:*** **§ 12. Оозеки жана жазма маданият. Музыка** *(1 саат)*

Дастандар. «Манас» эпосу. Кенже эпостор. Төкмө акындык өнөр. Обондуу ырлар. Музыка. Күү.

***13-сабак:*** **§ 13. Элдик билимдер. Диний ишенимдер. Элдик оюн-зооктор. Заттык маданият** *(1 саат)*

Элдик билимдер. Диний ишенимдер. Санжыра. Заттык маданият.

## V глава. КЫРГЫЗСТАН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КОЛОНИЯСЫ

***14-сабак:*** **§ 14. Түндүк кыргыз урууларынын Россияга каратыла башташы** *(1 саат)*

Түндүк Кыргызстандын Россиянын курамына киргизилишинин өбөлгөлөрү. Россиянын саясий жана экономикалык кызыкчылыктары. Орто Азиядагы англ-орус атаандашуусу. Бугу-сарыбагыш чатагынын ырбашы.

***15-сабак:*** **§ 15. Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү кыргыз урууларынын Россия империясынын кол алдында калышы** *(1 саат)*

Россиянын Жети-Сууну толук каратуу аракетинин күчөшү. Падыша аскерлеринин 50-жж. аягы – 60-жж. башындагы жортуулдары. Г. А. Колпаковский. Орус аскерлеринин Чүй өрөөнүнө алгачкы жүрүшү. Токмок жана Бишкек чептерин ээлөө. Узун-Агач салгылашы. Жантай хан. Шабдан баатыр. Байтик баатырдын көтөрүлүшү. Орус аскерлеринин Чүй өрөөнүнө жаңы жортуулу. Таластык кыргыздарды каратуу.

***16-сабак:*** **§ 16. Ички Теңир-Тоо кыргыздарын каратуу** *(1 саат)*

Ички Теңир-Тоо кыргыздарын каратуу. Орус кошуунунун Ички Теңир-Тоого жүрүшү. Эки-Чаттагы буктурма. Үмөтаалы. Осмон датка. Ички Теңир-Тоону Россияга биротоло каратуунун аякташы.

***17-сабак:*** **§ 17. XIX к. 60-жж. түштүк кыргыздарынын коомдук-саясий абалы** *(1 саат)*

Кокон хандыгындагы саясий абалдын начарлашы. Алымбек датка. Алымбек датканын саясий иштердүүлүгү. Хан ордосунда ич ара чатактын ырбашы. Алымкул аталыктын мамлекеттик ишмердүүлүгү (1829–1865-жж.). Генерал М. Г. Черняевдин басып алуучулук жортуулдары. Жортуулга даярдык көрүү. Жортуулдун башталышы. Чаткалдык кыргыздарды каратуу. Чымкент, Ташкент салгылаштары. Кокон хандыгынын Россияга вассалдык көз карандылыгы.

## VI глава. ЧЫГЫШ ТҮРКСТАНДАГЫ ЭЛДЕРДИН ЦИНЬ ИМПЕРИЯСЫНА КАРШЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛЫ

***18-сабак:*** **§ 18. Ганьсу, Шэньси, Синьцзян провинцияларындагы дунгандардын көтөрүлүштөрү. Йакуб бек жана анын «Жети шаар» мамлекети** *(1 саат)*

Чыгыш Түркстандын калкынын абалынын оорлошу. Көтөрүлүштүн башталышы. Көтөрүлүштүн күч алышы. «Жети шаар» мамлекетинин түзүлүшү. Кыргыздардын көтөрүлүшкө катышуусу.

***19-сабак:*** **§ 19. Дунган, калмак жана уйгур элдеринин Жети-Суугa журт которуулары. Бий Янху** *(1 саат)*

Сарт-калмактардын Ысык-Көлгө көчүшү. Дунгандардын жаңы журтка көчүшү. Келгиндердин орун алышы, административдик жайгашуусу.

***20-сабак:*** **Кайталоо** *(1 саат)*

***21-сабак:*** **Тестирлөө** *(1 саат)*

## VII глава. КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮН РОССИЯНЫН КУРАМЫНА БИРИКТИРҮҮ

***22-сабак:*** **§ 20. Кокон көтөрүлүшү (1873–1876-жж.)** *(1 саат)*

Көтөрүлүштүн себептери. Көтөрүлүштүн башталышы жана жүрүшү (биринчи баскыч, 1873–1874-жж.). Элдик кыймылдын күч алышы. Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астындагы Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү. Пулат хан. Момун Шамурзак уулунун жетекчилиги астындагы көтөрүлүш. Чаткалдагы көтөрүлүш.

***23-сабак:*** **§ 21. Элдик кыймылдын экинчи этабы** *(1 саат)*

Элдик кыймылдын жаңы толкуну. Лейлектик кыргыздардын кыймылы. Насырэддин хандын бийлиги. Пулаттын хандын хан көтөрүлүшү. Көтөрүлүштүн басылышы. Кокон хандыгынын жоюлушу.

***24-сабак:*** **§ 22. Кыргызстандын түштүгүн Россияга каратуунун толук аякташы** *(1 саат)*

